КЫРГЫЗ БАНКЫ

# ЖЫЛДЫК ОТЧЕТ 2022

Бишкек-2023

*Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2022-жыл үчүн жылдык отчету*

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2022-жыл үчүн жылдык отчету Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 11-августундагы №92 "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын 50 жана 64-беренелерине ылайык даярдалган.

Улуттук банктын 2022-жыл үчүн жылдык отчету Улуттук банк Башкармасынын 2023-жылдын 15-мартындагы №2023-П-10/16-3-(ВД) токтому менен бекитилген.

**Редакциялык кеңеш:**

| | |
|---|---|
| Төрага | Айбалаева А.М. |
| Кеңештин мүчөлөрү: | Сейткасымова Р.Р. |
| | Абдырахманов М.И. |
| | Абылгазиева А.Б. |
| | Акулуева М.Ш. |
| | Карабаева А.М. |
| | Мамбеткул кызы А. |
| | Сарыажиев Э.А. |
| Жооптуу катчы | Сырдыбаева Н.М. |

Сандарды тегеректөөдөн улам, акыркы катардагы суммалар дал келбей калышы мүмкүн.

Басылманы Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын уруксаты менен гана кайра басууга уруксат берилет, ал эми цитата келтирүүдө булагын милдеттүү түрдө көрсөтүү талап кылынат.

© Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, 2023-жыл.

Басылманын мазмунуна жана аны таркатууга байланыштуу суроолор менен 720001, Бишкек шаары, Чүй проспекти, 168 дареги боюнча жайгашкан Улуттук банктын Финансы статистикасы жана маалымдоо башкармалыгынын басылмалар бөлүмүнө кайрылуу зарыл.

Телефон: (+996 312) 61 08 59
Электрондук почта: nsyrdybaeva@nbkr.kg
www.nbkr.kg

«M-MAXIMA» ЖЧК тарабынан калыпка салынган жана басылып чыгарылган.
Бишкек ш., Тыныстанов көч.,197/1
Тиражы: 200 нуска

# МАЗМУНУ

## 1-китеп

**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын төрагасынын кириш сөзү...............................5**

**I. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН 2022-ЖЫЛДАГЫ ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ**

1-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭКОНОМИКАСЫНЫН 2022-ЖЫЛДАГЫ ӨНҮГҮШҮ 8

1.1. Экономиканын реалдуу сектору....................................8

1.2. Мамлекеттик финансы сектору..................................10

1.3. Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми.................12

**II. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН 2022-ЖЫЛДАГЫ ИШИ**

2-ГЛАВА. АКЧА-КРЕДИТ САЯСАТЫ .........................18

2.1. Акча-кредит саясатынын максаттары жана милдеттери .........................................................................19

2.2. Акча-кредит саясатын ишке ашыруу .........................19

2.2.1. Ачык рынокто ишке ашырылган операциялар....21

2.2.2. Банктар аралык акча рыногунда ишке ашырылган операциялар ................................................22

2.2.3. Банктарды кайра каржылоо операциялары .........24

2.2.4. Ички валюта рыногунда ишке ашырылган операциялар .....................................................................25

2.2.5. Милдеттүү камдык талаптар ..............................27

2.3. Эл аралык резервдерди тескөө ..................................28

2.4. Акча-кредит саясатынын натыйжалары ....................29

3-ГЛАВА. ФИНАНСЫ-КРЕДИТ УЮМДАРЫНЫН ӨНҮГҮШҮ ЖАНА АЛАРДЫН ИШИН ЖӨНГӨ САЛУУ ...........................................................................33

3.1. Коммерциялык банктардын өнүгүшү жана алардын ишин жөнгө салуу..............................................................33

3.1.1. Банк системасынын өнүгүшү боюнча баяндама.33

3.1.2. Коммерциялык банктардын ишин лицензиялоо .43

3.1.3. Коммерциялык банктардын ишин көзөмөлдөө...44

3.1.4. Таасир этүү чаралары ..............................................46

3.1.5. Коммерциялык банктардын ишин көзөмөлдөө жана жөнгө салуу методологиясы ..................................47

3.2. Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын өнүгүшү жана алардын ишин жөнгө салуу ......................................49

3.2.1. Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын өнүгүшү боюнча баяндама............................................49

3.2.2. Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын ишин лицензиялоо .......................................................................54

3.2.3. Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын ишин көзөмөлдөө.........................................................................55

3.2.4. Таасир этүү чаралары ..............................................55

3.2.5. Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын ишин көзөмөлдөө жана жөнгө салуу методологиясы ............56

3.3. Керектөөчүлөрдүн укугун коргоо...............................57

4-ГЛАВА. ТӨЛӨМ СИСТЕМАСЫ .................................58

4.1. Төлөм системасын өнүктүрүү.....................................58

4.1.1. Нак эмес эсептешүүлөр .......................................58

4.1.2. Нак эмес төлөмдөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча иш-чаралар..........................................................63

4.1.3. Төлөм системаларынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишин өнүктүрүү жана жөнгө салуу.........................................................................64

4.1.3.1. Төлөм системаларынын операторлоруна жана төлөм уюмдарына лицензия берүү жана каттоо............64

4.1.3.2. Төлөм системаларынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишин көзөмөлдөө.................64

4.1.3.3. Таасир этүү чаралары .........................................65

4.1.3.4. Төлөм системаларынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишин көзөмөлдөө жана жөнгө салуу методологиясы ..........................................65

4.1.4. Төлөм системасынын ишин көзөмөлдөө (оверсайт)........................................................................66

4.1.5. Санарип төлөм технологияларынын өнүгүшү ...66

4.2. Нак акча жүгүртүлүшү ...............................................68

4.2.1. Нак акча менен жүргүзүлгөн операциялар..........68

4.2.2. Коллекциялык эстелик монеталар.......................70

4.3. Аффинаждалган өлчөнгөн куймалар .......................71

5-ГЛАВА. ЭЛ АРАЛЫК КЫЗМАТТАШУУ ЖАНА КООМЧУЛУК МЕНЕН ИШ АЛЫП БАРУУ ...............73

5.1. Эл аралык кызматташуу..............................................73

5.2. Коомчулук менен иш алып баруу жана калктын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу.........................76

6-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН ИШИ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТТАР .......................................81

6.1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын түзүмү ...........................................................81

6.2. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2022-жылдагы иши ...............................91

6.3. Банк мыйзамдарын өркүндөтүү..................................94

6.4. Финансылык консультанттын милдетин аткаруу .....95

6.5. Ички аудит жана ички контролдоо системасы...........99

**III. ТИРКЕМЕЛЕР**

1-тиркеме. 2022-жылы Улуттук банктын ишинде болуп өткөн негизги окуялар...........................................102

2-тиркеме. Статистикалык маалыматтар (таблицалар жана графиктер) ..........................................112

3-тиркеме. Улуттук банктын мезгилдүү басылмалары жана башка маалымат каражаттары.........139

4-тиркеме. Кыскартылган сөздөрдүн тизмеси ................145

***Урматтуу окурмандар!***

*2022-жылы Кыргыз Республикасынын экономикасынын өнүгүүсү дүйнөлүк геосаясий жагдай, дүйнө жүзү боюнча азык-түлүк менен энергия продукцияларына баалардын өсүшү, тышкы соодадагы өзгөрүүлөр менен шартталып, мурда болуп көрбөгөндөй тышкы факторлордун таасири астында уланган. Бир кылка болбогон тышкы экономикалык шарттар менен катар COVID-19 пандемиясынын дагы деле уланып келе жаткан кесепеттери Улуттук банк тарабынан жүргүзүлгөн акча-кредит саясатына корректировкаларды киргизүүнү шарттады.*

*2022-жылы Улуттук банк тарабынан жүргүзүлгөн акча-кредит саясатынын артыкчылыктуу багыты Кыргыз Республикасында макроэкономикалык туруктуулукту сактоо үчүн баалардын туруктуулугун камсыз кылуу болду. Мында Улуттук банктын акча-кредит саясаты инфляциянын жогорку арымда өсүшүн басаңдатууга, бир жагынан тышкы экономикалык таасирлерди төмөндөтүүгө, экинчиден экономиканын калыбына келүүсүнө колдоо көрсөтүүгө багытталган. Өз убагында көрүлгөн акча-кредит саясатынын чаралары инфляциялык басымдын экинчи жолку берген таасирлерин төмөндөтүү менен инфляциянын монетардык факторлорун чектөөгө мүмкүндүк берди.*

*Тышкы таасирлерден улам, өлкөнүн экономикалык коопсуздугун камсыз кылууга, кризистик көрүнүштөрдүн кесепеттерин төмөндөтүүгө жана финансы сектордо туруктуулукту сактоого багытталган бир катар кризиске каршы чаралар көрүлдү.*

*Улуттук банк өзгөрүлмөлүү алмашуу курсунун режимин колдонууну уланткан. Улуттук банктын иши финансы жана төлөм системасынын туруктуулугун мындан ары бекемдөөгө, натыйжалуулугун, коопсуздугун жана ишенимдүүлүгүн камсыз кылууга багытталган. Банктык кызмат көрсөтүүлөрдү санарип трансформациялоону өнүктүрүүгө, анын ичинде санарип чөйрөдө кардарлардын финансы-кредит уюмдары менен өз ара коопсуз иш алып баруу ыкмаларын аныктоого өзгөчө көңүл бурулган.*

*Өлкөнүн финансы сектору 2022-жыл ичинде туруктуу өнүгүүсүн уланткан, негизги көрсөткүчтөрдүн алгылыктуу өсүш динамикасы орун алып, финансылык ортомчулук деңгээлин мындан ары арттыруу мүмкүнчүлүктөрүн көрсөтө алган.*

*Кыргыз Республикасынын төлөм системасы туруктуу режимде иш жүргүзгөн. 2022-жылы Накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн арттыруу боюнча мамлекеттик программанын үчүнчү этабын ишке ашыруу аяктаган, анын алкагында инновациялык төлөм инструменттери ишке киргизилип, калктын, анын ичинде республиканын региондорунда, банк жана төлөм кызмат көрсөтүүлөрүн пайдалануу мүмкүнчүлүгүн кеңейтүүгө багытталган иш-чаралар аткарылды.*

*Эл аралык резервдерди толуктоо жана алтын түрүндөгү запастарды топтоо максатында Улуттук банк отчеттук жыл ичинде Кыргыз Республикасынын аймагында өндүрүлгөн алтынды улуттук валютада сатып алууну уланткан. Улуттук банктагы алтын түрүндөгү активдин жалпы көлөмү 2022-жылдын жыйынтыгы боюнча 44,41 тонна аффинаждалган алтынды түзүп, рекорддук мааниге жеткен.*

*2022-жылдын күз айларында болуп өткөн кайгылуу окуяларга байланыштуу Улуттук банк жана банк сектору Баткен жана Ош областтарындагы куралдуу кагылышуу учурунда жабыркаган финансы-кредит уюмдарынын кардарларына жана Баткен областын өнүктүрүүгө колдоо көрсөттү.*

*Отчеттук жылдын маанилүү учурларынын бири болуп Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын укуктук статусун, иш максатын, функцияларын жана милдеттерин, ошондой эле көз карандысыздыгын аныктаган Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын, ошондой эле банк ишин, банк эмес финансы-кредит уюмдарынын жана Улуттук банктын көзөмөлү алдындагы башка юридикалык жактардын ишин жүзөгө ашыруу маселелерин жөнгө салган Кыргыз Республикасынын "Банктар жана банк иштери жөнүндө" мыйзамынын күчүнө кириши саналат. Ушуга байланыштуу Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларын жаңы банк мыйзамдарына ылайык келтирүү боюнча ири иштер жасалды.*

*2022-жыл Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын түзүлгөндүгүнүн 30 жылдыгы менен дагы эсте калды. Кыргызстан Республикасынын Жогорку Советинин 1992-жылдын 6-мартындагы Кыргызстан Республикасынын Мамлекеттик банкын Кыргызстан Республикасынын Улуттук банкына кайра өзгөртүп түзүү жөнүндөгү чечими көз карандысыз акча-кредит саясатын жүргүзүү, улуттук валютаны киргизүү, улуттук төлөм жана банк системаларын калыптандыруу жана өнүктүрүү үчүн негиз болгон.*

*Бул отчетту даярдоодо Улуттук банк, мурдагыдай эле, ачык-айкындуулук, тактык жана маалыматтарды толук чагылдыруу принциптерине таянды. Жылдык отчет өлкөнүн борбордук банкынын ага жүктөлгөн милдеттерди аткаруу боюнча ишин жана көз карандысыз эл аралык аудит тарабынан тастыкталган финансылык отчетту камтыйт.*

**Төрага** **К. Боконтаев**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН 2022-ЖЫЛДАГЫ ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ

# 1-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭКОНОМИКАСЫНЫН 2022-ЖЫЛДАГЫ ӨНҮГҮШҮ

2022-жылы Кыргыз Республикасынын экономикасына дүйнөлүк геосаясий кырдаалга, глобалдуу инфляциянын тездешине, дүйнөлүк товардык-чийки зат рынокторундагы баалардын өзгөрүлмөлүүлүгүнө жана тышкы соода операцияларынын мүнөзүнүн өзгөрүшүнө байланыштуу, тышкы экономикалык шарттарда тобокелдиктердин жогорулашы таасирин тийгизген.

Мындай шарттарда Кыргыз Республикасынын экономикасы чарба жүргүзүүчү субъекттердин экономикалык жигердүүлүгүнүн калыбына келүү тенденциясын сактоо менен алгылыктуу өсүш арымын көрсөткөн. Өлкөнүн бюджет-салык саясаты социалдык багытын уланткан жана салыктык администрлөөнү жакшыртуу, ошондой эле салык жана бажы жол-жоболоруна санариптик жаңы чечимдерди киргизүү иштери жүргүзүлгөн. Азык-түлүк жана азык-түлүктөн башка товарларга баанын кыйла жогорулашы Кыргыз Республикасындагы инфляциянын түптөлүшүнүн негизги фактору болгон. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жана Министрлер Кабинети тарабынан баа туруктуулугун жана макроэкономикалык туруктуулукту камсыз кылуу үчүн жигердүү чаралар алдын ала көрүлгөн.

Экономиканын тышкы сектору тышкы факторлордун таасиринде кыйла өзгөрүүлөргө дуушар болгон. 2022-жылдын жыйынтыгы боюнча күндөлүк операциялар эсебинин сальдосу 5 426,8 млн АКШ доллары өлчөмүндө терс түптөлгөн, бул ИДӨгө карата 49,3 пайызды түзөт. Күндөлүк эсептин тартыштыгы 793,5 млн АКШ доллары өлчөмүндө капитал менен операциялар эсеби жана финансылык эсеп боюнча капиталдын таза агылып кирүүсү менен коштолгон. Төлөм теңдеминин жалпы сальдосу терс белгиде калыптанган. 2022-жылдын акырына карата дүң эл аралык резервдердин көлөмү товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн келечектеги импортун 3,2 ай камсыздоо үчүн жетиштүү болгон.

## 1.1. Экономиканын реалдуу сектору[1]

*ИДӨ*

Дүйнөлүк экономиканын басаңдашы жана геосаясий кырдаал менен шартталган тышкы факторлордун күчөшүнө карабастан, Кыргыз Республикасындагы экономикалык жигердүүлүк 2022-жыл ичинде COVID-19 пандемиясынын терс таасири төмөндөшүнө жараша калыбына келүүсүн уланткан.

Кыргыз Республикасында экономиканын өсүш арымы отчеттук жылы 7,0 пайыз деңгээлинде катталган жана "Кумтөр" алтын кенин казып алуу ишканаларын эске албаганда, ИДӨнүн өсүшү 5,9 пайызды түзгөн. 2022-жылдын жыйынтыгында ИДӨнүн номиналдык көлөмү 919,4 млрд сом өлчөмүндө түптөлгөн.

Экономиканын дээрлик бардык секторлору (кызмат көрсөтүүлөр, өнөр жай жана айыл чарба сектору) 2021-жылдагы тенденцияны улантуу менен экономиканы өсүшүнө оң салымын кошкон. Суу жана электр энергиясы менен камсыз кылуу тармактары суунун тартыштыгынан улам төмөндөөнү көрсөткөн, алардын ИДӨнүн жалпы көлөмүндөгү салыштырма салмагы бир аз эле болгон. Ал эми ички суроо-талаптын жогорулашы, анын ичинде реалдуу эмгек акылардын өсүшү эсебинен көбөйүшү байкалган.

ИДӨ дефлятору 2021-жылдагы 15,8 пайызга салыштырмалуу 16,1 пайыз деңгээлинде оң мааниде түптөлгөн.

[1] УСКнын маалыматы боюнча (дүң кошулган нарк боюнча: 2022-жыл үчүн – алдын ала, 2021-жыл үчүн – такталган маалыматтар келтирилген).

**1.1.1-таблица.**

Ички дүң өнүмүнүн түзүмү

| | Салыштырма салмак, *пайыздар* | | Өсүш арымы, *пайыздар* | | Өсүшкө салым, *пайыздык пункттар* | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | январь-декабрь | | январь-декабрь | | январь-декабрь | |
| | 2021-жыл | 2022-жыл | 2021-жыл | 2022-жыл | 2021-жыл | 2022-жыл |
| Айыл чарбасы, токой чарбасы жана балык уулоочулук | 13,8 | 12,1 | -4,6 | 7,3 | -0,6 | 1,0 |
| Өнөр жай | 17,9 | 16,6 | 6,7 | 12,2 | 1,3 | 2,2 |
| *Пайдалуу кендерди казып алуу* | 2,9 | 2,5 | 20,0 | 8,2 | 0,2 | 0,2 |
| *Иштетүү өндүрүшү (Кайра иштетүү өнөр жайы)* | 12,9 | 12,4 | 6,5 | 16,4 | 0,9 | 2,1 |
| *Электр энергиясы, газ, буу жана тазаланган аба менен камсыздоо (жабдуу)* | 1,7 | 1,5 | 1,1 | -8,3 | 0,0 | -0,1 |
| *Суу менен камсыздоо, калдыктарды тазалоо, иштеп чыгуу аркылуу кайра пайдалануучу чийки затты алуу* | 0,4 | 0,2 | 22,7 | -8,7 | 0,1 | -0,0 |
| Курулуш | 7,8 | 7,4 | -4,9 | 8,0 | -0,5 | 0,6 |
| Кызмат көрсөтүү | 47,2 | 49,1 | 8,4 | 4,8 | 3,9 | 2,3 |
| *Дүң жана чекене соода; автоунааларды жана мотоциклдерди оңдоо* | 17,4 | 17,5 | 16,4 | 7,7 | 2,7 | 1,3 |
| *Транспорт иш чөйрөсү жана жүктөрдү сактоо* | 3,9 | 3,6 | 18,3 | 10,1 | 0,6 | 0,4 |
| *Маалымат жана байланыш* | 2,8 | 2,5 | 11,3 | 5,8 | 0,3 | 0,2 |
| *Жана башкалар* | 23,1 | 25,5 | 1,4 | 1,7 | 0,3 | 0,4 |
| Азык-түлүктөн таза (субсидияларды эсептен алып салуу менен) салыктар | 13,3 | 14,8 | 19,4 | 7,0 | 2,1 | 0,9 |
| **ИДӨ** | **100,0** | **100,0** | **6,2** | **7,0** | **6,2** | **7,0** |

*Булагы: Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети, Улуттук банктын эсептөөлөрү*

*Өнөр жай*

2022-жылдын жыйынтыгында өнөр жай секторунда өсүш 12,2 пайызды түзгөн, бул жалпы ИДӨнүн өсүшүнө 2,2 пайыздык пункт өлчөмүндө салым кошкон. ИДӨнүн түзүмүндө өнөр жайдын салыштырма салмагы 2021-жылга салыштырмалуу 1,3 пайыздык пунктка төмөндөө менен 2022-жылы 16,6 пайызды түзгөн. Өнөр жайдагы өсүшкө, негизинен, “Кумтөр” алтын кенин казып алуу ишканаларындагы иштеп чыгуу өндүрүшү түрткү болгон, ал 22,5 пайыз өсүшкө ээ болгон. Ал эми “Кумтөр” алтын кенин казып алуу ишканаларын эске албаганда, өнөр жай өндүрүшүнүн көлөмү 9,5 пайызга жогорулаган.

**1.1.1-график.**

ИДӨнүн экономикалык иштин түрлөрү боюнча түзүмү




*Айыл чарбасы*

Отчеттук жылы айыл чарбасындагы өндүрүштүн көлөмү дан өсүмдүктөрүн өндүрүү көлөмүнүн дээрлик эки эсеге көбөйүшү эсебинен 2021-жылдын көрсөткүчүнө салыштырганда 7,3 пайызга өскөн, ал эми 2021-жылы айыл чарбасынын 4,6 пайызга төмөндөшү байкалган. 2022-жылы айыл чарбасы ИДӨнүн өсүшүнө 1,0 пайыздык пункт өлчөмүндө оң салымын кошкон, мында аталган тармактын ИДӨнүн түзүмүндөгү салыштырма салмагы 12,1 пайызды түзүү менен өткөн жылга салыштырмалуу 1,7 пайыздык пунктка төмөндөгөн.



МАЗМУНУ

*Соода жана кызмат көрсөтүү чөйрөсү*

Экономика тармактарынын ичинен кызмат көрсөтүүлөр сектору отчеттук жыл ичинде реалдуу мааниде 4,8 пайызга көбөйүү менен ИДӨнүн өсүшүнө 2,3 пайыздык пункт өлчөмүндө олуттуу салымын кошкон. Кызмат көрсөтүүлөр секторунун өсүшү транспорт ишинин көлөмүнүн 10,1 пайызга жана соода жүгүртүү көлөмүнүн 7,7 пайызга көбөйүшү менен шартталган. Кызмат көрсөтүүлөр секторунун ИДӨнүн түзүмүндөгү салыштырма салмагы мурдагыдай эле олуттуу бойдон калган, ал отчеттук жылы 1,9 пайыздык пунктка, 49,1 пайызга чейин көбөйгөн.

*Курулуш*

Курулушта 8,0 пайызга өсүш белгиленген, бул 2022-жылы башкалардын ичинен социалдык-маданий багыттагы объекттердин пайдаланууга берилиши менен шартталган. Бул сектордун ИДӨнүн калыптанышына оң салымы 2021-жылдагы 0,5 пайыздык пункт өлчөмүндөгү терс салымга салыштырмалуу 0,6 пайыздык пункт деңгээлинде калыптанган.

*Инвестициялар*

2022-жылы негизги капиталга инвестициялардын көлөмү 3,0 пайызга көбөйгөн, бул ички жана тышкы булактар эсебинен каржыланган инвестициялардын, тиешелүүлүгүнө жараша, 1,9 жана 6,4 пайызга өсүшү менен камсыздалган. Ички булактар эсебинен каржыланган инвестициялар, негизинен, республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен 1,6 эсеге көбөйгөн. Негизги капиталга инвестицияларды өздөштүрүү деңгээли иштеп чыгуу өндүрүшүнүн объекттерин курууга 1,4 эсе жана транспорттук иш объекттерин курууга жана жүк сактоого – 1,5 эсе өскөн.

## 1.2. Мамлекеттик финансы сектору[1]

*Бюджет-салык саясаты*

2022-жылы бюджет-салык саясаты өлкөдө экономикалык жигердүүлүктү калыбына келтирүү жана социалдык багытты улантуу шартында жүргүзүлгөн. Мамлекеттик чыгашалар саясатында калктын аялуу катмарына социалдык жардак көрсөтүүгө, бюджет чөйрөсүнүн кызматкерлеринин пенсиясын жана эмгек акысын жогорулатууга өзгөчө көңүл бурулган. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан Кыргыз Республикасынын бюджет жана салык боюнча мыйзамдарын, айрыкча, бюджеттин кирешесин көбөйтүү жана көмүскө экономиканы кыскартуу үчүн, мамлекеттик бюджетти пландаштырууну жакшыртуу, салык жана бажы жол-жоболорун санариптештирүү жана жөнөкөйлөтүү жагында өркүндөтүү иштери жүргүзүлгөн.

2022-жылы ИДӨгө карата мамлекеттик бюджеттин тартыштыгы 2021-жылдагы 0,2 пайыздан 1,1 пайызга жогорулаган. Бюджеттин баштапкы профицити[2] 0,5 млрд сом же ИДӨгө карата 0,1 пайыз өлчөмүндө түптөлгөн.

Мамлекеттик бюджеттин операциялык иштен түшкөн кирешелери отчеттук мезгилде 300,5 млрд сомду түзгөн, бул 2021-жылдын ушул көрсөткүчүнөн 43,2 пайызга көп. Кирешелер ИДӨгө карата 28,4 пайыздан 32,7 пайызга чейин өскөн. Кирешелер түзүмүнүн басымдуу үлүшүн ээлеген салыктык түшүүлөр (76,2 пайыз) 51,4 пайызга 229,0 млрд сомго чейин көбөйгөн. Салыктык кирешелердин олуттуу өсүшү, негизинен, КНСтен түшүүлөр (кирешелердин өсүшүнө салым 21,0 пайыздык пунктту түзгөн), кирешеден жана пайдадан салыктар (кирешелердин өсүшүнө салым 19,0 пайыздык пунктту түзгөн), анын ичинде өткөн жылдарга кошумча чегерүүлөрдү эске алуу менен Кыргыз Республикасынын минералдык-чийки зат базасын өнүктүрүүгө ар жылдык сумманы төлөөдөн улам, “Кумтор Голд Компани” ЖАКтан көлөмдүү салыктык түшүүлөр менен камсыздалган.

[1] Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин алдын ала маалыматтары.

[2] Баштапкы тартыштык/профицит – бул мамлекеттик бюджеттин кирешелеринин мамлекеттик бюджеттин чыгашаларынан артышы, мында мамлекеттик карызды тейлөө боюнча пайыздык төлөмдөрдүн суммасы эске алынбайт.

***1.2.1-график.***

Мамлекеттик бюджетке салыктык түшүүлөр түзүмү







Бюджетке салыктык эмес түшүүлөр 52,1 млрд сомду түзүп, 15,9 пайызга көбөйгөн, анын ичинен 11,1 пайызы Улуттук банктын пайдасынан чегерүүлөрдүн эсебинен калыптанган. Расмий трансферттер 41,9 пайызга өсүү менен 19,5 млрд сомду түзгөн.

Отчеттук жылы мамлекеттик бюджеттин операциялык ишке чыгашалары 224,6 млрд сомду түзгөн, бул 2021-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнөн 35,8 пайызга көп. 2022-жылы ИДӨгө карата чыгашалар 2021-жылдагы 22,3 пайыздан 24,4 пайызга чейин көбөйгөн. Чыгашалар түзүмү функционалдык классификациясына ылайык анчалык өзгөргөн эмес. “Саламаттыкты сактоо” статьясын (-10,1 пайыз) кошпогондо, калган бардык статьялар боюнча чыгашалардын өсүшү байкалган. Күндөлүк чыгашалар түзүмүндө “жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтар” (35,7 пайыз) жана “билим берүү” (28,6 пайыз) статьялары басымдуу бөлүктү ээлеген.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 28-мартындагы “Кыргыз Республикасынын бюджеттик чөйрөсүнүн кызматкерлеринин эмгек акы төлөө шарттарын өркүндөтүү жөнүндө” Жарлыгына ылайык, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан көрүлгөн чараларга байланыштуу, кызматкерлердин эмгегине төлөөгө мамлекеттик чыгашалар (47,4 пайызга, 96,1 млрд сомго[1] чейин) кыйла жогорулаган.

Финансылык эмес активдерди таза сатып алуу көлөмү 1,9 эсе, 86,3 млрд сомго чейин же ИДӨгө карата 9,4 пайызга (2021-жылы – ИДӨгө карата 6,3 пайыз) көбөйгөн.

*Мамлекеттик карызды тейлөө*

2022-жылдын акырына карата мамлекеттик тышкы карыз 4,5 млрд АКШ долларын же ИДӨгө карата 41,7 пайызды (2021-жылы – ИДӨгө карата 49,2 пайыз), ички карыз – 94,1 млрд сом же ИДӨгө карата 10,2 пайызды (2021-жылы – ИДӨгө карата 9,8 пайызды) түзгөн. Мамлекеттик карызды тейлөөгө республикалык бюджеттин чыгашалары 33,6 млрд сомду, анын ичинен пайыздык төлөөлөр 10,8 млрд сомду (ИДӨгө карата 1,2 пайыз) түзгөн.

*МКВ жана МКО рыногу*

Ички карыз алышууларды тартуу Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин кыска мөөнөттүү жана узак мөөнөттүү мамлекеттик баалуу кагаздарын (МКВ жана МКО) чыгаруу жана жайгаштыруу аркылуу жүргүзүлгөн. МКВ жана МКО баштапкы жайгаштыруу боюнча аукциондор Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин финансы агенти болуп саналган Улуттук банк тарабынан жүргүзүлгөн.

[1] Бюджеттик каражаттардын эсебинен.

Отчеттук мезгилде мамлекеттик баалуу кагаздар рыногунун кыска мөөнөттүү сегментинде катышуучулардын жигердүүлүгү төмөн болгон жана жүгүртүү мөөнөтү 12 айлык МКВ менен сунушталган. МКВ аукциондорунда сунуш жана суроо-талаптын көлөмү, тиешелүүлүгүнө жараша, 41,9 жана 81,0 пайызга кыскарган, ал эми МКВны сатуу көлөмү 78,0 пайызга (кошумча жайгаштырууну эске алганда) төмөндөгөн. МКВ рыногундагы орточо алынган кирешелүүлүк отчеттук жыл ичинде 1,1 пайыздык пунктка көбөйүү менен 8,3 пайызды түзгөн. 2022-жылдын акырына карата жүгүртүүдөгү МКВ көлөмү 213,8 млн сом өлчөмүндө катталган, бул 2021-жылдын көрсөткүчүнө салыштырмалуу 78,0 пайызга төмөн.

***1.2.1-таблица.***

МКВ жана МКО рыногунун баштапкы жайгаштыруу параметрлери

| | өлчөө бирдиги | 2021-жыл | 2022-жыл |
|---|---|---|---|
| МКВ | | | |
| Сунуштоо көлөмү | *млрд сом* | 2,8 | 1,7 |
| Суроо-талаптын көлөмү | *млрд сом* | 1,1 | 0,2 |
| Сатуу көлөмү (кошумча жайгаштырууну эске алуу менен) | *млрд сом* | 1,0 | 0,2 |
| Орточо салмактанып алынган кирешелүүлүк | *пайыздар* | 7,2 | 8,3 |
| МКО | | | |
| Сунуштоо көлөмү | *млрд сом* | 26,2 | 33,0 |
| Суроо-талаптын көлөмү | *млрд сом* | 20,4 | 24,1 |
| Сатуу көлөмү (кошумча жайгаштырууну эске алуу менен) | *млрд сом* | 22,3 | 22,6 |
| Орточо салмактанып алынган кирешелүүлүк | *пайыздар* | 11,1 | 15,0 |

2022-жылы ички карыз алышуу көлөмү, негизинен, МКО рыногунун эсебинен көбөйгөн. Аукциондордо МКОну сунуштоо көлөмү 26,1 пайызга көбөйгөн, ал эми инвесторлордун МКОго суроо-талабы 18,1 пайызга жогорулаган, МКОну сатуу көлөмү (кошумча жайгаштырууну эске алганда) 1,4 пайызга оң динамиканы көрсөткөн. Отчеттук мезгилде жүгүртүү мөөнөтү 10 жылдык МКОго суроо-талап көбүрөөк болгон, алардын үлүшү суроо-талаптын жалпы көлөмүнүн 37,3 пайызын түзгөн. Жүгүртүүдөгү МКО көлөмү отчеттук мезгил ичинде 25,6 пайызга көбөйүү менен 2022-жылдын акырына карата 88,7 млрд сом чегинде катталган. Кароого алынган мезгилде МКОнун жалпы орточо алынган кирешелүүлүгү 15,0 пайыз деңгээлинде түптөлгөн, бул 2021-жылдын ушул көрсөткүчүнөн 3,9 пайыздык пунктка жогору.

Чет өлкө валютасында номинацияланган жүгүртүү мөөнөтү 10 жылдык МКОну жайгаштыруу боюнча 1,0 пайыз орточо алынган кирешелүүлүк боюнча 52,0 млн АКШ доллары суммасына бир аукцион өткөрүлгөн. Бул активдин жүгүртүүдөгү көлөмү 52,0 млн АКШ долларын түзгөн.

## 1.3. Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми

Алдын ала маалыматтар боюнча күндөлүк операциялар эсебинин терс сальдосу 2022-жылы 5 426,8 млн АКШ доллары же ИДӨгө карата 49,3 пайыз деңгээлинде түптөлгөн (2021-жылы күндөлүк эсептин ИДӨгө карата терс сальдосу 8,7 пайыз болгон). Соода тартыштыгынын кыйла көбөйүшү, ошондой эле күндөлүк трансферттер балансынын начарлашы көрсөткүчтүн динамикасына аныктоочу таасирин тийгизген.

***1.3.1-график.***

Күндөлүк операциялар эсеби




*Тышкы соода*

Отчеттук жыл импорттун олуттуу өсүшү менен мүнөздөлгөн. Соода балансынын тартыштыгы 2021-жылга салыштырганда 2,8 эсе (6 823,9 млн АКШ долларына) көбөйгөн.

Товарлардын экспорту (ФОБ баасында) отчеттук жылы 21,2 пайызга кыскарып, 2 189,7 млн АКШ доллары[1] өлчөмүн түзгөн. Алтын экспортунун көлөмү өткөн жылга (1 411,9 млн АКШ доллары) салыштырмалуу кыйла төмөндөп, 13,1 млн АКШ доллары өлчөмүндө түптөлгөн. Алтынды эске албагандагы экспорт 59,4 пайызга өскөн жана 2 176,6 млн АКШ долларын түзгөн. Кийим-кечени, текстиль жибин, тирүү малды, кездемелерди, бут кийимди, жашылчаларды, мөмө-жемиштерин жана бир катар башка товарларды берүү көлөмүнүн көбөйүшү байкалган. Муну менен катар эле, тапталган айнек, баалуу металл кендеринин жана концентраттарынын, металл сыныгынын, тамеки жана товарлардын башка категорияларынын экспорту кыскаргандыгы белгиленген.

Отчеттук жылы, негизинен, кийим-кечени, текстиль жибин, жашылчаларды, мөмө-жемиштерин, кездемелерди жана бут кийимди берүү көлөмүнүн өсүшү эсебинен ЕАЭБ өлкөлөрүнө экспорттук берүүлөрдүн 81,7 пайызга көбөйүшү белгиленген.

Товарлардын импорту (ФОБ баасында) 2022-жылы 73,4 пайызга көбөйүү менен 9 013,6 млн АКШ долларын түзгөн. Ташылып келинген мунай заттарынын нарктык көлөмү берүүлөрдүн орточо бааларынын кыйла жогорулашынан улам, 15,8 пайызга өсүшү байкалган. Отчеттук жылы кездемелерди, слесардык жабдууну, сейфтерди жана карматуучу буюмдарды, автоунааларды, бут кийимдерди, кийим-кечекти жана башка товарларды берүү көлөмү да көбөйгөн. Муну менен катар эле, тирүү малдын, жүк ташуу үчүн жана атайын багыттагы автоунаалардын, тамеки жана бир катар башка товарлардын импорту кыскарышы белгиленген.

Ошол эле учурда ЕАЭБ өлкөлөрүнөн импорттук берүүлөр отчеттук мезгилде, негизинен, мунай заттарын жана керектөө багытындагы товарларды берүүнүн өсүшү эсебинен 17,4 пайызга көбөйгөн.

2022-жылдын алдын ала жыйынтыгы боюнча кызмат көрсөтүүлөр экспортунун көлөмү 2,6 эсе жана кызмат көрсөтүүлөр импорту – 2,0 эсе көбөйүшү байкалган. Натыйжада, кызмат көрсөтүүлөр балансынын тартыштыгы кыскарып, 112,3 млн АКШ долларын түзгөн. Бул тенденцияга “кыдыруулар” статьясы боюнча экспорттун өсүшү таасирин тийгизген негизги фактор болгон.

[1] Төлөм теңдемин түзүү методологиясына ылайык, Улуттук банктын кошумча баа берүүлөрүн эске алуу менен.

*Акча которуулар*

Күндөлүк трансферттердин таза агылып кирүү көлөмү 2 118,0 млн АКШ долларын түзгөн, бул 2021-жылдын ушул көрсөткүчүнөн 16,0 пайызга төмөн. Күндөлүк трансферттердин түзүмүндө түшүүлөрдүн басымдуу көлөмү эмгек мигранттарынын акча которуулары менен камсыздалган. 2022-жылдын жыйынтыгы боюнча жеке жактардын акча которуу системасы аркылуу жүзөгө ашырылган акча которууларынын таза агылып кирүүсү 21,2 пайызга кыскарып, 1 727,5 млн АКШ долларын түзгөн.

***1.3.2-график.***

Акча которуу системалары аркылуу жеке адамдардын акча которуу динамикасы




Отчеттук жылдын жыйынтыгы боюнча кирешелердин терс балансы резидент эместерге төлөнгөн башка инвестициялар боюнча кирешелердин азыраак көлөмүнүн таасиринде 608,6 млн АКШ долларын түзүп, 2,1 пайызга төмөндөгөн.

*Капиталдын жылышынын эсеби*

2022-жылдын алдын ала жыйынтыгы боюнча капитал менен операциялар жана финансылык операциялар эсеби 2021-жылдын ушул эле көрсөткүчүнө салыштырганда 0,9 пайызга төмөндөп, 793,5 млн АКШ доллары өлчөмүндө оң сальдодо түптөлгөн. Финансылык эсепти түзүүгө, негизинен, "тике инвестициялар" жана "башка инвестициялар" статьялары таасирин тийгизген. Тике чет өлкө инвестицияларынын таза агылып кирүүсү, айрыкча, резиденттердин чет өлкөгө тике инвестициялар түрүндө салымдарынын кыскарышы жана тике инвесторлордун кайра инвестицияланган пайдасынын өсүшү эсебинен 748,8 млн АКШ доллары өлчөмүндө түптөлгөн.

"Башка инвестициялар" статьясы 135,7 млн АКШ доллары өлчөмүндө терс баланс менен катталган (2021-жылдын жыйынтыгы боюнча 105,7 млн АКШ доллары өлчөмүндө оң баланс). Бул тенденция Кыргыз Республикасынын резиденттеринин чет өлкөдөгү активдеринин, эң башкысы, коммерциялык банктардын операцияларынын эсебинен 1 053,4 млн АКШ долларына көбөйүшү менен шартталган. Резиденттердин милдеттенмелери 917,6 млн АКШ долларына көбөйгөн, бул да, негизинен, банк секторунун операциялары жана резидент ишканалардын кредитордук карызынын өсүшү менен камсыз болгон.

2022-жылдын жыйынтыгы боюнча "каталар жана калтырып кетүүлөр" статьясынын сальдосу операцияларды каттоо учуруна, маалыматтардын толук камтылбагандыгына, же болбосо ар башка булактардан алынышына байланыштуу статистикалык ажырымдардан улам, 4 341,4 млн АКШ доллары өлчөмүндө оң мааниде түптөлгөн.

*Төлөм теңдеминин жалпы сальдосу*

Төлөм теңдеминин жалпы сальдосу 291,9 млн АКШ доллары өлчөмүндө терс калыптанган (2021-жылы 563,6 млн АКШ доллары өлчөмүндө оң баланс).

Отчеттук жылдын акырына карата дүң эл аралык резервдердин көлөмү 2 798,1 млн АКШ доллары эквивалентин түзгөн, бул товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр импортунун келечектеги көлөмүнүн ордун жабуунун 3,2 айына туура келет.

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН 2022-ЖЫЛДАГЫ ИШИ

# II

# 2-ГЛАВА. АКЧА-КРЕДИТ САЯСАТЫ

2022-жылы тышкы чөйрөнүн кыйла өзгөрүшү Кыргыз Республикасынын экономикасынын өнүгүшүнө жана анын натыйжасында, жүргүзүлгөн акча-кредит саясатына да таасирин тийгизген. Кыргыз Республикасында отчеттук жыл ичинде инфляциянын жогору деңгээлде болушу тышкы жана ички факторлордун таасирин билдирет.

Мындай шарттарда Улуттук банктын акча-кредит саясатынын чаралары инфляциянын монетардык түзүмүн чектөөгө жана тышкы кескин жагдайлардын ички экономикалык абалга терс таасирин төмөндөтүүгө багытталган. Буга байланыштуу акча-кредит саясатынын инструменттеринин кеңири түрлөрүн колдонуу менен чаралар топтому көрүлгөн. Анын ичинде Улуттук банк эсептик ченин 2022-жылдын башталышында 8,00 пайыздан 14,00 пайызга чейин жогорулатып, 2022-жылдын акырында баа динамикасы салыштырмалуу туруктaшуусунан улам, 13,00 пайызга чейин төмөндөткөн.

Өз учурунда көрүлгөн чаралар инфляциянын тездешин басаңдатууга өбөлгө түзгөн. 2018-жылдан тартып 2022-жылды кошо алгандагы мезгил аралыгында жылдык инфляциянын орточо мааниси 7,0 пайызды түзүп, Улуттук банктын максаттуу орто мөөнөттүү көрсөткүчүнүн чегинде болгон.

Банк системасында ликвиддүүлүк деңгээлин жөнгө салуу чарасы катары Улуттук банк үстөк ликвиддүүлүктү алып салуу боюнча арылтуу операцияларынын көлөмүн көбөйткөн.

Ошондой эле банк системасынын туруктуу ишин колдоо максатында, ликвиддүүлүктүн кыска мөөнөттүү ажырымынын ордун жабуу үчүн, Улуттук банк коммерциялык банктарды кредиттик ресурстар менен камсыз кылган.

2022-жылы өлкөнүн ички валюта рыногунда накталай сыяктуу эле, накталай эмес чет өлкө валютасына да суроо-талап жогору болгон, бул Кыргыз Республикасынын соода боюнча негизги өнөктөш өлкөлөрүндө орун алган жагдай, ошондой эле өлкөгө накталай АКШ долларын алып келүүнүн логистикалык жолдорунун бузулушу менен шартталган. Буга байланыштуу Улуттук банк белгилүү бир мезгил ичинде алмашуу курсунун кескин өзгөрүлүшүн жөнгө салуу жана валюта рыногундагы абалды турукташтыруу максатында, валюталык интервенцияларды жүргүзгөн.

Эл аралык резервдер ликвиддүүлүк жана коопсуздук артыкчылыктарын эске алуу менен тескөөгө алынган. Кыргыз Республикасынын дүң эл аралык резервдеринин көлөмү 2022-жыл ичинде 179,5 млн АКШ долларына азайып, жыл акырында 2 798,1 млн АКШ долларын түзгөн.

Эл аралык резервдерди толуктоо жана алтын түрүндөгү запастарды калыптандыруу максатында Кыргыз Республикасынын “Баалуу металлдар жана асыл таштар жөнүндө” мыйзамына ылайык, Кыргыз Республикасынын аймагында казып алынган жана өндүрүлгөн аффинаждалган баалуу металлдарды сатып алуунун артыкчылыктуу укугун пайдалануу менен Улуттук банк өлкөнүн ички рыногунан алтынды улуттук валютага сатып алган. Улуттук банктын активдериндеги алтындын жалпы көлөмү 2022-жылдын акырына карата аффинаждалган өлчөнгөн алтын куймаларды жана монетардык эмес алтындын башка түрлөрүн кошо алганда, 44 415,75 кг түзгөн.

Акча-кредит саясаты жагында маалымат саясатынын чаралары коомчулукта жана экономикалык субъекттерде рационалдуу инфляциялык күтүүлөрдү калыптандырууга жана Улуттук банктын мындан аркы иш-аракеттеринин ачык-айкындыгын камсыз кылууга багытталган.

## 2.1. Акча-кредит саясатынын максаттары жана милдеттери

*Улуттук банктын максаты*

Улуттук банк өз ишин тиешелүү акча-кредит саясатын жүргүзүү аркылуу баа туруктуулугуна жетишүү жана аны колдоо максатында жүргүзгөн. Мында монетардык саясаттын инструменттеринин кеңири түрлөрү колдонулган.

Инфляцияны 12 пайыз деңгээлине чейин кармоо акча-кредит саясатынын максаттуу көрсөткүчү болуп саналат, бул Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2022-жылга[1] акча-кредит саясаты жөнүндө билдирүүсүндө белгиленген.

*Акча-кредит саясатынын негизги милдеттери*

Отчеттук жылы монетардык саясатын жүргүзүүдө, тышкы таасирлер шартында өлкөдөгү инфляциялык процесстерди оздуктоо жана банк системасында ликвиддүүлүктүн тең салмактуу деңгээлин камсыз кылуу Улуттук банктын негизги милдети болуп саналган.

Улуттук банк монетардык инструменттеринин натыйжалуулугун жана ыңгайлуулугун жогорулатуу жана банктар аралык акча рыногунун активдүү иштеши үчүн шарттарды жакшыртуу, акча-кредит саясатынын трансмиссиялык механизминин пайыздык каналынын ишин күчөтүү аркылуу аны өркүндөтүү багытындагы ишин уланткан.

**Акча-кредит саясатынын 2022-жылдагы негизги милдеттери**

| | | |
|---|---|---|
| акча-кредит саясатынын трансмиссиялык механизминин пайыздык каналын өркүндөтүү | акча-кредит саясатынын инструменттеринин натыйжалуулугун жана ыңгайлуулугун жогорулатуу | банктар аралык акча рыногунун жигердүүлүгүн колдоого алуу |
| банк системасында ликвиддүүлүктүн тең салмактуулугун камсыз кылуу | акча-кредит саясаты боюнча стратегиялык жана тактикалык чечимдерди кабыл алуу максатында экономикалык моделдерди өркүндөтүү | активдүү коммуникациялык саясатты жүргүзүү |

## 2.2. Акча-кредит саясатын ишке ашыруу

2022-жылы акча-кредит саясаты COVID-19 пандемиясынын кесепетине, азык-түлүккө жана энергия продукцияларына дүйнөлүк баалардын өсүшү уланышына, геосаясий кырдаалга жана инфляциянын глобалдуу мүнөзүнө байланыштуу көптөгөн факторлордун таасиринде ишке ашырылган.

Отчеттук жылы акча-кредит саясатынын тактикалык чечимдери банк системасындагы үстөк ликвиддүүлүк деңгээлин, акча жана валюта рыногунун өнүгүү тенденцияларын эске алуу менен, ошондой эле экономикалык жагдайга жана анын Кыргыз Республикасында жана соода боюнча өнөктөш өлкөлөрдө өнүгүү келечегине баа берүүлөргө жараша кабыл алынган.

*Пайыздык саясат*

Улуттук банктын эсептик чени (негизги чени) монетардык саясаттын негизги инструменти жана акча рыногундагы каражаттардын наркынын көрсөткүчү катары саналган. Негизги чен боюнча чечимдер Улуттук банк Башкармасынын 2022-жылга каралган отурумдарынын графигине ылайык, экономикалык модель түзүү ыкмалары аркылуу иштелип чыккан экономиканын өнүгүшү боюнча орто мөөнөттүү болжолдоонун негизинде кабыл алынган.

[1] Улуттук банк Башкармасынын 2021-жылдын 27-декабрындагы №2021-П-07/74-1-(ДКП) токтому менен жактырылган.

Тышкы кескин жагдайлардын Кыргыз Республикасынын экономикасына терс таасирин төмөндөтүү максатында Улуттук банк 2022-жылдын башталышынан тартып акча-кредит саясатын катуулатуу циклин уланткан. Мындай шарттарда Улуттук банк инфляцияга түрткү берүүчү тобокелдиктерге жооп катары 2022-жылдын башында 8,00 пайыздан 10,00 пайызга чейин баскыч-баскычы менен жогорулаткан. 2022-жылдын март айында негизги чен 14,00 пайызга чейин жогорулатылып, бул деңгээлде 2022-жылдын ноябрына чейин сакталган. Андан ары, тышкы жана ички экономикалык чөйрөнүн өнүгүү шарттарын эске алуу менен эсептик чен 13,00 пайызга чейин төмөндөтүлгөн.

Улуттук банк негизги ченди өзгөртүү менен катар эле, пайыздык чектин алкагын да корректировкалаган: төмөнкү деңгээл болуп саналган “овернайт” депозити боюнча чен 5,50 пайыздан 12,00 пайызга чейин, ал эми жогорку чекти аныктаган “овернайт” кредити боюнча чен 8,50 пайыздан 16,00 пайызга чейин өзгөргөн. 2022-жылдын акырына карата пайыздык чендин алкагы, тиешелүүлүгүнө жараша, 10,00 жана 15,00 пайызды түзгөн.

*Ликвиддүүлүктү жөнгө салуу*

Банк секторунда үстөк ликвиддүүлүктүн деңгээли жыл ичинде туруктуу өсүү динамикасында болуп, мурдагыдай эле жогору бойдон калган. Ликвиддүүлүктүн деңгээли, негизинен, мамлекеттик жана монетардык секторлордун операцияларынын эсебинен жогорулаган. Үстөк ликвиддүүлүктүн күндүк орточо көлөмү Улуттук банк үстөк ликвиддүүлүктөн арылтуу операцияларын жүргүзгөнгө чейин 31,9 млрд сомду түзгөн, бул 2021-жылдын ушул көрсөткүчүнөн 14,1 млрд сомго көп. Мындай шарттарда Улуттук банк арылтуу операцияларынын көлөмүн көбөйткөн. Ачык рынокто операцияларды жүргүзүү жана коммерциялык банктардын бош ресурстарын Улуттук банктагы “овернайт” депозиттерине жайгаштыруу аркылуу үстөк ликвиддүүлүк банк системасынан алынып салынган. Банк системасынан үстөк ликвиддүүлүктү алып салуунун күндүк орточо көлөмү отчеттук жылы 31,8 млрд сомду түзгөн (2021-жылы – 18,0 млрд сом).



Банк системасынан үстөк ликвиддүүлүктү алып салуунун негизги инструменти катары, мурдагыдай эле Улуттук банктын ноталары колдонулган. Рыноктун катышуучулары кыска мөөнөттүү (7 жана 14 күндүк) ноталарга артыкчылык берген. Ноталардын эсебинен арылтуу операцияларынын күндүк орточо көлөмү 2022-жылы 2021-жылдагы 11,6 млрд сомдон 17,6 млрд сомго чейин көбөйгөн. Мында Улуттук банктын арылтуу операцияларынын түзүмүндө ноталардын үлүшү 2021-жылдагы 64,4 пайыздан 2022-жылы 55,3 пайызга чейин кыскарган.

2022-жылы банктардын бош каражаттарынын Улуттук банкта “овернайт” депозиттерине жайгаштырылган көлөмү 2021-жылдагы 35,6 пайыздан 44,7 пайызга чейин өскөн. Улуттук банкта “овернайт” депозиттерине жайгаштыруунун күнүмдүк орточо көлөмү 2021-жылдагы 6,4 млрд сомдон 7,8 млрд сомго көбөйүү менен 14,2 млрд сомду түзгөн.

***2.2.1-график.***

Улуттук банктын арылтуу операцияларынын түзүмү



*Кредиттик саясат*

2022-жылы банк сектору ликвиддүүлүктүн убактылуу ажырымынын ордун жабуу максатында банктар аралык карыз алышуу менен катар эле, "овернайт" кредиттеринин алкагында Улуттук банктын кыска мөөнөттүү кредиттик ресурстарын да колдонгон, алардын дүң көлөмү отчеттук жылы 16,7 млрд сомду (2021-жылы – 20,8 млрд сом) түзгөн. Ошол эле учурда кайра каржылоо инструменттери аркылуу улуттук валютада узак мөөнөттүү ресурстар берилген эмес.

2022-жылдын июнь айында Улуттук банк тарабынан редисконттук операцияларды (аутрайт) жүргүзүү аркылуу мамлекеттик баалуу кагаздардын экинчилик рыногун өнүктүрүү боюнча пилоттук долбоор кайрадан жандандырылган.

*Коммуникациялык саясат*

Экономикалык абалды турукташтыруу боюнча ишке ашырылуучу кризиске каршы чаралардын натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн, Улуттук банк тарабынан кабыл алынган акча-кредиттик чечимдер боюнча маалымат каналын күчөтүү чаралары көрүлгөн. Жүргүзүлгөн монетардык саясаттын ачык-айкындуулук принциптерине ылайык, жакынкы келечекке акча-кредит саясатынын стратегиялык жана максаттуу көрсөткүчтөрү жарыяланган, пресс-релиздер туруктуу негизде чыгарылган жана эсептик чен боюнча кабыл алынган чечимдер жөнүндө пресс-конференциялар өткөрүлгөн. Улуттук банктын расмий интернет-сайтына акча-кредит саясаты жөнүндө отчет чейректик негизде жайгаштырылып турган.

## 2.2.1. Ачык рынокто ишке ашырылган операциялар

*Улуттук банктын ноталары*

Отчеттук жыл ичинде Улуттук банктын ачык рынокто колдонгон негизги инструменти катары Улуттук банктын ноталары саналган. Ноталар – бул, банк системасында ликвиддүүлүктү жөнгө салуу максатында аукциондук негизде жайгаштырылуучу Улуттук банктын жүгүртүү мөөнөтү ар башка дисконттук баалуу кагаздары. Отчеттук мезгил ичинде Улуттук банктын ноталар рыногун жүгүртүү мөөнөтү 7, 14, 28, 91 күндүк ноталар түзгөн.

2022-жыл ичинде Улуттук банк тарабынан ноталарды сунуштоо көлөмү 487,5 млрд сомду түзгөн. Мында ноталарга суроо-талаптын көлөмү 2021-жылга (311,0 млрд сом) салыштырганда 71,6 пайызга көбөйүп, 533,7 млрд сом чегинде катталган. Ал эми ноталарды сатуунун жалпы көлөмү 457,5 млрд сомду түзгөн, бул 2021-жылдагы көрсөткүчтөн 63,3 пайызга көп (280,2 млрд сом).

Сатуунун басымдуу көлөмү Улуттук банктын жүгүртүү мөөнөтү 14 күндүк ноталарына (37,7 пайыз) туура келген. Ал эми жүгүртүү мөөнөтү 7 жана 28 күндүк ноталарды сатуу көлөмү, тиешелүүлүгүнө жараша, 33,0 жана 27,4 пайызды, 91 күндүк ноталардыкы – 1,9 пайызды түзгөн.

***2.2.1.1-график.***

Улуттук банктын ноталарын сатуу көлөмү жана эсептик чен динамикасы




Улуттук банктын ноталарынын орточо алынган кирешелүүлүгү жыл башында, Улуттук банктын эсептик ченинен кийин эле, январь айындагы 6,9 пайыздан апрель айында 13,4 пайызга көбөйгөн, ал эми отчеттук мезгилдин калган бөлүгүндө кескин өзгөрүүлөр байкалган эмес. Бүтүндөй алганда, 2021-жылдын көрсөткүчүнө салыштырмалуу ноталардын орточо алынган кирешелүүлүгү 6,2 пайыздык пунктка, 12,1 пайызга чейин өскөн.

2022-жылдын акырына карата Улуттук банктын жүгүртүүдөгү ноталарынын көлөмү жыл башына (18,5 млрд сом) салыштырганда кыйла көбөйүү менен 34,6 млрд сомду түзгөн. Отчеттук мезгилде ноталарга негизги ээлик кылуучулар катары коммерциялык банктар (84,4 пайыз), институционалдык инвесторлор (8,3 пайыз), юридикалык жактар жана жеке адамдар-резиденттер (7,3 пайыз) саналган.

2022-жылы банк секторуна улуттук валютада кошумча ликвиддүүлүк сунуштоо максатында, Улуттук банк жүгүртүү мөөнөтү 3, 5 жана 7 жылдык МКО сатып алуу менен кайра сатуу милдеттенмеси каралбаган аутрайт шарттарында экинчилик рыноктон МКО сатып алуу операцияларын жүргүзгөн. Натыйжада, бул операциялардын жалпы көлөмү айкын наркы боюнча 2,1 млрд сомду түзгөн.

### 2.2.2. Банктар аралык акча рыногунда ишке ашырылган операциялар

Улуттук банк акча рыногунун чендерине трансмиссиялык механизмдин таасирин күчөтүү чараларын улантткан. Пайыздык саясатта жүргүзүлгөн ыраатуу иш-аракеттер белгисиздик жагдайы орун алып турган мезгилдерде кыска мөөнөттүү чендердин өзгөрүлмөлүүлүгү төмөндөшүн шарттаган.

2022-жыл ичинде акча рыногунун кыска мөөнөттүү чендери жүгүртүү мөөнөтү 12 айлык МКВ боюнча кирешелүүлүктү кошпогондо, негизги ченге жакын калыптанган жана пайыздык чектин алкагында болгон. Банк системасында кыска мөөнөттүү үстөк ликвиддүүлүк басымдуулук кылгандыктан, акча рыногуна катышуучулардын арасында кыска мөөнөттүү сегментке суроо-талап көбүрөөк болгон.

МАЗМУНУ

**2.2.2.1-график.**

Акча рыногунун пайыздык чендеринин динамикасы

*(пайыздар)*




*Банктар аралык кредит рыногу*

2022-жылы банк системасындагы үстөк ресурстардын көлөмү өсүшүнөн улам, кредиттик ресурстардын банктар аралык рыногунда катышуучулардын жигердүүлүгү байкаларлык төмөндөгөн. Банктар аралык кредит рыногунда операциялардын жалпы көлөмү (Улуттук банк тарабынан берилген кредиттерди эске алуу менен) 2021-жылга салыштырганда 42,7 пайызга кыскаруу менен 31,7 млрд сомду түзгөн. Репо операциялар көлөмү 2021-жылга салыштырганда 56,0 пайызга, 34,0 млрд сомдон 14,9 млрд сомго чейин азайган.

**2.2.2.2-график.**

Банктар аралык ички кредит рыногунда бүтүмдөрдүн көлөмү

*(млн сом)*




Отчеттук жылы акча-кредит саясаты катуулатылгандыгына байланыштуу, репо операциялары боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 6,4 пайыздык пунктка, 12,1 пайызга чейин жогорулаган. Репо операцияларынын орточо алынган мөөнөтү 5 күндөн 4 күнгө чейин кыскарган. 2022-жылы банктар аралык рынокто улуттук жана чет өлкө валютасында стандарттуу кредиттер берилген эмес.

***2.2.2.1-таблица.***

Банктар аралык рыноктун орточо салмактанып алынган пайыздык чендери жана Улуттук банктын чендери (бир мезгил ичинде)
*(пайыздар)*

| | 2021-жыл | 2022-жыл |
|---|---|---|
| **Банктар аралык рыноктогу чендер** | | |
| Улуттук валютадагы кредиттер боюнча чен | - | - |
| Чет өлкө валютасындагы кредиттер боюнча чен | 7,0 | - |
| Репо операциялары боюнча чен | 5,7 | 12,1 |
| **Улуттук банк менен операциялар боюнча чендер** | | |
| "Овернайт" кредиттери боюнча чен | 7,3 | 13,9 |
| "Овернайт" депозиттери боюнча чен | 4,3 | 10,6 |
| Кредиттик аукциондор боюнча чен | - | - |

*Мамлекеттик баалуу кагаздар рыногу*

2022-жыл ичинде рыноктун катышуучулары тарабынан кыска мөөнөттүү мамлекеттик баалуу кагаздарга караганда, узак мөөнөттүү мамлекеттик баалуу кагаздарга (МБК) суроо-талап көбүрөөк болгон. Мындай шарттарда МКО рыногунда жүгүртүү мөөнөтү 5 жылдан 10 жылга чейинки кагаздарды сунуштоо көлөмү өскөн. 2022-жылдын экинчи жарымында жүгүртүү мөөнөтү 10 жылдык чет өлкө валютасындагы МКО чыгарыла баштаган, алар акыркы жолу 2016-жылы чыгарылган.

Мурдагы жылдардагыдай эле, отчеттук жылы да МБКнын кыска мөөнөттүү сегменти жүгүртүү мөөнөтү 12 айлык МКВ менен гана сунушталган.

### 2.2.3. Банктарды кайра каржылоо операциялары

*Кайра каржылоо инструменттери*

Банктарды кайра каржылоо коммерциялык банктардын ликвиддүүлүгүн колдоого жана өзгөрүлмөлүүлүктү текшилөөгө багытталган инструменттердин бири болуп саналат.

Улуттук банктын кайра каржылоо инструменттери төмөнкү түрлөргө бөлүнөт:

– төлөм системасынын иш натыйжалуулугун арттыруу үчүн күрөөлүк камсыздоо алдында, операциялык күн ичинде улуттук валютада пайызсыз негизде сунушталган “бир күндүк” кредит;
– банктардын кыска мөөнөттүү ликвиддүүлүгүн колдоо максатында күрөөлүк камсыздоо алдында, суткасына акы төлөө негизинде улуттук валютада сунушталган “овернайт” кредити;
– кыска мөөнөттүү ликвиддүүлүктү колдоо максатында күрөөлүк камсыздоо алдында, жети күнгө акы төлөө негизинде улуттук валютада сунушталган 7 күндүк кредит;
– экономиканын жана региондордун айрым тармактарын кредиттөө жана ликвиддүүлүгүн колдоо үчүн акы төлөө негизинде, коммерциялык банктарга улуттук валютада кредиттик ресурстарды сунуштоо максатында улуттук валютада жүргүзүлгөн кайра каржылоо жана ликвиддүүлүктү колдоо боюнча кредиттик аукциондор;
– банк системасынын бүтүндүгүн камсыз кылуу, банктын ликвиддүүлүгүн колдоо жана аманатчылардын таламын коргоо максатында күрөөлүк камсыздоо алдында акы төлөө негизинде сунушталуучу ликвиддүүлүктү колдоо үчүн кредит;
– Кыргыз Республикасы тарабынан башка мамлекеттер менен биргеликте түзүлүүчү эл аралык уюмдарга күрөөлүк камсыздоо алдында, акы төлөө негизинде сунушталуучу кредит;
– өзгөчө учурларда гана, ишинде олуттуу финансылык проблемаларга дуушар болгон коммерциялык банктарга жана депозиттерди тартуу менен иш алып барган банк эмес финансы-кредит уюмдарына сунушталуучу акыркы инстанциядагы кредит;

– Кыргыз Республикасынын депозиттерин коргоо системасынын финансылык туруктуулугун камсыздоо, аманатчылардын таламын коргоо, системалуу тобокелдиктерге жол бербөө жана банк системасынын туруктуулугун камсыз кылуу максатында Кыргыз Республикасынын Депозиттерди коргоо боюнча агенттигине сунушталуучу кредит.

Кыргыз Республикасында инфляциялык басым жогорулашынан улам, Улуттук банк кредиттик аукциондорду өткөрүүнү чектеген. Мындай чара банк системасында үстөк ликвиддүүлүктүн жогору деңгээли сакталышы менен шартталган.

Мында коммерциялык банктарга акча-кредит саясатынын туруктуу негизде пайдаланууга сунушталган инструменттери – “бир күндүк” жана “овернайт” кредиттери жеткиликтүү болгон. Отчеттук мезгил ичинде берилген “овернайт” кредиттеринин дүң көлөмү 16 727,0 млн сомду түзгөн, бул 2021-жылдагы көрсөткүчтөн (20 821,7 млн сом) 19,7 пайызга аз.

***2.2.3.1-таблица.***

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан берилген кредиттер
*(млн сом)*

| | I чейрек | II чейрек | III чейрек | IV чейрек | **Жыйынты-гында** |
|---|---|---|---|---|---|
| **"Бир күндүк" кредиттер*** | | | | | |
| 2021-ж. | - | 401,2 | - | - | **401,2** |
| 2022-ж. | - | - | - | - | **-** |
| **"Овернайт" кредиттери** | | | | | |
| 2021-ж. | 224,2 | 14 178,7 | 826,1 | 5 592,8 | **20 821,7** |
| 2022-ж. | 2 739,0 | 13 843,5 | 144,5 | - | **16 727,0** |
| **Кредиттик аукциондор** | | | | | |
| 2021-ж. | - | - | - | - | **-** |
| 2022-ж. | - | - | - | - | **-** |
| **Эл аралык уюмдарга берилген кредиттер** | | | | | |
| 2021-ж. | - | - | - | - | **-** |
| 2022-ж. | - | - | - | - | **-** |

* *“Овернайт” кредитине кайра тариздөлгөн бир күндүк кредиттерди кошо алганда*

### 2.2.4. Ички валюта рыногунда ишке ашырылган операциялар

*Валюталык интервенциялар*

2022-жылы ички валюта рыногундагы жагдай дүйнөдөгү геосаясий кырдаалга, ошондой эле тышкы финансылык рыноктордогу белгисиздик жагдайына жараша түптөлгөн. Өзгөрүлмөлүү алмашуу курсунун режиминде Улуттук банктын валюта тооруктарына катышуусу рыноктун конъюнктурасы менен аныкталган жана алмашуу курсунун кескин өзгөрүүлөрүн текшилөөгө багытталган.

2022-жылдын январь айынан тартып валюта рыногундагы жагдай салыштырмалуу туруктуу бойдон калган, бирок 2022-жылдын февраль айынын акырынан тартып тышкы экономикалык өзгөрүүлөрдүн таасиринде, анын ичинде соода боюнча өнөктөш өлкөлөрдүн финансылык рынокторунда өзгөргөн, жыйынтыгында, бул өлкө ичинде АКШ долларынын сомго карата алмашуу курсунун кескин өзгөрүшүнө алып келген.

Буга байланыштуу алмашуу курсунун кескин өзгөрүлмөлүүлүгүн жөнгө салуу максатында, Улуттук банк чет өлкө валютасын сатуу боюнча да, сатып алуу боюнча да валюталык интервенцияларды жүргүзгөн. Натыйжада, биринчи чейректе Улуттук банк тарабынан 284,30 млн АКШ доллары сатылган, анын ичинен 66,65 млн АКШ доллары накталай түрдө сатылган. Март айынын башында соода боюнча өнөктөш өлкөлөр валюта операцияларын жүргүзүүгө чектөө чараларын киргизгенден кийин акча которуулардын агылып кирүү көлөмү көбөйгөн. Ички валюта рыногунда чет өлкө валютасын сунуштоо көлөмүнүн көбөйүшүнө байланыштуу, Улуттук банк 19,90 млн АКШ доллары өлчөмүндө чет өлкө валютасын сатып алуу операцияларын жүргүзгөн.

Чет өлкө валютасын сунуштоо көлөмү суроо-талаптан жогору болушу отчеттук жылдын экинчи чейрегинде да байкалган. Өзгөрүлмөлүү алмашуу курсунун режиминде Улуттук банк 170,84 млн АКШ доллары суммасында чет өлкө валютасын сатып алуу боюнча интервенцияларды жүргүзгөн.

Отчеттук жылдын үчүнчү чейрегинде суроо-талап менен сунуштун балансы сакталгандыктан, Улуттук банктын валюта тооруктарына катышуусу талап кылынган эмес.

Ал эми төртүнчү чейректе ички валюта рыногунда чет өлкө валютасына суроо-талаптын сунуштоо көлөмүнөн жогорулашы байкалган, бул глобалдуу тенденция менен шартталган. Натыйжада, финансы рынокторунда белгисиздик жагдайынын курчушу жана декабрь айында импорттолуучу товарларга керектөө суроо-талабынын жогорулашы чет өлкө валютасына суроо-талап көбөйүшүнө алып келген. Алмашуу курсунун кескин өзгөрүлмөлүүлүгүн жөнгө салуу максатында, 2022-жылдын төртүнчү чейрегинде Улуттук банк тарабынан 202,20 млн АКШ доллары сатылган.

***2.2.4.1-график.***

Улуттук банктын 2022-жыл ичинде чет өлкө валютасы менен операциялары




Жалпысынан, 2022-жылы Улуттук банк тарабынан 486,50 млн АКШ доллары сатылып, анын ичинен 66,65 млн АКШ доллары накталай түрдө сатылган. Улуттук банктын чет өлкө валютасын сатып алуу операциялары отчеттук мезгилде 190,74 млн АКШ долларын түзгөн. Таза сатуу көлөмү 295,76 млн АКШ долларын түзгөн.

2022-жылы АКШ доллары менен ишке ашырылган операциялардан тышкары, Улуттук банк Кыргыз Республикасынын милдеттенмелеринин өз учурунда аткарылышын камсыз кылуу максатында орус рублин сатып алуу боюнча жалпы 2 981,50 млн рубль суммасына валюта операцияларын жүргүзгөн.

2022-жыл ичинде АКШ долларынын сомго карата расмий курсу жыл акырында бир АКШ доллары үчүн 84,8000 сомдон 85,6800 сомго чейин 1,04 пайызга өскөн.

*Валюта рыногундагы операциялар*

Ички валюта рыногундагы операциялардын жалпы көлөмүнүн көбөйүшү 2022-жылы экономикалык жигердүүлүктүн өсүшү менен шартталган. Валютаны сатып алуу/сатуу операцияларынын көлөмү 38,0 пайызга, 2 116,6 млрд сом эквивалентине чейин көбөйгөн. Отчеттук мезгилде, казак теңгесинен тышкары, негизги валюталардын бардык түрлөрү боюнча операциялардын көлөмүнүн өсүшү белгиленген.

***График 2.2.4.2.***

Валюта курсунун динамикасы жана банктар аралык валюта тооруктарындагы операциялардын көлөмү




Отчеттук мезгилде коммерциялык банктар тарабынан ички рынокто сыяктуу эле, резидент эмес банктар менен да ишке ашырылган своп-операцияларынын жалпы көлөмү 2021-жылдын көрсөткүчүнө салыштырганда 42,9 пайызга көбөйүү менен 2,0 млрд АКШ долларын түзгөн. Каралып жаткан мезгилде Улуттук банк своп-операцияларын жүргүзгөн эмес.

*Своп-операциялар*

## 2.2.5. Милдеттүү камдык талаптар

Милдеттүү камдык талаптар акча-кредиттик жөнгө салуу инструменттеринин бири болуп саналат. Милдеттүү камдык талаптар – бул, коммерциялык банктар жана депозиттерди тартуу менен иш алып барган микрофинансылык компаниялар тарабынан Улуттук банктын талаптарына ылайык, белгилүү бир мезгил ичинде резервдеги активдерде сакталууга тийиш болгон акча каражаттарынын суммасы.

*Милдеттүү камдык талаптардын ченемдери*

Улуттук банк Башкармасы милдеттүү кам өлчөмүн жана аларды аткаруу регламентин жүргүзүлүп жаткан акча-кредит саясатынын багытына жараша аныктайт.

Эсептик базага кирген милдеттенмелер боюнча милдеттүү камдардын ченеми отчеттук жылы сакталган. Чет өлкө валютасындагы милдеттенмелер боюнча милдеттүү кам өлчөмү экономиканы доллардан арылтуу чараларын колдоо шартында 14,0 пайыз деңгээлинде өзгөртүүсүз калтырылган. Улуттук валютадагы жана ЕАЭБге мүчө өлкөлөрдүн валюталарындагы жана кытай юанындагы милдеттенмелер боюнча милдеттүү камдык талаптардын өлчөмү 4,0 пайыз деңгээлинде сакталып калган. Кардарлардын жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептери боюнча банктардын милдеттенмелери боюнча милдеттүү кам өлчөмү да, мурдагыдай эле, нөл деңгээлинде калган.

Милдеттүү камдык талаптарды күнүмдүк негизде аткаруу үчүн, Улуттук банкта корреспонденттик эсептеги каражаттардын коммерциялык банктар үчүн белгиленген минималдуу чектүү деңгээли тиешелүү мезгилге карата аныкталган банктын милдеттүү камдарынын көлөмүнүн 70,0 пайызы деңгээлинде сакталып калган.

2022-жылы милдеттүү камдардын көлөмүнүн күнүмдүк минималдуу чектүү деңгээлин сактабагандыгы үчүн беш коммерциялык банкка айыптык санкциялар колдонулган.

МАЗМУНУ

## 2.3. Эл аралык резервдерди тескөө

Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” конституциялык Мыйзамына ылайык, Улуттук банк ликвиддүүлүк артыкчылыктарын жана алардын коопсуздугун камсыз кылууну эске алуу менен эл аралык резервдерди өз алдынча түзөт, аларга ээлик кылат жана тескейт.

Инвестициялык саясатты, эл аралык резервдер портфелинин түзүмүн, орун алышы ыктымал болгон тобокелдиктер менен инвестициялык инструменттердин кирешелүүлүгү ортосундагы катышты аныктоо, ошондой эле контрагенттерди тандоо боюнча чечимдер Улуттук банк Башкармасы жана Инвестициялык комитети тарабынан кабыл алынган. 2022-жылы Инвестициялык комитет эл аралык резервдерди тескөө маселелери боюнча 18 отурум өткөргөн. Эл аралык резервдерди тескөө учурунда келип чыккан тобокелдиктерди кыскартуу максатында, контрагенттер, инструменттердин түрлөрү, инвестициялоо өлчөмү жана мөөнөтү боюнча критерийлер, талаптар жана чектөөлөр белгиленген.

Эл аралык резервдерди тескөө Инвестициялык саясатта жана Тобокелдиктерди жөнгө салуу саясатында белгиленген.

*Эл аралык резервдер көлөмү*

2022-жылдын акырына карата дүң эл аралык резервдер көлөмү жыл ичинде 179,5 млн АКШ долларына же 6,0 пайызга төмөндөө менен 2 798,1 млн АКШ доллары эквивалентин түзгөн. Улуттук банктын эл аралык резервдеринин курамына алтын түрүндөгү активдер, Атайы карыз алышуу укугу (АКУ) жана чет өлкө валюталарынын портфели кирет.

МАЗМУНУ

***2.3.1-график.***

Дүң эл аралык резервдер динамикасы

*(млн АКШ доллары)*




2022-жыл ичинде дүң эл аралык резервдер көлөмүнө Кыргыз Республикасынын тышкы милдеттенмелери боюнча төлөөлөр; эл аралык резервдин курамына кирген валюталардын курсунун өзгөрүүсү; баалуу металлдарга баалардын өзгөрүүсү; эл аралык резервдерди тескөөдөн алынган кирешелер; ички рынокто алтынды сатып алуу боюнча операциялар; Улуттук банктын өлкөнүн ички рыногунда жүргүзүлгөн валюталык операциялары; Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин пайдасына валюталык каражаттардын түшүүсү таасирин тийгизген.

***2.3.1-таблица.***
Эл аралык резервдер түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)
*(пайыздар)*

*Эл аралык резервдер түзүмү*

| | 2021-жыл | 2022-жыл |
|---|---|---|
| Валюта портфели | 67,5 | 57,7 |
| Алтын | 19,9 | 34,1 |
| Атайы карыз алышуу укугу (АКУ) | 12,6 | 8,2 |
| **Бардыгы болуп** | **100,0** | **100,0** |

2022-жылы эл аралык резервдердин валюта портфелинде төмөнкү валюталар камтылган: австралия доллары, англия фунт стерлинги, АКШ доллары, евро, канада доллары, кытай юаны, орус рубли, сингапур доллары, швейцария франкы, түштүк корея вону, япон йени, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин операцияларын тейлөө үчүн башка валюталар.

Улуттук банктын контрагенттеринен болуп борбордук банктар, эл аралык финансылык институттар жана чет өлкөлүк коммерциялык банктар саналат.

Ликвиддүүлүктүн зарыл деңгээлин колдоо, ошондой эле эл аралык резервдерди тескөө натыйжалуулугун жогорулатуу максатында резервдик активдер менен иштөө портфелдик негизде жүзөгө ашырылган. Валюта портфелин жумушчу жана инвестициялыкка бөлүү резервдердин кирешелүүлүгүнүн оптималдуу деңгээлин колдоого алууну камсыз кылган.

*Жумушчу портфелди жайгаштыруу*

Жумушчу портфелдин активдери кыйла ликвиддүү инструменттерге жайгаштырылган жана банктар аралык ички валюта рыногунда операцияларды жүргүзүү, ошондой эле мамлекеттик тышкы карызды тейлөөнү кошо алганда, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын жана Министрлер Кабинетинин чет өлкө валютасындагы төлөмдөрү үчүн колдонулган.

*Инвестициялык портфелди тескөө*

Инвестициялык портфелди тескөө эл аралык резервдердин бекитилген эталондук портфелине ылайык жүзөгө ашырылган. Улуттук банк эл аралык резервдерди баалуу кагаздарга жана мөөнөттүү депозиттерге жайгаштырган. Баалуу кагаздар портфелинде айрым өлкөлөрдүн мамлекеттик баалуу кагаздары, эл аралык финансылык институттардын кыска мөөнөттүү жана орто мөөнөттүү инвестициялык инструменттери камтылган. Мөөнөттүү депозиттер эл аралык финансы институттарында, эл аралык жогорку рейтингге ээ чет өлкөлүк борбордук жана коммерциялык банктарда жайгаштырылган.

## 2.4. Акча-кредит саясатынын натыйжалары

*Инфляция*

Кыргыз Республикасынын экономикасында инфляциялык тобокелдиктер басымдуулук кылган шартта, акча-кредит саясатынын алдын ала көрүлгөн чаралары Кыргыз Республикасында инфляцияны ооздуктоого жана макроэкономикалык туруктуулукту сактоого өбөлгө түзгөн.

2022-жылы импорттолуучу азык-түлүк жана азык-түлүктөн башка товарларга баалардын кыйла өсүшү инфляциянын түптөлүшүнүн негизги фактору катары саналган. Баалардын жогорулашы глобалдуу тенденциялар менен да, мамлекеттик жана жеке секторлордо эмгек акынын жогорулашы эсебинен ички суроо-талаптын өсүшү менен да шартталган.

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин маалыматтары боюнча 2022-жылы керектөө бааларынын жалпы деңгээли жылдык мааниде (2022-декабры 2021-жылдын декабрына карата) 14,7 пайызга өскөн.

**2.4.1-график.**
Кыргыз Республикасында инфляция деңгээли
*(пайыздар)*




Азык-түлүк тобунун баасынын динамикасы көбүнчө эл аралык азык-түлүк рынокторундагы конъюнктурага жана сунуштоо факторуна жараша болгон. Дүйнөлүк суроо-талаптын жогору болушу, климаттын өзгөрүшү, түшүмдүн азайышы жана берүүлөрдүн глобалдуу байланышындагы проблемалар 2022-жылдын биринчи жарым жылдыгында тамак-аш азыктарына дүйнөлүк баалардын буга чейинки мезгилдеги эң жогорку деңгээлге чейин жогорулашына алып келген. Азык-түлүк товарларына баалар жылдык мааниде 15,8 пайызга өсүшү белгиленген (2022-декабры 2021-жылдын декабрына карата). Азык-түлүк товарларынын негизги түрлөрүнүн ичинен ун, эт жана канттын баасы жогорулаган.

Азык-түлүктөн башка товарларга баалар жылдык мааниде 12,7 пайызга өскөн. Азык-түлүктөн башка товарлардын КБИге салымы 3,7 пайыздык пунктту түзгөн, бул өткөн жылга салыштырганда бир аз жогору. Тиричилик техникасына, көмүргө, кийим-кечекке жана бут кийимге баалар салыштырмалуу жогору өсүш арымын көрсөткөн.

Алкоголдук ичимдиктерге жана тамеки заттарына баалар 2022-жылдын башында акциздик чендердин план боюнча көбөйүшүнөн улам, жылдык мааниде 24,4 пайызга жогорулаган. Акы төлөнүүчү кызматтарга баалардын өсүшү 9,1 пайызды түзгөн, бул, эң башкысы, транспорт, мейманкана жана коомдук тамактануу жайларынын кызматына баалардын өсүшү менен шартталган.

Жылдык орточо рыноктук инфляция[1] 2022-жылы 9,9 пайыз деңгээлинде түптөлүп, бир орундуу көрсөткүчтөрдөн ашкан эмес.

**2.4.2-график.**
Керектөө баа индексинин өсүш арымына салым




[1] УСК тарабынан эсептелет: баалары олуттуу сезондук/кыска мөөнөттүү өзгөрүүлөргө дуушар болгон же мамлекеттик органдардын административдик чечимдери менен аныкталган товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр баалардын жалпы индексинен алынып салынат.



МАЗМУНУ

*Акча рыногу*

Отчеттук жыл ичинде эсептик чен банктар аралык рынокто кыска мөөнөттүү чендердин багытына таасирин тийгизген. Пайыздык чен боюнча алдын ала көрүлгөн чаралардын натыйжасында, ошондой эле банк системасында үстөк ликвиддүүлүктүн кыйла өсүшүнө байланыштуу, 2022-жылдын айрым мезгилдеринде негизги чен менен акча рыногунун кыска мөөнөттүү чендеринин ортосундагы ажырым көбөйгөн. Жалпысынан, чендер эсептик чен боюнча белгиленген пайыздык чектин алкагынан ашкан эмес. Акча рыногунун чендери Улуттук банк тарабынан жүргүзүлгөн акча-кредит саясатына ылайык келген.

**2.4.3-график.**

Банктар аралык кредит рыногунун чендер динамикасы

*(пайыздар)*




*Акча базасы*

Отчеттук жылдын акырына карата акча базасынын көлөмү 44,9 пайызга же 70,5 млрд сомго көбөйүү менен 227,4 млрд сомду түзгөн. Акча базасынын өсүшүнө, негизинен, Улуттук банктын (83,0 млрд сом) баалуу металлдар рыногундагы операциялары салымын кошкон.

**2.4.4-график.**

Акча топтомдорунун жылдык өзгөрүү арымынын динамикасы (бир мезгилдин акырына карата)

*(пайыздар)*



2022-жылдын жыйынтыгы боюнча[1] M2X акча топтому (чет өлкө валютасындагы депозиттерди камтыган кеңири маанидеги акча массасы) 30,6 пайызга, 443,7 млрд сомго чейин өскөн. Бул көрсөткүчтүн көбөйүшү, негизинен, депозиттердин 24,4 пайызга өсүшү менен шартталган, анын ичинде улуттук валютадагы депозиттер – 23,9 пайызга жана чет өлкө валютасындагы депозиттер 25,0 пайызга көбөйгөн. Отчеттук мезгилде банктардан тышкаркы акчанын көрсөткүчү 41,3 пайызга көбөйгөн. Кеңири мааниде колдонулуучу улуттук валютадагы акча массасынын (M2 акча топтому) 2022-жылдын акырына карата 32,5 пайызга, 335,5 млрд сомго чейин өсүшү белгиленген.

МАЗМУНУ

[1] Акча топтомдору боюнча келтирилген маалыматтар коммерциялык банктар финансылык жылды жапкандан кийин корректировкаланышы мүмкүн.

# 3-ГЛАВА. ФИНАНСЫ-КРЕДИТ УЮМДАРЫНЫН ӨНҮГҮШҮ ЖАНА АЛАРДЫН ИШИН ЖӨНГӨ САЛУУ

2022-жылы Улуттук банк өлкөнүн банк жана финансы системаларында туруктуулукту сактоого, ошондой эле банк, төлөм жана микрофинансылык кызмат көрсөтүүлөрдү өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүүгө багытталган иш-чараларды жүзөгө ашырган. Дүйнөлүк рыноктордо орун алган азык-түлүк жана энергетика тармактарында кризистерге жана жалпы эле бир катар өлкөлөрдө тышкы соода операцияларынын өзгөчөлүгү өзгөргөндүгүнө, ошондой эле дале орун алып турган пандемиядан кийинки натыйжаларга байланыштуу тышкы факторлордун банк секторуна таасирин текшилөө ишине өзгөчө көңүл бурулган.

Улуттук банк банктык тобокелдиктерди азайтуу, санарип банктык кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо үчүн мүмкүнчүлүктөрдү түзүү, ошондой эле ислам каржылоо принциптери боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү арттыруу боюнча чараларды кабыл алган.

Улуттук банктын өкмөттүк программалар менен катар чакан жана орто бизнес ишкердигин колдоого алууга жана калыбына келтирүүгө багытталган чаралары финансы-кредит уюмдары калкты кредиттөө көлөмүнүн өсүшүнө өбөлгө түзгөн.

Банктардын жыйынды кредит портфели 2022-жылы 12,2 пайызга өсүү менен 204,0 млрд сомду түзгөн. Финансылык ортомчулуктун жалпы деңгээли жогорулап (активдердин ИДӨгө карата катышы), 52,4 пайызды түзгөн (2021-жылдын акырына – 48,8 пайыз). Коммерциялык банктардын депозиттик базасынын жалпы көлөмү 2022-жылы 339,0 млрд сомду түзүү менен 39,5 пайызга өскөн, алардын ичинен жеке адамдардын депозиттери 13,9 пайызга, ал эми юридикалык жактардын депозиттери 38,1 пайызга жогорулаган.

2022-жыл жыйынтыгы боюнча БФКУлардын жыйынды активдери 4,2 млрд сомго же 12,6 пайызга жогорулап, 37,2 млрд сомду түзгөн. БФКУлардын кредит портфели 3,1 млрд сомго же 11,2 пайызга жогорулап, 31,2 млрд сомду, анын ичинде ислам каржылоо принциптери боюнча 1,5 млрд сом суммасын же БФКУлардын кредит портфелинин 4,9 пайызын түзгөн. Отчеттук жылдын акырына карата БФКУлардын тартылган депозиттери 2021-жылга салыштырганда 1,8 млрд сомго же эки эседен жогору көбөйүү менен 3,4 млрд сом чегинде калыптанган.

Отчеттук мезгил ичинде, түптөлгөн геосаясий жагдайга, 2022-жылдын сентябрь айында Баткен жана Ош областтарында болуп өткөн куралдуу кагылышуунун кесепеттерин четтетүүгө, ошондой эле жаңы банктык мыйзамдарга ылайык келтирүүгө байланыштуу банк системасынын туруктуулугун сактоо максатында, ченемдик укуктук актыларга өзгөртүүлөр киргизилген.

## 3.1. Коммерциялык банктардын өнүгүшү жана алардын ишин жөнгө салуу

### 3.1.1. Банк системасынын өнүгүшү боюнча баяндама[1]

2022-жылы банк системасынын ишинин төмөнкү негизги көрсөткүчтөрү: активдердин, кредит портфелинин, депозиттердин жана капиталдын өсүшү сакталган. Депозиттер көлөмүнүн өсүп жатышы глобалдуу кризис күч алган мезгилде калктын банктарга ишеними жогорулагандыгын тастыктайт. Отчеттук мезгилде банктардын капитал көлөмүнүн жогорулашы банк системасынын ишенимдүүлүгүн жана туруктуулугун чыңдоого өбөлгө түзгөн.

[1] Мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик банктык отчетко (ПРБО) ылайык.

2022-жылы 23 коммерциялык банк иштеп, анын ичинен 14 банк чет өлкө капиталы менен ишкердигин жүргүзгөн. Отчеттук мезгил ичинде банктардын уставдык капиталы 37,0 млрд сомдон 44,2 млрд сомго чейин өскөн. Банк системасынын уставдык капиталындагы чет өлкө капиталынын үлүшү 4,8 пайыздык пунктка төмөндөп, 24,5 пайызды түзгөн.

*Банк системасынын активдери*

Банк системасынын суммардык активдери 33,5 пайызга көбөйүп, отчеттук жылдын акырына 482,2 млрд сомду түзгөн. Банктардын активдеринин негизги бөлүгү кредиттерге, корреспонденттик эсептерге жана башка банктардагы депозиттерге туура келип, алардын үлүшү, тиешелүүлүгүнө жараша, 42,3 жана 20,7 пайызды түзгөн.

***3.1.1.1-таблица.***

Коммерциялык банктардын активдеринин түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)

| Активдердин категориясы | 2021-жыл | | 2022-жыл | |
|---|---|---|---|---|
| | *млрд сом* | Үлүшү, *пайыздар* | *млрд сом* | Үлүшү, *пайыздар* |
| Кредиттер жана кардарларга финансылык ижара | 181,8 | 50,3 | 204,0 | 42,3 |
| Башка банктардагы корреспонденттик эсептер жана депозиттер | 62,6 | 17,3 | 99,8 | 20,7 |
| Баалуу кагаздар портфели | 33,4 | 9,3 | 52,5 | 10,9 |
| Акча каражаттары | 30,1 | 8,4 | 56,9 | 11,8 |
| Улуттук банктагы корреспонденттик эсеп | 18,8 | 5,2 | 30,6 | 6,4 |
| Негизги каражаттар | 17,1 | 4,7 | 18,9 | 3,9 |
| Финансы-кредит уюмдарына кредиттер | 1,2 | 0,3 | 2,0 | 0,4 |
| Репо боюнча сатып алынган баалуу кагаздар | 0,3 | 0,1 | 0,0 | 0,0 |
| Инвестициялар жана финансылык катышуу | 1,0 | 0,3 | 0,7 | 0,1 |
| Атайын РППУ* | -18,1 | -5,0 | -23,1 | -4,8 |
| Башка активдер | 32,9 | 9,1 | 39,9 | 8,3 |
| **Бардыгы болуп** | **361,1** | **100,0** | **482,2** | **100,0** |

** Атайын РППУ дегенден улам, классификацияланган кредиттер (субстандарттык, шектүү, жоготуулар) боюнча жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга каралган резервди түшүнүү зарыл.*

Коммерциялык банктар акча каражаттары, кыска мөөнөттүү активдер түрүндө жана Улуттук банктагы корреспонденттик эсептерде жайгаштырылуучу жогору ликвиддүү каражаттар көлөмү отчеттук мезгилде 68,0 пайызга жогорулап, 2022-жылдын акырына 187,3 млрд сомду же активдердин жалпы көлөмүнүн 38,8 пайызын түзгөн.

Классификацияланбаган активдердин жана баланстан тышкаркы милдеттенмелердин көлөмү активдердин жалпы көлөмүнүн 91,1 пайызын же 373,6 млрд сомду, ал эми классификацияланган активдердин үлүшү 8,9 пайызды же 36,3 млрд сомду түзгөн.

***3.1.1.2-таблица.***

Банктардын активдерин жана балансттан тышкаркы милдеттенмелерин классификациялоо
*(пайыздар)*

| Категориясы | Активдер жана балансттан тышкаркы милдеттенмелер | |
|---|---|---|
| | 2021-жыл | 2022-жыл |
| **Бардыгы болуп классификацияланбагандар** | **90,9** | **91,1** |
| *анын ичинен:* | | |
| Нормалдуу | 67,4 | 71,0 |
| Канааттандырарлык | 8,1 | 8,0 |
| Байкоого алынган | 15,4 | 12,1 |
| **Бардыгы болуп классификациялангандар** | **9,1** | **8,9** |
| *анын ичинен:* | | |
| Субстандарттык | 3,6 | 2,9 |
| Шектүү | 1,4 | 1,3 |
| Жоготуулар | 4,1 | 4,7 |
| **Бардыгы болуп** | **100,0** | **100,0** |

*Кредит портфели*

Банктардын чогуу алгандагы кредит портфели[1] 204,0 млрд сомду түзүү менен 12,2 пайызга өскөн.

***3.1.1.1-график.***

Банктардын активдеринин жана кредит портфелинин динамикасы (бир мезгилдин акырына карата)




Кредит портфелинин өсүшү улуттук валютада кредиттөө көлөмүнүн 19,0 пайызга, 156,0 млрд сомго чейин өсүшү менен шартталган. Мында чет өлкө валютасындагы кредиттердин көлөмү 5,3 пайызга төмөндөп, 48,0 млрд сомду түзгөн.

[1] Мында жана мындан ары банктарга жана ФКУларга берилген кредиттерди эске алуусуз.

***3.1.1.2-график.***

Банктардын кредит портфелинин көлөмү (бир мезгилдин акырына карата)




Отчеттук жыл ичинде коммерциялык банктардын кыска мөөнөттүү кредиттеринин чогуу алгандагы көлөмү 28,7 пайызга жогорулаган, ал эми мөөнөтү бир жылдан ашкан кредиттердин көлөмү 9,3 пайызга өскөн, бул кредит портфелинин дюрациясынын 32,1 айдан 31,1 айга чейин кыскарышын шарттаган. Карыз алуучулардын саны 20,8 пайызга өсүп, 576,4 миң жеке адамды жана юридикалык жакты түзгөн.

*Кредит портфелинин долларлашуусу*

Кредит портфелинин долларлашуу деңгээли 2022-жыл жыйынтыгы боюнча 2021-жылга салыштырганда 4,4 пайыздык пунктка, 23,5 пайызга чейин азайган.

***3.1.1.3-график.***

Банктардын кредит портфелинин долларлашуусу (бир мезгилдин акырына карата)




*Кредит портфелинин тармактык түзүмү*

Кредиттөөнүн негизги көлөмү экономиканын төмөнкү секторлоруна: 56,2 млрд сом – соода жана коммерциялык операцияларга (9,6 пайызга өсүш), 37,1 млрд сом – айыл чарбага (11,7 пайызга өсүш), 33,1 млрд сом – керектөө кредиттерине (48,9 пайызга өсүш), 24,4 млрд сом – ипотекага (22,2 пайызга өсүш), 13,7 млрд сом – өнөр жайга (1,1 пайызга төмөндөө) жана 12,9 млрд сом – курулушка (4,5 пайызга төмөндөө) багытталган.

***3.1.1.4-график.***

Банктардын экономика тармактары боюнча кредит портфели (бир мезгилдин акырына карата)




*Кредит портфелинин регионалдык түзүмү*

Кыргыз Республикасынын дээрлик бардык региондорунда банктардын кредит портфелинин көлөмү көбөйгөндүгү байкалган. Бишкек шаарында кредит портфелинин өсүшү 5,0 млрд сомду, Ош шаарында жана Ош областында – 5,2 млрд сомду, Жалал-Абад областында – 5,2 млрд сомду, Ысык-Көл областында – 3,3 млрд сомду, Чүй областында – 2,8 млрд сомду, Баткен областында – 1,3 млрд сомду түзгөн. Кредит портфелинин көлөмү Нарын областында – 0,3 млрд сомго, Талас областында – 0,1 млрд сомго төмөндөгөндүгү байкалган.

***3.1.1.3-таблица.***

Банктардын кредит портфелинин регионалдык түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)*

| | 2021-жыл | | 2022-жыл | |
|---|---|---|---|---|
| | *млрд сом* | *Үлүшү, пайыздар* | *млрд сом* | *Үлүшү, пайыздар* |
| Бишкек шаары | 100,4 | 55,4 | 105,4 | 51,8 |
| Ош шаары жана Ош областы | 23,1 | 12,8 | 28,3 | 13,9 |
| Жалал-Абад областы | 16,1 | 8,9 | 21,3 | 10,5 |
| Чүй областы | 12,5 | 6,9 | 15,3 | 7,5 |
| Ысык-Көл областы | 9,6 | 5,3 | 12,9 | 6,3 |
| Нарын областы | 7,4 | 4,0 | 7,1 | 3,5 |
| Талас областы | 6,3 | 3,5 | 6,2 | 3,0 |
| Баткен областы | 5,8 | 3,2 | 7,1 | 3,5 |
| **Бардыгы болуп** | **181,2** | **100,0** | **203,6** | **100,0** |

** Кредит портфели дисконтту эске алуу менен чагылдырылган.*

Коммерциялык банктардын кредит портфели боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен отчеттук жылдын акырына карата улуттук валютада 0,8 пайыздык пунктка жогорулоо менен 17,1 пайыз, ал эми чет өлкө валютасында 0,3 пайыздык пунктка төмөндөө менен 8,6 пайыз чегинде калыптанган.

Кредит портфели боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен (керектөө кредиттерин эске албаганда) улуттук валютада 0,7 пайыздык пунктка жогорулап, жыл акырына карата 15,5 пайызды түзгөн.

***3.1.1.5-график.***

Банктардын кредит портфелинин орточо салмактанып алынган пайыздык чендери




*Банктардын кредиттерин классификациялоо жана РППУ*

Кредит портфелиндеги классификацияланган кредиттердин салыштырма салмагы 2021-жылга салыштырганда 1,7 пайыздык пунктка жогорулап, 12,8 пайызды же 26,1 млрд сомду түзгөн.

Отчеттук мезгилде кредит портфелинин көлөмүнүн өсүшү шартында РППУга чегерүүлөр өлчөмү кредит портфелинин 2,5 пайызын түзгөн (2021-жылы – 1,4 пайыз).

***3.1.1.4-таблица.***

Банктардын кредиттерин классификациялоо
*(пайыздар)*

| Категориясы | Кредиттер | |
|---|---|---|
| | 2021-жыл | 2022-жыл |
| **Бардыгы болуп классификацияланбагандар** | **88,9** | **87,2** |
| *анын ичинен:* | | |
| Нормалдуу | 51,1 | 53,4 |
| Канааттандырарлык | 11,5 | 11,3 |
| Байкоого алынган | 26,3 | 22,5 |
| **Бардыгы болуп классификациялангандар** | **11,1** | **12,8** |
| *анын ичинен:* | | |
| Субстандарттык | 4,3 | 4,2 |
| Шектүү | 1,7 | 2,1 |
| Жоготуулар | 5,1 | 6,5 |
| **Бардыгы болуп** | **100,0** | **100,0** |

*Жаңыдан берилген кредиттер*

2022-жылы ичинде коммерциялык банктар тарабынан берилген кредиттердин жалпы көлөмү 2021-жылга салыштырганда 19,4 пайызга өсүп, 188,8 млрд сомду түзгөн, бул улуттук валютада берилген кредиттер көлөмүнүн 25,0 пайызга, 157,3 млрд сомго чейин жогорулашына байланыштуу болгон.

Жыл ичинде берилген кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен жогорулагандыгы белгиленген. Улуттук валютада пайыздык чендин орточо мааниси 2,0 пайыздык пунктка жогорулоо менен 18,7 пайызды түзгөн, ал эми чет өлкө валютасындагы көрсөткүч 0,4 пайыздык пунктка жогорулап, 8,2 пайыз чегинде түптөлгөн.

*Банк системасынын милдеттенмелери*

2022-жыл жыйынтыгы боюнча коммерциялык банктардын милдеттенмелеринин чогуу алгандагы көлөмү 29,9 пайызга, 401,9 млрд сомго чейин көбөйгөн. Чет өлкө валютасында милдеттенмелердин үлүшү 2021-жылга салыштырганда 3,2 пайыздык пунктка жогорулап, 2022-жылдын акырына карата милдеттенмелердин жалпы көлөмүнүн 43,7 пайызын түзгөн.

***3.1.1.5-таблица.***

Банктардын милдеттенмелеринин түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)

| Милдеттенмелердин категориясы | 2021-жыл | | 2022-жыл | |
|---|---|---|---|---|
| | *млрд сом* | Үлүшү, *пайыздар* | *млрд сом* | Үлүшү, *пайыздар* |
| Мөөнөттүү депозиттер | 68,2 | 22,0 | 77,5 | 19,3 |
| Эсептешүү эсептери | 88,8 | 28,7 | 120,2 | 29,9 |
| Талап боюнча төлөнүүчү депозиттер | 56,9 | 18,4 | 68,5 | 17,0 |
| Алынган кредиттер | 23,8 | 7,7 | 23,7 | 5,9 |
| Өкмөттүн депозиттери | 15,5 | 5,0 | 23,2 | 5,8 |
| Резидент эместердин депозиттери | 13,5 | 4,4 | 49,6 | 12,3 |
| Улуттук банк алдындагы милдеттенмелер | 4,1 | 1,3 | 0,0 | 0,0 |
| Өкмөттүн кредиттери | 4,5 | 1,5 | 5,3 | 1,3 |
| Банктардын эсептешүү эсептери жана депозиттери | 5,8 | 1,9 | 5,8 | 1,5 |
| Репо келишими боюнча сатылган баалуу кагаздар | 0,3 | 0,1 | 0,0 | 0,0 |
| Башка милдеттенмелер | 28,0 | 9,0 | 28,1 | 7,0 |
| **Бардыгы болуп** | **309,4** | **100,0** | **401,9** | **100,0** |

Милдеттенмелердин жалпы көлөмүндөгү депозиттик базанын үлүшү 84,3 пайызга чейин жогорулаган, бул 2021-жылдагы тиешелүү көрсөткүчтөн 5,8 пайыздык пунктка жогору.

***3.1.1.6-график.***

Милдеттенмелердин жана депозиттик базанын динамикасы




*Депозиттик база*

2022-жылдын акырына карата коммерциялык банктардын кардарларынын депозиттик базасынын жалпы көлөмү 39,5 пайызга, 339,0 млрд сомго чейин өскөн. Депозиттердин өсүшү улуттук валютада сыяктуу эле (29,0 пайызга), чет өлкө валютасында да (54,6 пайызга) байкалган. Аманатчылардын саны өсүп, жыл акырына 5,5 млн жеке адамды жана юридикалык жакты түзгөн, бул 2021-жылдын акырындагы көрсөткүчтөн 42,3 пайызга көп.

***3.1.1.7-график.***

Банктардын депозиттик базасынын көлөмү (бир мезгилдин акырына карата)




*Депозиттик базанын долларлашуусу*

Чет өлкө валютасындагы депозиттердин өсүшү депозиттик базанын долларлашуу деңгээлинин 2021-жылга салыштырганда 4,4 пайыздык пунктка жогорулашын шарттап, 45,6 пайызды түзгөн.

***3.1.1.8-график.***

Банктардын депозиттик базасынын долларлашуусу (бир мезгилдин акырына карата)




*Депозиттик базанын жалпы түзүмү*

Депозиттердин түзүмүндө кыска мөөнөттүү аманаттардын салыштырма салмагы өскөн, ал эми узак мөөнөттүү аманаттардын (бир жылдан ашык мөөнөттүү) үлүшү төмөндөгөн. Мунун натыйжасында, депозиттик базанын дюрациясы 2021-жылдагы 4,6 айдан 2022-жылы 3,3 айга чейин кыскарган. Мөөнөттүү депозиттердин дюрациясы 2,0 пайыздык пунктка, 12,0 айга чейин азайган.

*Депозиттер боюнча пайыздык чендер*

Улуттук валютадагы депозиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 2022-жылдын акырына карата мурдагы деңгээлде сакталып, 5,6 пайыз чегинде түптөлгөн. Чет өлкө валютасындагы депозиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 0,6 пайызга чейин (0,3 пайыздык пунктка) төмөндөгөн.

*Жаңы депозиттер*

Банктар тарабынан 2022-жылы кабыл алынган депозиттердин көлөмү[1] 2021-жылга салыштырганда 66,5 пайызга жогорулап, 1 513,7 млрд сомду түзгөн. Улуттук валютадагы депозиттер 62,7 пайызга өсүп, 1 024,4 млрд сомго жеткен. Чет өлкө валютасындагы депозиттер 75,2 пайызга өсүп, 489,2 млрд сомду түзгөн. Депозиттердин негизги агылып кирүүсү талап боюнча төлөнүүчү депозит эсептерине каражаттардын түшүүсү менен камсыздалган.

Улуттук валютада тартылган депозиттер боюнча пайыздык чендин орточо мааниси өткөн жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда 0,1 пайыздык пунктка, 1,4 пайызга чейин жогорулаган, ал эми чет өлкө валютасында 0,1 пайыздык пунктка, 0,2 пайызга чейин төмөндөгөн.

Улуттук валютада тартылган мөөнөттүү депозиттер боюнча пайыздык чендин орточо мааниси 2021-жылга салыштырганда 1,6 пайыздык пунктка, 11,8 пайызга чейин жогорулаган, ал эми чет өлкө валютасында 0,3 пайыздык пунктка, 2,3 пайызга чейин төмөндөгөн.

***3.1.1.9-график.***

Банктардын мөөнөттүү депозиттери боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чендери




*Коммерциялык банктардын капиталы*

Коммерциялык банктардын таза суммардык капиталынын[2] көлөмү 2022-жылы 55,9 пайызга өсүп, 81,7 млрд сомду түзгөн. Төлөнгөн уставдык капиталдын[3] өлчөмү 19,7 пайызга, 44,2 млрд сомго чейин көбөйгөн.

Банк секторунун капитал шайкештигинин көрсөткүчтөрү банк секторунун туруктуулугун тастыктоодо. Банк секторунун капитал шайкештигинин деңгээли (К 2.1.) 2022-жыл жыйынтыгы боюнча 25,6 пайызды түзүү менен белгиленген ченемден (12 пайыздан кем эмес) эки эсеге жогорулаган, бул финансылык ортомчулук деңгээлинин андан ары да жогорулашы мүмкүндүгүн тастыктайт.

МАЗМУНУ

[1] Мында жана мындан ары жыл ичинде тартылган депозиттердин көлөмүнө эсептешүү эсептериндеги каражаттар кирген эмес.

[2] Туунду уюмдарга жана башка финансы-кредит уюмдарынын капиталына инвестицияларды кошпогондо, банктын уставдык капиталын, отчеттук жана өткөн жылдардагы иштин финансылык натыйжасын, түзүлгөн резервдерди камтыган эсептешүү көрсөткүчү. Бул көрсөткүч Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан белгиленген экономикалык ченемдердин маанилерин эсептөөдө колдонулат.

[3] Бул категорияга жөнөкөй жана артыкчылык берилген акциялар кирет.

***3.1.1.10-график.***

Банктардын капитал базасында көрсөткүчтөрүнүн динамикасы




** 2020-жылдын 1-январына чейин бул көрсөткүч "Левераж (К 2.3.)" деп аталган*

2022-жыл жыйынтыгы боюнча банк системасынын таза пайдасы 2021-жылга салыштырмалуу 6,5 пайызга жогорулап, 23,2 млрд сомду түзгөн.

***3.1.1.6-таблица.***

Банктардын кирешелеринин жана чыгашаларынын көлөмү

*(млрд сом)*

| Категориясы | 2021-жыл | 2022-жыл |
|---|---|---|
| Бардыгы болуп пайыздык кирешелер | 27,2 | 35,2 |
| Бардыгы болуп пайыздык чыгашалар | 9,8 | 12,2 |
| ***Таза пайыздык киреше*** | ***17,3*** | ***23,0*** |
| РППУга чегерүүлөр (кредиттер боюнча) | 2,6 | 5,1 |
| ***РППУга чегерүүлөрдөн кийинки таза пайыздык киреше*** | ***14,8*** | ***17,9*** |
| Бардыгы болуп пайыздык эмес кирешелер | 17,5 | 80,3 |
| Бардыгы болуп пайыздык эмес чыгашалар | 10,4 | 47,5 |
| Бардыгы болуп башка операциялык жана административдик чыгашалар | 16,7 | 22,9 |
| ***Таза операциялык киреше (чыгым)*** | ***5,1*** | ***27,8*** |
| РППУга чегерүүлөр (башка активдер боюнча) | 1,0 | 2,0 |
| Салык алынганга чейинки таза киреше (чыгым) | 4,1 | 25,8 |
| Пайдага салык | 0,5 | 2,7 |
| ***Таза пайда (чыгым)*** | ***3,6*** | ***23,2*** |

**3.1.1.11-график.**

Банктардын рентабелдүүлүк көрсөткүчтөрү




Коммерциялык банктардын активдеринин кирешелүүлүк көрсөткүчү (ROA) 2022-жыл ичинде 1,2 пайыздан 5,9 пайызга чейин өскөн, ал эми капиталдын кирешелүүлүк көрсөткүчү (ROE) 7,8 пайыздан 43,4 пайызга чейин жогорулаган.

### 3.1.2. Коммерциялык банктардын ишин лицензиялоо

Коммерциялык банктардын ишин лицензиялоо Улуттук банк Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларында каралган өз ыйгарым укуктарынын чегинде жүзөгө ашырган банктык көзөмөлдүн бир бөлүгү болуп саналат.

2022-жыл ичинде бир коммерциялык банкка электрондук акча чыгарууга, дагы бир коммерциялык банкка башка эмитенттердин жеке белгиси көрсөтүлбөгөн (нак эмес формада) аффинаждалган стандарттык жана өлчөнгөн куймалар түрүндө баалуу металлдары менен операцияларды жүргүзүү укугуна уруксат берилип, бир коммерциялык банкка жана бир МФКга микрофинансылык компанияны коммерциялык банкка кошуу аркылуу кайра уюштурууга макулдук берилген, ошондой эле эки коммерциялык банкка “ислам терезеси” аркылуу улуттук жана/же чет өлкө валюталарында ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык банктык операцияларды жүргүзүү укугуна лицензия берилген.

**3.1.2.1-таблица.**

Филиалдардын, сактык жана көчмө кассалардын саны

*Филиалдар, сактык жана көчмө кассалар*

| | Филиалдардын саны | | Сактык кассаларынын саны | | Көчмө кассалардын саны | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2021-жыл | 2022-жыл | 2021-жыл | 2022-жыл | 2021-жыл | 2022-жыл |
| Бишкек шаары | 76 | 78 | 250 | 253 | 31 | 34 |
| Баткен областы | 23 | 23 | 61 | 65 | 8 | 7 |
| Жалал-Абад областы | 46 | 46 | 147 | 150 | 24 | 23 |
| Ысык-Көл областы | 39 | 40 | 56 | 57 | 20 | 19 |
| Нарын областы | 19 | 20 | 24 | 25 | 4 | 5 |
| Ош областы | 57 | 59 | 174 | 184 | 41 | 39 |
| Талас областы | 18 | 18 | 25 | 25 | 9 | 8 |
| Чүй областы | 34 | 34 | 65 | 71 | 34 | 32 |
| **Бардыгы болуп** | **312** | **318** | **802** | **830** | **171** | **167** |

2022-жылы коммерциялык банктар тарабынан республика боюнча жети филиал, 33 сактык касса жана 45 көчмө касса ачылган. Ошол эле учурда, коммерциялык банктардын бир филиалы, беш сактык кассасы жана 49 көчмө кассасы жабылган.

### 3.1.3. Коммерциялык банктардын ишин көзөмөлдөө

2022-жыл ичинде Улуттук банк тобокелдикти аныктоого багытталган көзөмөлдүк принциптерин сактоо менен жана финансылык абалды, башкаруу сапатын, экономикалык ченемдерди жана мыйзамдарда белгиленген башка талаптарды эске алуу менен аралыктан иликтөө жана жерине барып текшерүү аркылуу банктардын ишин көзөмөлдөп турган. Дүйнөдө орун алган геосаясый жагдайдан жана тышкы рыноктордогу белгисиздиктен улам ички валюта рыногундагы жагдайды турукташтырууга өзгөчө көңүл бурулган. Туруктуу негизде коммерциялык банктардын ишине мониторинг жүргүзүлүп, валюта курсу жогору өзгөрүлмөлүүлүккө дуушарлангандыктан коммерциялык банктардын кредиттерине жана операцияларына талдап-иликтөө жүргүзүлүп турган.

*Капитал көрсөткүчтөрү*

“12 пайыздан кем эмес” ченемде белгиленген суммардык капитал шайкештигинин көрсөткүчү жыл жыйынтыгы боюнча 25,6 пайыз өлчөмүндө калыптанган, бул банк секторунда иш туруктуу жүрүп жаткандыгын, ошондой эле финансылык кызматтарды сунуштоону арттыруу үчүн банк системасы потенциалга ээ экендигин тастыктайт.

***3.1.3.1-таблица.***

Коммерциялык банктардын капиталынын көрсөткүчтөрү (бир мезгилдин акырына карата)

| | 2021-жыл | 2022-жыл |
|---|---|---|
| Таза суммардык капитал, *млрд сом* | 52,4 | 81,6 |
| Тобокелдикке ээ таза активдер, *млрд сом* | 235,9 | 287,6 |
| Суммардык капиталдын шайкештик коэффициенти, *пайыздар* | 22,2 | 25,6 |
| Суммардык капиталдын шайкештик ченеми (кеминде), *пайыздар* | 12,0 | 12,0 |
| Капиталдын шайкештиги коэффициенти 30 пайыздан жогору болгон банктардын саны, *даана* | 7 | 12 |
| Капиталдын шайкештиги коэффициенти 20 пайыздан 30 пайызга чейин болгон банктардын саны, *даана* | 8 | 7 |
| Капиталдын шайкештиги коэффициенти 20 пайыздан төмөн болгон банктардын саны, *даана* | 8 | 4 |

*Кредиттик тобокелдик*

Кредиттик тобокелдик банк ишине мүнөздүү негизги тобокелдиктердин бири болуп саналат жана алар активдерди жана баланстан тышкаркы милдеттенмелерди классификациялоонун негизинде бааланат[1]. Кайтарылбай калуу тобокелдигине ээ классификацияланган кредиттер боюнча атайын камдардын кредит портфелине карата катышы жыл башынан тартып 1,6 пайыздык пунктка жогорулап, 8,6 пайызды түзгөн. Кредит портфелинин сапатынын өзгөрүшүнө сентябрь айында Баткен жана Ош облустарында болуп өткөн куралдуу кагылышуулар кыйла таасирин тийгизген, бул карыз алуучулардын финансылык абалынын начарлашына жана кредиттер боюнча күрөөлүк камсыздоолордун зыянга учурашына же толугу менен жок болушуна алып келген.

Ушуга байланыштуу Улуттук банк коммерциялык банктардын, банк эмес жана адистештирилген финансы-кредит уюмдарынын Баткен жана Ош облустарындагы куралдуу кагылышуулардын натыйжасында жабыр тарткан кардарларына колдоо көрсөтүүгө багытталган токтомду кабыл алган.

[1] Маалыматтар “Банк системасынын өнүгүшү боюнча баяндама” деп аталган 3.1.1-бөлүктө, “Банктардын активдерин жана балансатан тышкаркы милдеттенмелерин классификациялоо” деп аталган 3.1.1.2-таблицада жана “Банктардын кредиттерин классификациялоо” деп аталган 3.1.1.4-таблицада келтирилген.

*Валюта тобокелдиги*

Валюта тобокелдигине чет өлкө валютасындагы активдердин жана милдеттенмелердин катышынын, ошондой эле алардын коммерциялык банктардын суммардык активдериндеги же милдеттенмелериндеги үлүшүнүн негизинде баа берилет. 2022-жыл жыйынтыгы боюнча банк системасынын чет өлкө валютасындагы активдери 185,9 млрд сомду же суммардык активдердин 38,5 пайызын түзгөн. Коммерциялык банктардын чет өлкө валютасындагы милдеттенмелери 174,0 млрд сомду же бардык милдеттенмелердин 43,7 пайызын түзгөн.

***3.1.3.2-таблица.***

Коммерциялык банктардын чет өлкө валютасындагы активдери жана милдеттенмелери (бир мезгилдин акырына карата)

| | 2021-жыл | 2022-жыл |
|---|---|---|
| Чет өлкө валютасындагы активдер, *млрд сом* | 132,8 | 185,9 |
| Бардык активдердин түзүмүндөгү чет өлкө валютасындагы активдердин үлүшү, *пайыздар* | 36,8 | 38,5 |
| Чет өлкө валютасындагы милдеттенмелер, *млрд сом* | 121,2 | 174,0 |
| Бардык милдеттенмелердин түзүмүндөгү чет өлкө валютасындагы милдеттенмелердин үлүшү, *пайыздар* | 39,9 | 43,7 |

*Ликвиддүүлүк тобокелдиги*

Ликвиддүүлүк тобокелдиги ар бир мөөнөт аралыгында милдеттенмелердин ордун активдер менен жабуу көз карашынан кароого алынат, бул мөөнөттөр жана милдеттенмелер боюнча ажырым орун алган шартта каражаттарга болгон муктаждыкты баалоого мүмкүндүк берет. 2022-жылы коммерциялык банктардын активдерин жана милдеттенмелерин төлөө мөөнөттөрү боюнча терс ажырым анча өзгөргөн эмес жана белгиленген мөөнөт ичинде милдеттенмелердин активдерден артышы тобокелдиги узак мөөнөттүү келечекте алгылыктуу ажырымдын эсебинен компенсацияланышы мүмкүн.

***3.1.3.3-таблица.***

Активдер жана милдеттенмелер мөөнөттөрү боюнча (бир мезгилдин акырына карата)

*(млрд сом)*

| 2021-жыл | Мөөнөтү күндөрдө | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 0-30 | 31-90 | 91-180 | 181-365 | 365 күндөн ашык | Бардыгы |
| Активдер | 161,2 | 15,9 | 15,8 | 31,5 | 154,8 | 379,1 |
| Милдеттенмелер | 189,9 | 12,0 | 21,4 | 32,6 | 48,3 | 304,1 |
| Активдердин милдеттенмелерден ашкан суммасы | -28,7 | 3,9 | -5,6 | -1,1 | 106,5 | 75,0 |
| активдердин жалпы көлөмүнө карата пайыздарда | 17,8 | 24,6 | 35,5 | 3,5 | 68,8 | 19,8 |

| 2022-жыл | Мөөнөтү күндөрдө | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 0-30 | 31-90 | 91-180 | 181-365 | 365 күндөн ашык | Бардыгы |
| Активдер | 246,6 | 21,8 | 17,8 | 30,8 | 190,9 | 508,0 |
| Милдеттенмелер | 273,5 | 15,0 | 24,9 | 38,6 | 45,9 | 397,9 |
| Активдердин милдеттенмелерден ашкан суммасы | -26,9 | 6,7 | -7,0 | -7,8 | 145,0 | 110,1 |
| активдердин жалпы көлөмүнө карата пайыздарда | 10,9 | 30,9 | 39,3 | 25,3 | 76,0 | 21,7 |

Жыл жыйынтыгында коммерциялык банктар үчүн “45,0 пайыздан кем эмес” деңгээлде белгиленген банк системасынын ликвиддүүлүк ченеминин айкын мааниси 11,5 пайыздык пунктка, 82,8 пайызга чейин жогорулаган. Тобокелдиктерди алдын алуу максатында айрым банктар үчүн дароо ликвиддүүлүк боюнча кошумча ченем (К3.3) колдонулууда.

*ПФТД/ЛПД*

Кыргыз Республикасынын террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү чөйрөсүндө мыйзам талаптарын аткаруу боюнча ыйгарым укуктуу орган менен өз ара иш алып баруунун алкагында 2022-жылы, көзөмөлгө алынган уюмдар тарабынан Кыргыз Республикасынын террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү чөйрөсүндө мыйзам талаптары сакталып жаткандыгы боюнча маалымат алмашуу туруктуу негизде жүргүзүлүп турган.

*Инспектордук текшерүүлөр*

2022-жылы Улуттук банк тобокелдикти аныктоого багытталган көзөмөл ыкмаларын колдонуу менен коммерциялык банктарда инспектордук текшерүүлөрдү жүргүзгөн. Текшерүүлөрдүн алкагында капитал жетиштүүлүгүн, активдердин сапатын жана шарттуу милдеттенмелерди, ликвиддүүлүктү, кирешелүүлүктү, банктын операциялык жана рыноктук тобокелдиктерге дуушарлануу мүмкүнчүлүгүн эске алуу менен банкта тобокелдикти тескөө, корпоративдик башкаруу жана ички контролдук системасына жана банктар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген талаптарды, анын ичинде ПФТД/ЛПД боюнча талаптарды сактагандыгына баа берүү жүргүзүлгөн.

Коммерциялык банктар Улуттук банк тарабынан белгиленген маалымат коопсуздугу боюнча талаптарын сактагандыгына баа берүү жүргүзүлгөн. Финансы рыногунун маалымат коопсуздугун камсыздоо жана кредит-финансы чөйрөсүндө компьютердик чабуулдарга каршы аракеттенүү үчүн коммерциялык банктарга туруктуу негизде кибер коркунучтарды иликтөөлөрдүн жана кибер коркунучтарга чара көрүү боюнча башка борборлордун маалыматынын негизинде орун алган коркунучтар жана кемчиликтер жөнүндө маалымат берилип турган.

Мындан тышкары, Улуттук банк туруктуу негизде валюта рыногундагы жагдайга мониторинг жана талдоолорду, ошондой эле валюта рыногунда алып сатарлык операцияларга жол бербөө үчүн нак чет өлкө валютасында операцияларды жүргүзүү боюнча ченемдик укуктук актылардын талаптарынын сакталышына жерине барып текшерүүлөрдү жүргүзгөн. Текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча бузууга жол берген коммерциялык банктарга карата таасир этүү чаралары колдонулган.

Башка мамлекеттик органдар менен биргеликте мамлекеттик программалар боюнча кредиттик каражаттар максаттуу пайдаланылгандыгына кошумча текшерүүлөр жүргүзүлгөн.

### 3.1.4. Таасир этүү чаралары

2022-жылы жазма буйруктар түрүндө таасир этүү чаралары негизинен кредиттик, операциялык тобокелдиктерди жана террористтик ишти каржылоо жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштыруу (адалдоо) тобокелдиктерин кыскартууга, ошондой эле жогоруда белгиленген тобокелдиктерди башкаруу процессинде аныкталган кемчиликтерди жана бузууларды четтетүүгө багытталган. Тышкы көзөмөлдүн алкагында таасир этүү чаралары, эң башкысы, банктардын ички контролдоо системасынын экономикалык ченемдерди, касса тартибин, техникалык чыңдоо жана видеобайкоону уюштуруу бөлүгүн күчөтүү максатында колдонулган.

*Көзөмөл боюнча комитет*

2022-жылы Улуттук банктын Көзөмөл боюнча комитети тарабынан 43 отурум өткөрүлүп, анда коммерциялык банктардын ишине тиешелүү 101 маселе каралып алынган. Көзөмөл боюнча комитет көзөмөлдөө жагында жөнгө салуу чараларын

жана айрым коммерциялык банктардын ишин чектөө чараларын колдонгон, ошондой эле коммерциялык банктардын кызмат адамдарын макулдашкан.

Айрым банктарга карата ички контролдоо системасындагы кемчиликтер жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын, анын ичинде террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү боюнча мыйзам талаптарын бузуу үчүн айып пул түрүндө таасир этүү чаралары колдонулган.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларынын уставдык жана өздүк (жөнгө салуучу) капиталдарынын минималдуу өлчөмү боюнча талаптар сакталбагандыгына байланыштуу, Кыргыз Республикасынын мыйзам талаптарына ылайык эки коммерциялык банкка карата таасир этүү чаралары колдонулган/узартылган.

2022-жылдын башталышында эки банкка карата тике банктык көзөмөл режими киргизилип, жагдай туруктуу болгондон кийин жана тышкы өлкөлүк тобокелдиктер төмөндөгөндөн кийин режим токтотулган.

### 3.1.5. Коммерциялык банктардын ишин көзөмөлдөө жана жөнгө салуу методологиясы

2022-жыл ичинде банктардын, анын ичинде ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырган банктардын ишин жөнгө салуучу ченемдик укуктук базаны өркүндөтүү түптөлгөн геосаясий жагдайдан, Баткен областын өнүктүрүүгө көмөктөшүүдөн, ошондой эле жаңы банктык мыйзамдарга ылайык келтирүүдөн улам банк системасынын туруктуулугун сактоо боюнча чаралар кабыл алынгандыгына байланыштуу болгон.

*Банк системасына карата тышкы экономикалык таасирлерди чектөө*

Банк системасынын финансылык туруктуулугун колдоого алуу жана финансы рыногундагы жагдайды турукташтыруу үчүн Улуттук банк тарабынан бир катар убактылуу чечимдер кабыл алынган, так айтканда чет өлкө валютасында жаңыдан берилген кредиттер боюнча кредиттик тобокелдик деңгээли мурда белгиленген 150 пайыздан 300 пайызга чейин жогорулатылган. Коммерциялык банктардын акча каражаттарын сактоо мүмкүнчүлүгүн берүү үчүн банк-резиденттер ортосунда чет өлкө валютасында эсептер боюнча корреспонденттик мамиле түптөө үчүн шарттар түзүлгөн.

Тышкы экономикалык таасирлердин алгылыксыз кесепеттеринен улам сапаты начарлаган же начарлап бараткан кредиттерди реструктуризациялоо шарттары өзгөртүлгөн. Жаңыдан берилген, анын ичинде чет өлкө валютасында берилген, кредиттерди классификациялоо карыз алуучулардын чет өлкө валютасындагы кирешелеринин үлүшүнөн көз каранды болгон кредиттерди классификациялоо боюнча талаптар кайра кароого алынган.

Айрым чечимдер мамлекеттер аралык (өкмөттөр аралык) макулдашуунун алкагында түзүлгөн фонддун кепилдиктери менен камсыздалган кредиттерди классификациялоо боюнча талаптарды белгилөөгө тиешелүү болгон.

Тышкы экономикалык таасирлердин кесепеттерин текшилөө максатында, банктык кызматтардан керектөөчүлөр үчүн коммерциялык банктар жана банк эмес финансы-кредит уюмдары карыз алуучулар кредиттик келишимде каралган милдеттенмелерди аткарбагандыгы/ талаптагыдай аткарбагандыгы үчүн айыптык санкцияларды, анын ичинде үстөк айып (айып пул/туум) белгилөөсүнө жана өндүрүүсүнө убактылуу чектөөлөр киргизилген.

Эсеп ачуу үчүн зарыл болгон документтер тизмегин кыскартуу аркылуу жеке адамдарга жана жеке ишкерлерге банк эсептерин ачуу жол-жоболору жөнөкөйлөтүлгөн.

2022-жылдын сентябрь айында Баткен жана Ош областтарында болуп өткөн куралдуу кагылышуунун натыйжасында жабыр тарткан жарандарга жана

уюмдарга зарыл шарттарды түзүү максатында, Улуттук банк финансы-кредит уюмдарына карата каза болгон, жарадар болгон, бизнестен ажыраган жана/же турак жай кыймылсыз мүлкүнөн ажыраган жарандардын кредиттерин эсептен чыгаруу, ошондой эле кредиттерди реструктуризациялоо, айыптык санкцияларды белгилебөө жана өндүрбөө боюнча талаптарды белгилеген.

Жабыр тарктан кардарлар – жарандарга жана уюмдарга көмөк көрсөтүү боюнча башка чаралар Баткен областынын карыз алуучуларына кредит берүү жана каржылоодон пайдаланууну арттыруу маселелерине тиешелүү болгон. Банктарга жана банк эмес финансы-кредит уюмдарына биринчи кезекте Баткен областында жашаган жана/же чарба ишин жүргүзгөн карыз алуучулардын кредит алуу жөнүндө билдирмелерин кароо сунушталган. Буларга кошумча, финансы-кредит уюмунан кредит алуу үчүн кардарлар тарабынан сунушталуучу документтерге карата талаптар жөнөкөйлөтүлгөн.

*Жаңы кабыл алынган банк мыйзамдарына ылайык келтирүү*

Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларын жаңы кабыл алынган Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” конституциялык Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын “Банктар жана банк иштери жөнүндө” Мыйзамына ылайык келтирүү алкагында “Банк ишин лицензиялоо жөнүндө” жобого банк мыйзамдарындагы коллизияларды четтетүүгө жана боштуктарды толуктоого байланыштуу өзгөртүүлөр бекитилген.

Бир катар ченемдик укуктук актыларга уставдык капитал түзүүгө, банктын акцияларын жана банктын капиталында чектүү катышууну сатып алууга, эсептерге жана сейфте сакталып турган эсептерге жана буюмдарга арест коюуга, дивиденддерди төлөөгө Улуттук банк тарабынан тыюу салуу же чектөөлөрдү белгилөөгө негиздерди кеңейтүүгө тиешелүү өзгөртүүлөр киргизилген.

Банктык топтор консолидацияланган финансылык отчетту даярдоосу боюнча талаптар такталган, ошондой эле тышкы аудитордун көз карандысыздыгы жана банкты текшерүү үчүн аудитордук уюмду тартууга тиешелүү ченемдер жеткире иштелип чыккан.

Убактылуу администрация режимин жүзөгө ашыруунун алкагында акционерлердин жалпы жыйынынын чечими боюнча банкты микрофинансылык компанияга кайра каттоо мүмкүнчүлүгү берилген.

Банктардын өз ыктыярдуу түрдө жоюу жол-жобосу боюнча талаптар так белгиленген, ошондой эле монополияга каршы жөнгө салуу, атаандаштыкты өнүктүрүү жана банктык кызмат көрсөтүүлөр рыногунда керектөөчүлөр укугун коргоо принциптери такталган.

Банктык кызматтардан керектөөчүлөрдүн укуктарын арттыруу максатында, банктардын кардарларына комиссиялык төлөм, айыптык санкция жана башка төлөмдөрдү алуусуз кайсыл болбосун убакта кредитти (лизингди) толугу менен же бөлүп төлөө менен мөөнөтүнөн мурда төлөө мүмкүнчүлүгү берилген.

Эл аралык тажрыйбага жана мыйзамдардын талаптарына ылайык, Улуттук банк тарабынан жеңилдетилген салыктык режим колдонулган жана/же банктык көзөмөл органдарына маалыматтардын ачык-айкын көрсөтүлүшү жана алардын берилип турушу каралбаган мамлекеттердин жана аймактардын (оффшордук аймактардын) тизмеги актуалдаштырылган.

*Тобокелдиктерди жөнгө салуу*

Банк эсептерин ачуу, тобокелдиктерди тескөө, банктардын алмашуу операцияларын жүргүзүү тартиби, корпоративдик башкаруу, ошондой эле террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү максатында ички контролдукту уюштуруу боюнча талаптар кайра каралып чыккан.

Аманатчылар боюнча бирдиктүү маалымат базасын түзүүгө жана кардардын бардык аманаттары (депозиттери) боюнча компенсациланууга тийиш болгон чогуу алгандагы сумманы туура эсептеп чыгарууга багытталган депозиттерди коргоо системасы чөйрөсүндө ченемдик укуктук актыларды өркүндөтүү зарылдыгына

байланыштуу Банктын, турак жай-сактык кредиттик компаниясынын, депозиттерди тартуу менен иш алып барган микрофинансылык компаниянын милдеттенмелери жөнүндө маалымат базасын жүргүзүү боюнча нускоо кабыл алынган.

Айрым ченемдик укуктук актыларга банктардын финансылык отчетторун түзүү жана аны Ачык депозитарийге сунуштоо тартиби маселелери боюнча өзгөртүүлөр киргизилген.

Мөөнөтү өткөн жана реструктуризацияланган активдер жөнүндө маалымат камтылган мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик банктык отчеттун жаңы формалары бекитилген.

*Банктык кызматтарды санариптештирүү*

Атайын жөнгө салуу режиминде катышуу, банк жана төлөм системалары рыногуна инновациялык кызмат көрсөтүүлөрдү/ технологияларды колдонууга киргизүү боюнча тоскоолдуктарды кыскартуу үчүн шарттарды жана критерийлерди так белгилөө максатында “Атайын жөнгө салуу режими жөнүндө” жобого өзгөртүүлөр киргизилген.

*Ислам каржылоо принциптери*

Банк кардарларына ислам каржылоо принциптерине ылайык сунушталуучу банктык бүтүмдөрдүн тизмегин кеңейтүү аркылуу ислам каржылоо принциптерин андан ары илгерилетүү үчүн айрым ченемдик укуктук актыларга иджара сервис операцияларын жүргүзүү эрежелерин белгилөөгө жана иджара мунтахийя биттамлик типтүү келишимин стандартташтырууга багытталган өзгөртүүлөр кабыл алынган[1].

Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексине өзгөртүүлөр киргизилгендигине байланыштуу, Улуттук банк айрым ченемдик укуктук актыларга ислам каржылоо принциптерине ылайык түзүлгөн бүтүмдөр жана келишимдер боюнча өзгөртүүлөрдү бекиткен.

Мындан тышкары, ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырган банктын туунду жана караштуу компаниясында Шарият кеңешин түзүү зарылчылыгы жөнүндө талап белгиленген.



## 3.2. Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын өнүгүшү жана алардын ишин жөнгө салуу

### 3.2.1. Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын өнүгүшү боюнча баяндама

*БФКУнун активдери*

2022-жыл жыйынтыгы боюнча БФКУнун чогуу алгандагы активдери[2] 4,2 млрд сомго же 12,6 пайызга көбөйүп, 37,2 млрд сомду түзгөн, анын ичинен чет өлкө валютасындагы активдер 2,5 млрд сомду же чогуу алгандагы активдердин 6,6 пайызын түзгөн (2021-жыл жыйынтыгы боюнча 1,2 млрд сом же 3,6 пайыз).

---

[1] Иджара келишими – бул, ага ылайык банк кардардын билдирмеси боюнча менчикке сатып алган же кардар кайрылган учурга карата банктын менчигинде турган мүлктү банк кардарга макулдашылган мөөнөткө белгилүү бир акыга ижарага берүү келишими.

Иджара сервиси – макулдашылган мөөнөткө жана белгилүү бир акыга кызмат көрсөтүүлөрдөн пайдалануу укугун сунуштоо бүтүмү.

Иджара мунтахийя биттамлик келишими – бул, ага ылайык кардар ижарага алынган мүлктү келишимдин шарттарына ылайык сатып алууга милдеттенген келишим.

[2] Мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчетко (ПРО) ылайык жана АФКУнун кредит портфелин, ошондой эле кредиттик бюролордун, кепилдик фонддун жана алмашуу бюролорунун активдерин эсепке албаганда.

***3.2.1.1-таблица.***

БФКУнун активдеринин түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)

| Активдердин категориясы | 2021-жыл | | 2022-жыл | |
|---|---|---|---|---|
| | *млн сом* | *Үлүшү, пайыздар* | *млн сом* | *Үлүшү, пайыздар* |
| Кредиттер жана кардарларга финансылык ижара | 27 206,4 | 82,2 | 30 234,7 | 81,2 |
| Башка банктардагы корреспонденттик эсептер жана депозиттер | 2 223,7 | 6,7 | 2 878,8 | 7,7 |
| Башка активдер | 1 995,8 | 6,0 | 1 976,5 | 5,3 |
| Финансы-кредит уюмдарына кредиттер | 820,3 | 2,5 | 936,8 | 2,5 |
| Инвестициялар жана финансылык катышуу | 619,3 | 1,9 | 695,2 | 1,9 |
| Негизги каражаттар | 834,9 | 2,5 | 1 039,0 | 2,8 |
| Акча каражаттары | 256,5 | 0,8 | 256,2 | 0,7 |
| Баалуу кагаздар портфели | 149,2 | 0,5 | 160,8 | 0,4 |
| Атайын РППУ* | -1 024,7 | -3,1 | -943,3 | -2,5 |
| **Бардыгы болуп** | **33 081,3** | **100,0** | **37 234,7** | **100,0** |

** Атайын РППУ дегенден улам, классификацияланган кредиттер (субстандарттык, шектүү, жоготуулар) боюнча потенциалдуу жоготуулардын жана чыгымдардын ордун жабууга каралган камдарды түшүнүүгө болот.*

*БФКУнун кредит портфели*

БФКУнун кредит портфели[1] 2021-жылга салыштырганда 3,1 млрд сомго же 11,2 пайызга көбөйүп, 31,2 млрд сомду, анын ичинен ислам каржылоо принциптери боюнча БФКУнун каржылоосу 1,5 млрд сомду же БФКУнун кредит портфелинен 4,9 пайызды (2021-жылдын акырына 1,0 млрд сом же 3,7 пайыз) түзгөн. БФКУнун чет өлкө валютасындагы кредит портфели 840,8 млн сомду же 2,7 пайызды (2021-жылдын акырына 636,7 млн сом же 2,3 пайыз) түзгөн.

БФКУнун кредит портфелинин чогуу алгандагы активдерине карата үлүшү 2022-жылдын акырына карата өткөн жылдын ушул эле мезгилиндеги 84,6 пайызга салыштырмалуу 83,7 пайызды түзгөн.

***3.2.1.1-график.***

БФКУнун активдеринин жана кредит портфелинин динамикасы (бир мезгилдин акырына карата)




2022-жылы БФКУнун кредит портфелинин көлөмү, эң башкысы, Бишкек шаарында 1 139,8 млн сомго, Чүй областында – 952,9 млн сомго, Жалал-Абад областында – 628,4 млн сомго жана Ысык-Көл областында – 314,5 млн сомго жогорулагандыгы байкалган.

[1] АФКУнун кредит портфелин эске албаганда.

***3.2.1.2-таблица.***

БФКУнун кредит портфелинин региондор боюнча түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)

| | 2021-жыл | | 2022-жыл | |
|---|---|---|---|---|
| | *млн сом* | Үлүшү, *пайыздар* | *млн сом* | Үлүшү, *пайыздар* |
| Бишкек шаары | 6 661,4 | 23,8 | 7 801,3 | 25,0 |
| Ош областы | 6 737,9 | 24,0 | 6 512,7 | 20,9 |
| Чүй областы | 4 338,6 | 15,5 | 5 291,5 | 17,0 |
| Жалал-Абад областы | 3 308,6 | 11,8 | 3 937,1 | 12,6 |
| Ысык-Көл областы | 2 829,9 | 10,1 | 3 144,4 | 10,1 |
| Баткен областы | 1 714,6 | 6,1 | 1 755,0 | 5,6 |
| Нарын областы | 1 670,9 | 6,0 | 1 707,4 | 5,5 |
| Талас областы | 763,0 | 2,7 | 1 020,4 | 3,3 |
| Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары | 1,8 | 0,0 | 1,8 | 0,0 |
| **Бардыгы болуп** | **28 026,6** | **100,0** | **31 171,5** | **100,0** |

Отчеттук жыл ичинде БФКУ тарабынан экономиканын негизги чөйрөлөрүн кредиттөө жогорулагандыгы белгиленген. Кредиттер көлөмүнүн олуттуу өсүшү керектөө кредиттери (2 892,6 млн сомго), соода жана коммерциялык операциялар (326,4 млн сомго) жана кызмат көрсөтүүлөр (191,8 млн сомго) сыяктуу тармактарда байкалган.

***3.2.1.3-таблица.***

БФКУнун экономика тармактары боюнча кредит портфели (бир мезгилдин акырына карата)

| Тармак категориясы | 2021-жыл | | 2022-жыл | |
|---|---|---|---|---|
| | *млн сом* | Үлүшү, *пайыздар* | *млн сом* | Үлүшү, *пайыздар* |
| Керектөө кредиттери | 9 555,4 | 34,1 | 12 448,0 | 39,9 |
| Айыл чарба | 7 193,1 | 25,7 | 6 754,1 | 21,7 |
| Соода жана коммерциялык операциялар | 3 508,2 | 12,5 | 3 834,5 | 12,3 |
| Курулушка жана ипотека | 3 423,8 | 12,2 | 3 521,0 | 11,3 |
| Кызмат көрсөтүүлөр | 2 437,4 | 8,7 | 2 629,2 | 8,4 |
| ФКУлардын кредиттери | 820,3 | 2,9 | 936,8 | 3,0 |
| Транспорт | 442,1 | 1,6 | 430,7 | 1,4 |
| Башка кредиттер | 415,3 | 1,5 | 358,3 | 1,1 |
| Өнөр жайы | 220,5 | 0,8 | 254,6 | 0,8 |
| Даярдоо жана кайра иштетүү | 10,7 | 0,0 | 4,1 | 0,0 |
| **Бардыгы болуп кредиттер** | **28 026,6** | **100,0** | **31 171,5** | **100,0** |

2022-жылдын акырына карата орточо салмактанып алынган пайыздык чендер төмөнкүнү түзгөн:

– микрофинансылык уюмдардын кредиттери боюнча – 2021-жылга салыштырмалуу 0,87 пайыздык пунктка жогорулоо менен 30,0 пайыз;
– кредиттик союздардын кредиттери боюнча – 2021-жылга салыштырмалуу 0,23 пайыздык пунктка төмөндөө менен 25,1 пайыз.

БФКУнун кредит портфелине карата классификацияланган кредиттердин үлүшү отчеттук жыл ичинде 5,9 пайыздан 4,5 пайызга чейин төмөндөгөн, бул БФКУнун кредит портфелинин сапатынын жакшыруусу менен байланыштуу болгон.

МАЗМУНУ

***3.2.1.4-таблица.***

БФКУнун кредит портфелинин сапаты (бир мезгилдин акырына карата)

| Категориясы | 2021-жыл | | 2022-жыл | |
|---|---|---|---|---|
| | *млн сом* | *Үлүшү, пайыздар* | *млн сом* | *Үлүшү, пайыздар* |
| **Классификацияланбаган кредиттер** | **26 369,2** | **94,1** | **29 756,0** | **95,5** |
| **Классификацияланган кредиттер** | **1 657,4** | **5,9** | **1 415,5** | **4,5** |
| *анын ичинен:* | | | | |
| *Субстандарттык* | *703,4* | *2,5* | *518,7* | *1,7* |
| *Шектүү* | *241,9* | *0,9* | *201,7* | *0,6* |
| *Жоготуулар* | *712,1* | *2,5* | *695,1* | *2,2* |
| **Бардыгы болуп кредит портфели** | **28 026,6** | **100,0** | **31 171,5** | **100,0** |

Отчеттук жылдын акырына карата БФКУлардын карыз алуучуларынын саны 444 201 адамды түзгөн (алардын ичинен юридикалык жактар – 91), бул өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырмалуу 10 853 карыз алуучуга же 2,5 пайызга көп. Карыз алуучу-жеке адамдардын жалпы санында аялдардын үлүшү – 56,7 пайызды, эркектердин үлүшү – 43,2 пайызды түзгөн.

*БФКУнун милдеттенмелери*

Отчеттук жылдын жыйынтыгы боюнча БФКУнун милдеттенмелери[1] 2,0 млрд сомго же 13,4 пайызга жогорулап, 16,6 млрд сомду түзгөн.

***3.2.1.5-таблица.***

БФКУнун милдеттенмелеринин түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)

| Милдеттенмелердин категориясы | 2021-жыл | | 2022-жыл | |
|---|---|---|---|---|
| | *млн сом* | *Үлүшү, пайыздар* | *млн сом* | *Үлүшү, пайыздар* |
| Алынган кредиттер, анын ичинен: | 10 349,7 | 70,6 | 9 989,2 | 60,1 |
| *эл аралык ФКУлардан* | *5 902,3* | *40,2* | *6 214,7* | *37,3* |
| *Кыргыз Республикасынын банктарынан* | *1 146,9* | *7,8* | *2 205,9* | *13,5* |
| *Кыргыз Республикасынын башка ФКУларынан* | *1 068,8* | *7,3* | *1 168,1* | *7,0* |
| *эл аралык финансы уюмдардан жана донорлордон* | *1 954,2* | *13,3* | *203,7* | *1,2* |
| *өкмөттөн* | *277,5* | *1,9* | *196,8* | *1,2* |
| Башка милдеттенмелер | 2 660,1 | 18,1 | 3 150,0 | 18,9 |
| Мөөнөттүү депозиттер | 1 553,6 | 10,6 | 3 393,9 | 20,3 |
| Субординацияланган карыздык милдеттенмелер | 105,3 | 0,7 | 102,1 | 0,6 |
| **Бардыгы болуп** | **14 668,7** | **100,0** | **16 635,3** | **100,0** |

БФКУнун тартылган депозиттери 2021-жылга салыштырмалуу 1,8 млрд сомго же эки эседен жогору көбөйүү менен 2022-жылдын акырына 3,4 млрд сомду түзгөн.

Отчеттук жыл ичинде эки микрофинансылык уюм, беш кредиттик союз жана бир турак жай-сактык кредиттик компания калктан (МФУ жана ТСКК үчүн) жана катышуучулардан (КС үчүн) депозиттерди тартуу укугуна лицензиянын негизинде иш алып барган.

*БФКУнун капиталы*

БФКУнун чогуу алгандагы капиталы[2] 2022-жыл ичинде 18,7 млрд сомдон 20,9 млрд сомго чейин жогорулаган.

[1] Кредиттик бюролордун, кепилдик фонддун жана алмашуу бюролорунун милдеттенмелерин эске албаганда.

[2] Кредиттик бюролордун, кепилдик фонддун жана алмашуу бюролорунун капиталын эске албаганда.

***3.2.1.6-таблица.***

Кирешелер жана чыгашалар түзүмү

*(млн сом)*

| Категориясы | 2021-жыл | 2022-жыл |
|---|---|---|
| Бардыгы болуп кирешелер | 7 830,7 | 8 450,9 |
| Бардыгы болуп чыгашалар | 1 790,1 | 2 171,9 |
| Таза киреше | 6 040,6 | 6 279,1 |
| РППУга чегерүүлөр | 422,7 | 355,4 |
| РППУга чегерүүлөрдөн кийинки таза киреше | 5 618,0 | 5 923,7 |
| Бардыгы болуп башка кирешелер | 723,3 | 948,3 |
| Бардыгы болуп башка чыгашалар | 94,1 | 216,9 |
| Бардыгы болуп башка операциялык жана административдик чыгашалар | 3 144,5 | 3 474,1 |
| Таза операциялык киреше (чыгым) | 3 102,6 | 3 181,0 |
| РППУга чегерүүлөр (башка активдер боюнча) | 27,2 | 11,9 |
| Салык алынганга чейинки таза киреше (чыгым) | 3 075,4 | 3 169,0 |
| Пайдага салык | 319,4 | 324,7 |
| **Таза пайда (чыгым)** | **2 755,9** | **2 844,4** |

2022-жылдын акырына карата БФКУнун таза пайдасы 2021-жылга салыштырганда 2,8 млрд сомду түзүү менен 88,0 млн сомго же 3,2 пайызга жогорулаган (алардын ичинен ислам каржылоо принциптери боюнча таза пайда – 394,7 млн сомду түзгөн).

***3.2.1.2-график.***

Таза пайданын жана кирешелүүлүк көрсөткүчтөрүнүн динамикасы




Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын активдеринин кирешелүүлүк көрсөткүчү (ROA) 2022-жыл ичинде 9,0 пайыздан 8,1 пайызга чейин төмөндөгөн, ал эми капиталынын кирешелүүлүк көрсөткүчү (ROE) 19,9 пайыздан 17,8 пайызга чейин төмөндөгөн.

*Кепилдик фонд*

2022-жыл ичинде Кыргыз Республикасында бир кепилдик фонд өз ишин улантып, отчеттук жылдын акырына карата анын активдери 200,9 млн сомго же 2,8 пайызга жогорулап, 7,3 млрд сомду түзгөн.

Кепилдик фонддун милдеттенмелери 2021-жылга салыштырганда 74,9 млн сомго же 46,6 пайызга көбөйүү менен 235,9 млн сомду түзгөн.

Кепилдик фонддун капиталы 6,9 млрд сомдон 7,0 млрд сомго чейин жогорулаган жана ал толугу менен төлөнгөн уставдык капиталдан турган.

2022-жыл жыйынтыгы боюнча таза пайда 2021-жылга салыштырганда 133,0 млн сомго же 52,6 пайызга жогорулап, 386,0 млн сомду түзгөн.

2022-жылдын акырына карата 5,3 млрд сом жалпы суммасына 3 430 гарантия, негизинен, айыл чарба жана соода тармактарына, ал эми регионалдык жактан алганда Нарын, Жалал-Абад, Чүй, Ош областтарына, ошондой эле Бишкек шаарына берилген.

***3.2.1.3-график.***

Региондор жана экономика тармактарына берилген гарантиялардын саны (2022-жылдын акырына карата)




### 3.2.2. Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын ишин лицензиялоо

Адистештирилген финансы-кредит уюмдарынын (АФКУ), микрофинансылык компаниялардын (МФК), кредиттик союздардын (КС), алмашуу бюролорунун, кредиттик бюролордун жана турак жай-сактык кредиттик компаниялардын (ТСКК) иши Улуттук банктын лицензиясынын негизинде жүзөгө ашырылат. Микрокредиттик компаниялар (МКК), микрокредиттик агенттиктер (МКА) жана кепилдик фонддор өз ишин эсептик каттоо жөнүндө күбөлүктүн негизинде жүргүзөт.

2022-жылдын жыйынтыгы боюнча Улуттук банк тарабынан лицензияланууучу жана иши жөнгө салынуучу банк эмес финансы-кредит уюмдарынын (БФКУ) жана башка юридикалык жактардын системасына бир адистештирилген финансы-кредит уюму, 84 кредиттик союз, 130 микрофинансылык уюм (анын ичинде 9 МФК, 87 МКК жана 34 МКА), 467 алмашуу бюросу, эки кредиттик бюро, бир кепилдик фонд жана бир ТСКК кирген.

Отчеттук жылы Улуттук банк тарабынан алты МККга эсептик каттоо тууралуу күбөлүк, алмашуу бюролоруна 192 лицензия берилген (мурдагы лицензиясынын мөөнөтү аяктаган алмашуу бюролорун кошо алганда).

Ишин токтотууга байланыштуу беш МККнын эсептик каттоо тууралуу күбөлүгү, үч МКАнын эсептик каттоо тууралуу күбөлүгү, төрт кредиттик союздун лицензиясы жана 98 алмашуу бюролорунун лицензиясы (алардын ичинен 85 лицензия колдонуу мөөнөтү аяктагандыгына байланыштуу) жокко чыгарылган.

***3.2.2.1-таблица.***

БФКУнун санынын динамикасы

| Аталышы | 2018-жыл | 2019-жыл | 2020-жыл | 2021-жыл | 2022-жыл |
|---|---|---|---|---|---|
| АФКУ | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 |
| Микрофинансылык уюмдар (МФК, МКК жана МКА) | 142 | 137 | 134 | 133 | 130 |
| Кредиттик союздар | 106 | 95 | 92 | 88 | 84 |
| Алмашуу бюролору | 413 | 401 | 387 | 379 | 467 |
| Кредиттик бюро | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 |
| Кепилдик фонд | 0 | 1 | 1 | 1 | 1 |
| Турак жай-сактык кредиттик компания | 0 | 0 | 0 | 1 | 1 |
| **Бардыгы болуп** | **664** | **637** | **617** | **605** | **686** |

### 3.2.3. Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын ишин көзөмөлдөө

Отчеттук жыл ичинде Улуттук банк түптөлгөн геосаясий жагдайга жана Баткен жана Ош областтарында болуп өткөн кагылышууларга байланыштуу Улуттук банктан лицензия алган жана иши ал тарабынан жөнгө салынган БФКУлардын жана башка юридикалык жактардын ишин үзгүлтүксүз көзөмөлдөө жана жөнгө салуу боюнча чараларды көргөн.

БФКУлардын иши Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларынын талаптарына ылайык келүүсүнө, анын ичинде финансылык кызматтардан керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо маселелерине баа берүү үчүн 2022-жылы Улуттук банк тарабынан төмөнкү иш-аракеттер жүргүзүлгөн:

- 20 микрофинансылык уюмдардын ишин текшерүү;
- 32 кредиттик союздардын ишин текшерүү;
- бир адистештирилген финансы-кредит уюмунун ишин текшерүү;
- бир турак жай-сактык кредиттик компаниянын ишин текшерүү;
- 135 алмашуу бюролорунун ишин текшерүү.

Улуттук банк нак чет өлкө валютасын алмаштыруу чөйрөсүндө лицензиясыз иш алып баруу жагдайларын аныктоо жана аларга бөгөт коюу боюнча ишти күчөткөн. Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги менен Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматы менен биргелешип аткарган иш-чаралардын натыйжасында 48 жеке адам жоопкерчиликке тартылып, аларга карата республикалык бюджеттин пайдасына 840 миң сом жалпы суммасына айып пул салынган.

### 3.2.4. Таасир этүү чаралары

2022-жылы БФКУлардын жана Улуттук банктын көзөмөлүнө алынган башка юридикалык жактардын ишин инспектирлөөнүн жана тышкы көзөмөлдүн жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларынын талаптарын бузууга жол бергендиги үчүн төмөнкү таасир этүү чаралары колдонулган:

- микрофинансылык уюмдарга 184 жазма буйрук;
- кредиттик союздарга 215 жазма буйрук;
- турак жай-сактык кредиттик компанияга 13 жазма буйрук;
- кредиттик бюролорго 2 жазма буйрук;
- адистештирилген финансы-кредит уюмуна 1 жазма буйрук;
- алмашуу бюролоруна 270 жазма буйрук.

Мындан тышкары, 23 алмашуу бюросуна, төрт микрофинансылык уюмга жана бир кредиттик союзга карата айып пул салынып, 48 алмашуу бюросунун лицензиясынын аракети убактылуу токтотулган жана алты алмашуу бюросунун лицензиясы кайтарылып алынган.

### 3.2.5. Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын ишин көзөмөлдөө жана жөнгө салуу методологиясы

*БФКУну лицензиялоо*

2022-жылы БФКУлардын ишин лицензиялоо чөйрөсүндө айрым ченемдик укуктук актыларга Улуттук банктан уруксат берүү документтерин алуу боюнча өзгөртүүлөр киргизилген. Атап айтканда, башка БФКУларда кызмат ордун ээлеген кызмат адамдарды, эгерде аларды макулдашуу кызыкчылыктардын каршы келип калышын шарттаса, макулдашуудан баш тартуу мүмкүндүгү каралган; БФКУларда кызмат ордун ээлөө үчүн тыюу салууларды колдонуу мезгилине чектөөлөр белгиленген; ошол эле БФКУга жаңы мөөнөткө кайра шайланган кызмат адамдарды Улуттук банк менен макулдашуу боюнча талаптар алынып салынган.

Граждандык кодекске ылайык келтирүүдөн улам, ислам каржылоо принциптери боюнча операциялардын аталышы жагында өзгөртүүлөр киргизилген, МККнын кошумча капиталына акча каражаттарын салуу тартиби белгиленген, кредиторлор макулдук берген шартта МККга өз ыктыярдуу жоюлуу жөнүндө чечим кабыл алууга уруксат берилген.

*БФКУнун капиталы*

БФКУ системасынын туруктуулугун, коопсуздугун жана ишенимдүүлүгүн чыңдоо, ошондой эле коомчулуктун ишенимин жогорулатуу үчүн Улуттук банк Башкармасы тарабынан БФКУлар уставдык жана өздүк капиталдарын көбөйтүүгө байланыштуу уставдык капиталдын минималдуу өлчөмүн жана микрокредиттердин максималдуу өлчөмүн көбөйтүү жөнүндө чечимдер кабыл алынган.

*Ченемдик укуктук актыларды өркүндөтүү*

Кредиттик союздардын ишин жөнгө салуу чөйрөсүндө жаңыдан түзүлгөн сыяктуу эле, учурда иштеп жаткан кредиттик союздар экономикалык ченемдерди эсептөө боюнча бирдей ыкма белгилөө; кредиттик союздардын ликвиддүүлүк ченеми жана капитал шайкештиги боюнча талаптарды жеңилдетүү; эгерде кредиттик союздун бардык операциялары нак эмес түрдө жүргүзүлүп жатса, касса жайы каралбаган шартта да сактык пайларды кабыл алуу жана кредиттерди берүү боюнча операцияларды жүзөгө ашыруу мүмкүнчүлүгүн берүү максатында Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөр киргизилген.

БФКУда инспектордук текшерүү жүргүзүү боюнча талаптарды белгилеген ченемдик укуктук актыларды оптималдаштыруунун алкагында, "Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын көзөмөлдүгүнө алынган башка юридикалык жактардын ишине инспектордук текшерүү жүргүзүү жөнүндө" нускоо бекитилген.

*Ченемдик укуктук актыларды мыйзамдарга ылайык келтирүү*

Мыйзам талаптары өзгөртүлгөндүгүнө байланыштуу Улуттук банктын айрым ченемдик укуктук актыларына кепилдик фонддорду жөнгө салуу боюнча өзгөртүүлөр киргизилген, аларга ылайык кепилдик фонддор ФКУ менен макулдашуулардын алкагында портфелдик кепилдиктеринин жана мамлекеттик турак жай программаларынын катышуучуларына кепилдиктерди бере алат; кепилдиктерди берүү саясатына карата талаптар белгиленген; кепилдик фонддун акцияларын сатып алууга уруксат алуу талаптары күчөтүлгөн.

Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларын Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө" конституциялык Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын "Банктар жана банк иштери жөнүндө" Мыйзамына ылайык келтирүү үчүн Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларына БФКУнун ишин жөнгө салуу маселелери боюнча өзгөртүүлөр кабыл алынган. Атап айтканда, керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо максатында, зайымчыга, гарантка/кепилдик берүүчүгө, күрөө коюучуга тиешелүү келишимдер боюнча өзүнө алган

милдеттенмелерди аткарбаганын же талаптагыдай эмес аткарганынын кесепеттери кол койдуруу менен түшүндүрүлүүгө тийиш. БФКУну текшерүү үчүн аудитордук уюмду тартууга тиешелүү ченемдер да өзгөртүлгөн. Мындан тышкары, Улуттук банкка алардын иш-аракеттери (аракеттенбей коюулары) алгылыксыз жана кооптуу банктык тажрыйба катары таанылган акционерлерге/катышуучуларга/уюштуруучуларга жана кызмат адамдарына карата таасир этүү чараларын колдонуу укугу берилген.

## 3.3. Керектөөчүлөрдүн укугун коргоо

Банктык кызматтардан керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо, бул чөйрөдө ченемдик укуктук базаны талдоо жана өркүндөтүү Улуттук банктын маанилүү иш багыты болуп эсептелинет.

*Керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоону күчөтүү боюнча чаралар*

Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” конституциялык мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын “Банктар жана банк иштери жөнүндө” мыйзамынын талаптарын ишке ашыруу үчүн айрым ченемдик укуктук актыларга ФКУларга карата кредитти тариздөөдө жана берүүдө банктык кызматтардан керектөөчүлөрдүн маалыматты ачык көрсөтүү боюнча укуктарын сактоо талаптарын күчөтүүгө багытталган толуктоолор жана өзгөртүүлөр киргизилген. Банктык кызматтардан керектөөчүлөргө кандайдыр бир комиссиялык төлөмдөрдү алуусуз жана айыптык санкцияларды белгилөөсүз кайсыл болбосун убакта кредитти мөөнөтүнөн мурда төлөө мүмкүндүгүн берүү талаптары белгиленген. Ошондой эле өзгөртүүлөр кардарларга ФКУ менен алар тандаган тилде келишим түзүүгө мүмкүндүк берет.

2022-жылдын сентябрь айында Баткен жана Ош областтарында болуп өткөн куралдуу кагылышуунун натыйжасында жабыр тарткан карыз алуучулар үчүн алгылыксыз экономикалык кесепеттерди төмөндөтүү максатында, Улуттук банк ФКУнун өкүлдөрү менен жолугушуунун жүрүшүндө ар бир кайрылган карыз алуучуну өзүнчө кабыл алуу менен алардын карыздарын реструктуризациялоо боюнча чараларды иштеп чыгуу, кардарларга түшүндүрүү иштерин жүргүзүүнү күчөтүү зарылдыгын белгилеген. 2022-жылдын акырына карата ФКУга 514 карыз алуучу кайрылып, 31,5 млн сом суммасына 366 кредит эсептен чыгарылып, 63,7 млн сом суммасына 224 кредит реструктуризацияланган.

*Финансылык кызматтардан керектөөчүлөрдүн кайрылууларын кароо*

Банктык кызматтардан керектөөчүлөр укугун коргоону камсыз кылуунун негизги инструменттеринин бири катары жарандардын кайрылууларын кароо иши саналат. 2022-жылы Улуттук банк тарабынан 948 банктык кызматтардан керектөөчүлөрдүн кайрылуусу каралган (2021-жылы – 1 359). Кароого алынган кайрылуулардын ичинен коммерциялык банктардын маселелери боюнча 670 кайрылуу (2021-жылы – 811), банк эмес финансы-кредит уюмдары боюнча – 226 кайрылуу (2021-жылы – 482) жана башка маселелер боюнча – 52 кайрылуу (2021-жылы – 66) кароого алынган.

Жеке кабыл алууну уюштуруу менен консультациялык-укуктук жардам 1 300дөн ашуун жаранга – банктык кызмат керектөөчүлөрүнө көрсөтүлгөн.

Банктык кызматтардан керектөөчүлөрдүн кайрылууларында негизинен банктык эсептерди, аманаттарды, акча которууларды тейлөө, Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларын түшүндүрүү, кредиттик келишим боюнча милдеттенмелерди аткаруу учурундагы проблемалар, карызды каржылоо, келишим шарттарынын мыйзам талаптарына ылайык келүүсүн текшерүү, күрөө предметин сатып өткөрүү жол-жобосу, соттук чечимдерди аткаруу ж.б. маселелер козголгон.

# 4-ГЛАВА. ТӨЛӨМ СИСТЕМАСЫ

2022-жылы Улуттук банк тарабынан ченемдик укуктук базаны жакшыртуу, төлөм системасына көзөмөлдү (оверсайтты), төлөмдөрдүн үзгүлтүксүз өтүшүнө контролдукту күчөтүү, ошондой эле жаңы санариптик төлөм жана финансылык технологияларды өнүктүрүү аркылуу төлөм системаларынын натыйжалуу, коопсуз жана ишенимдүү иштешин камсыз кылуу боюнча иштер улантылган.

Отчеттук жылы Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн арттыруу боюнча 2018-2022-жылдарга мамлекеттик программанын үчүнчү этабын ишке ашыруу аягына чыккан. Калктын банктык жана төлөм кызматтарын пайдалануу мүмкүнчүлүгүн, анын ичинде республиканын региондорунда кеңейтүүгө багытталган иш-чаралар жүргүзүлгөн. Ошондой эле санариптик төлөм технологияларынын жардамы менен төлөмдөрдү өткөрүү мүмкүнчүлүгү да берилген, бул салыктарды накталай эмес формада төлөө көлөмүнүн, пенсионерлер жана социалдык жөлөк пул алуучулар арасында банктык төлөм карталарын колдонуучулардын санынын көбөйүшүнө өбөлгө түзгөн. Коммерциялык банктар тарабынан өлкөгө 276 банкомат, 3 420 POS-терминал жана 359 төлөм терминалы алынып келинген. Ал эми 2022-жылдын аягында банктык жабдуулардын жалпы саны 2 041 банкоматты, 16 252 POS-терминалды жана 2 356 төлөм терминалын түзгөн. “Кыргыз почтасы” мамлекеттик ишканасынын бөлүмдөрүндө 1 139 айылдын калкына акча каражатын банктык төлөм картасынан накталай алуу жана айрым кызматтарга төлөө мүмкүнчүлүгүн берүү максатында, 387 POS-терминал орнотулган.

Накталай эмес төлөмдөрдүн үлүшүнүн өсүшү жана улуттук төлөм системасынын өнүгүшү менен катар эле, нак акча чекене төлөмдөрдү жүргүзүүдө негизги төлөм каражаты катары колдонулуп келет. Ошондой эле өлкө экономикасынын улуттук валютадагы банкнотторуна жана монеталарына зарыл номиналда муктаждыгын үзгүлтүксүз камсыз кылуу жана жүгүртүүдөгү нак акчанын түзүмүн жөнгө салуу боюнча иштер улантылган.

## 4.1. Төлөм системасын өнүктүрүү

### 4.1.1. Нак эмес эсептешүүлөр

*Төлөм системасы*

Кыргыз Республикасында накталай эмес эсептешүүлөр Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасы (мындан ары – ГСРРВ), Пакеттик клиринг системасы (мындан ары – ПКС), банктык төлөм карталарын пайдалануу менен эсептешүүлөр системасы, электрондук акча менен эсептешүүлөр системасы, акча которуулар системасы жана банк эмес төлөм системаларынын операторлорунун дароо төлөмдөр системасы аркылуу ишке ашырылган.

Улуттук банк, коммерциялык банктар, Мамлекеттер аралык банк, Евразия өнүктүрүү банкы, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгы, Депозиттерди коргоо боюнча агенттиги, Социалдык фонд, Мамлекеттик пенсиялык топтолмо фонду, “Борбордук депозитарий” ЖАК жана “Банктар аралык процессинг борбору” ЖАК банктар аралык төлөм системаларынын катышуучулары болуп саналат.

Отчеттук мезгилде банктар аралык төлөм системалары аркылуу 8,8 млн төлөм 10,6 трлн сом суммасында жүргүзүлгөн. 2021-жылга салыштырганда төлөмдөрдүн саны жана көлөмү, тиешелүүлүгүнө жараша, 2,7 пайызга жана 90,2 пайызга көбөйгөн.

Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасында жана Пакеттик клиринг системасында төлөмдөрдүн көлөмү отчеттук мезгил ичинде, тиешелүүлүгүнө жараша, 93,8 жана 8,9 пайызга өскөн.

***4.1.1.1-график.***

Банктар аралык төлөм системалары боюнча өткөрүлгөн төлөмдөрдүн көлөмү




Төлөмдөрдүн саны 2021-жылдын көрсөткүчтөрүнө салыштырганда эсептешүүлөрдүн гросстук системасында жана ПКСте, тиешелүүлүгүнө жараша, 20,4 жана 1,3 пайызга өскөн.

***4.1.1.2-график.***

Банктар аралык төлөм системалары боюнча өткөрүлгөн төлөмдөрдүн саны




*"Элкарт" улуттук төлөм картасы*

Чыгарылган банктык төлөм карталарынын жалпы саны жыл ичинде 39,4 пайызга көбөйүп, 5,2 млн даананы түзгөн, анын ичинен "Элкарт" улуттук системасынын карталарынын саны 3,0 млн даананы түзгөн. "Элкарт" банктык төлөм карталарынын эмиссиясы Накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн арттыруу боюнча мамлекеттик программанын иш-чараларын жүзөгө ашырууга байланыштуу, 2021-жылга салыштырганда 32,7 пайызга өскөн.

***4.1.1.3-график.***

Банктык төлөм карталарынын саны (бир мезгилдин акырына карата)




***4.1.1.4-график.***

Банктык төлөм карталарынын санынын катышы




*Банктык төлөм карталарын пайдалануу менен операциялар*

Отчеттук жылы банктык төлөм карталарын пайдалануу менен 524,7 млрд сом суммасында 128,3 млн ашык операция ишке ашырылган. Мында 2021-жылга салыштырганда операциялардын саны 52,4 пайызга көбөйүп, ал эми анын көлөмү 39,9 пайызга өскөн.

2022-жыл ичинде соода-тейлөө ишканаларында банктык төлөм карталарын пайдалануу менен ишке ашырылган операциялардын саны 2021-жылдагы көрсөткүчкө салыштырганда 81,9 пайызга өсүп, анын көлөмү 2,3 эсе көбөйгөн.

***4.1.1.5-график.***

Соода-тейлөө ишканаларында бүтүмдөр көлөмүнүн өсүшүнүн динамикасы



*Карталарды кабыл алуу жана тейлөө боюнча инфраструктура*

2022-жылдын акырына карата абал боюнча Кыргыз Республикасынын бардык аймактарында банктык төлөм карталары 2 041 банкоматта жана 16 252 POS-терминалда (анын ичинен 13 744 POS-терминал соода-тейлөө ишканаларында жана 2 508 POS-терминал коммерциялык банктардын филиалдарында жана сактык кассаларында орнотулган) тейлөөгө алынган.

Системалар боюнча алып караганда:

– “Элкарт” улуттук системасынын карталары 2 041 банкоматта жана 16 252 POS-терминалда;
– “Золотая Корона” эл аралык системасынын карталары 257 банкоматта жана 1 847 POS-терминалда;
– “Visa” жана “MasterCard” эл аралык системаларынын карталары 795 банкоматта жана 7 753 POS-терминалда;
– “Union Pay” эл аралык системасынын карталары 433 банкоматта жана 3 652 POS-терминалда тейленген.

***4.1.1.6-график.***

Банкоматтардын жана POS-терминалдардын санынын динамикасы (бир мезгилдин акырына карата)




*Электрондук акча*

2022-жылдын акырына карата электрондук акча эмитенти болуп алты коммерциялык банк саналган, он коммерциялык банк электрондук акча чыгарууга лицензияга ээ болгон жана электрондук акча менен эсептешүүлөрдүн сегиз локалдык системасы иштеп турган.

Электрондук акчаны колдонуу менен эсептешүүлөрдүн жеткиликтүүлүгү жана ыңгайлуулугу электрондук капчыктардын саны боюнча да, операциялардын саны жана көлөмү боюнча да көрсөткүчтөрдүн туруктуу өсүшүнө шарт түзөт.

2022-жылдын акырына карата абал боюнча электрондук капчыктардын саны 2021-жылдын көрсөткүчүнө салыштырганда 14,6 пайызга көбөйүү менен, 5,4 млн бирдикти түзгөн.

***4.1.1.7-график.***

Электрондук капчыктардын санынын динамикасы (бир мезгилдин акырына карата)




2022-жыл ичинде электрондук акча жүгүртүү боюнча көрсөткүчтөр:

- электрондук капчыктар ортосунда акча каражатын которуу операцияларынын көлөмү 77,0 пайызга өсүп, 22,5 млрд сомду түзгөн. Акча каражатын которуулардын саны 26,2 пайызга көбөйүү менен 6,4 млн операцияны түзгөн;
- электрондук акчаны нак жана нак эмес акча каражатына алмаштыруу боюнча операциялардын көлөмү жана саны, тиешелүүлүгүнө жараша, 24,0 жана 17,9 пайызга азайган (20,4 млрд сом суммасына 5,0 млн операция);
- товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө электрондук акча менен төлөө операцияларынын көлөмү эки эсе көбөйүп, 20,9 млрд сомду түзгөн, мында операциялардын саны 17,2 пайызга көбөйүп, 15,3 млн операцияны түзгөн;
- электрондук капчыктарды толуктоо операцияларынын саны 19,4 пайызга көбөйүү менен 9,0 млн операцияны түзгөн. Операциялардын көлөмү 5,8 пайызга азайып, 34,3 млрд сомду түзгөн.

***4.1.1.8-график.***

Электрондук капчыктар менен операциялар боюнча транзакциялардын саны жана көлөмү



2022-жылы Кыргыз Республикасынын төлөм уюмдары аркылуу 187,3 млрд сом суммасына 186,2 млн төлөм өткөрүлгөн, ал эми төлөмдөрдүн көлөмү 2021-жылга салыштырганда 103,4 пайызга өскөн.

***4.1.1.9-график.***

Төлөм уюмдары тарабынан өткөрүлгөн төлөмдөрдүн саны жана көлөмү




Төлөм уюмдары төлөм терминалдарын, мобилдик тиркемелерди, агенттик тармакты жана электрондук акчаны колдонуу менен (анын ичинде агенттердин мобилдик тиркемелери аркылуу), үчүнчү жактардын пайдасына төлөмдөрдү кабыл алган. 2022-жылдын акырына карата төлөм уюмдарынын төлөм терминалдарынын (анын ичинде агенттердин терминалдары) саны 11 053 бирдикти түзгөн.

### 4.1.2. Нак эмес төлөмдөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча иш-чаралар

*Мамлекеттик программаны ишке ашыруу*

Отчеттук жылы Улуттук банк накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча ведомство аралык комиссиянын катчылыгы болуу менен бирге Накталай эмес төлөмдөрдү жана эсептешүүлөрдү арттыруу боюнча мамлекеттик программаны жүзөгө ашыруу боюнча иш-чаралар планынын аткарылышын координациялоо жана контролдоо ишин уланткан.

2022-жылдын жыйынтыгы боюнча Накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн арттыруу боюнча мамлекеттик программанын иш-чараларын аткаруу алкагында төмөнкүдөй натыйжага жетишилген:

- 548,5 миң адам (пенсионерлердин жалпы санынын 74,0 пайызы) пенсияны коммерциялык банктардагы эсептери аркылуу алган, ал эми 2021-жылы 491,7 миң адам алган (пенсионерлердин жалпы санынын 69,0 пайызы);
- банктык төлөм карталары аркылуу социалдык төлөөлөрдү 360,7 миң адам алган (алуучулардын жалпы санынын 97,4 пайызы), ал эми 2021-жылы 474,0 миң адам социалдык төлөөлөрдү алган (алуучулардын жалпы санынын 97,3 пайызы пайызы). 2022-жылы социалдык жөлөк пулдарды алуучулардын саны 2021-жылга салыштырганда 116,8 миң адамга азайган, ал эми банктык төлөм карталары аркылуу социалдык төлөөлөрдү алган жарандардын саны 0,1 пайызга көбөйгөн;
- медициналык кызмат көрсөтүүлөргө төлөө үчүн, 107 мамлекеттик саламаттыкты сактоо уюмунун 65инде POS-терминал орнотулган;
- коммерциялык банктар тарабынан өлкөгө 276 банкомат, 3 420 POS-терминал жана 359 төлөм терминалы алынып келинген;
- бюджеттик уюмдарда "бюджеттик каражаттарды алуучунун" 1 145 картасы пайдаланылган, алар боюнча жалпы 3 282,3 млн сом суммада 9 935 транзакция жүргүзүлгөн;

– “Кыргыз почтасы” мамлекеттик ишканасынын почта байланышынын 916 бөлүмүнүн 387синде карта ээлерине пенсияларды, жөлөк пулдарды жана эмгек акыларды төлөө, ошондой эле коммуналдык кызматтар үчүн төлөмдөрдү жүргүзүү, салыктарды жана башка төлөмдөрдү төлөө үчүн POS-терминалдар орнотулган;
– негизинен, региондордо жайгашкан 89 соода-тейлөө ишканасынын кассаларында банктык төлөм картасынан акча каражатын чыгаруу боюнча долбоор төрт коммерциялык банк тарабынан ишке ашырылган.

Накталай эмес төлөмдөргө жана эсептешүүлөргө өтүү, акча жүгүртүүнүн ачык-айкын болушуна жетишүү жана көмүскө экономиканын үлүшүн төмөндөтүү максатында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2022-жылдын 16-декабрындагы “Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдү накталай эмес формада кабыл алуу жөнүндө” токтому кабыл алынган.

### 4.1.3. Төлөм системаларынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишин өнүктүрүү жана жөнгө салуу

#### 4.1.3.1. Төлөм системаларынын операторлоруна жана төлөм уюмдарына лицензия берүү жана каттоо

2022-жылы Улуттук банк тарабынан төлөм системасынын операторунун ишин жүзөгө ашыруу укугуна беш лицензия[1] жана төлөм уюмунун ишин жүзөгө ашыруу укугуна беш лицензия[2] берилген. Отчеттук мезгилдин акырына карата 24 юридикалык жак Улуттук банктын лицензиясына ээ болгон: төлөм уюмдарынын ишин жүзөгө ашыруу укугуна 24 лицензия жана төлөм системасынын операторунун ишин жүзөгө ашыруу укугуна 23 лицензия. Анын ичинен 20 юридикалык жак Бишкек шаарында, бирөө – Чүй областында, үчөө – Ош шаарында жана Ош областында катталган.

Улуттук банкта эл аралык акча которуу системаларынын эки оператору, эл аралык электрондук акча системасынын бир оператору/эмитенти жана бир өз ара иш алып баруу оператору[3] каттоодон өткөн. Натыйжада, 2022-жылдын акырына карата акча которуу системаларынын 33 оператору (14 – эл аралык, 19 – локалдык (филиалдар аралык)), эл аралык электрондук акча системаларынын тогуз оператору/эмитенти, банктык төлөм карталарын пайдалануу менен жети эл аралык эсептешүүлөр системасы жана эки өз ара иш алып баруу оператору каттоодон өткөн.

#### 4.1.3.2. Төлөм системаларынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишин көзөмөлдөө

Улуттук банк инспектордук текшерүүлөрдүн жыл сайын бекитилүүчү планына ылайык төлөм системаларынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишин туруктуу негизде көзөмөлдөйт. Төлөм кызмат көрсөтүүлөрүн керектөөчүлөрдүн укугун коргоого, террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди

[1] Төлөм системасынын катышуучуларына үчүнчү жактардын төлөмдөрү жана эсептешүүлөрү боюнча финансылык маалыматтарды (процессинг, клиринг) кабыл алуу, иштеп чыгуу жана берүү боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо (б.а. финансылык маалыматтарды иштеп чыгуу).

[2] Үчүнчү жактардын пайдасына төлөмдөрдү жана эсептешүүлөрдү кабыл алуу жана өткөрүү боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо (финансылык агымдар).

[3] Төлөм системасынын оператору, ал төлөм системаларынын катышуучулары менен техникалык өз ара иш алып барууну жана эки өлчөмдүү штрихкод белгилерин жана төлөм шилтемелерин (QR-код) колдонуу менен төлөмдөр боюнча акыркы эсептешүүлөр үчүн клиринг файлдарын түзүүнү камсыз кылат.

легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүүгө, маалымат системаларынын жана аппараттык-программалык комплекстердин коопсуздугун камсыз кылууга өзгөчө көңүл бурулган.

2022-жылы бардыгы болуп, 16 инспектордук текшерүү, анын ичинен төрт комплекстүү, жети максаттуу текшерүү, беш алдын ала (лицензия берүү алдындагы) текшерүү жүргүзүлгөн.

### 4.1.3.3. Таасир этүү чаралары

2022-жыл ичинде тышкы көзөмөл жана инспектордук текшерүү алкагында төлөм системаларынын операторлоруна жана төлөм уюмдарына карата бир катар таасир этүү чаралары колдонулган: төрт төлөм системаларынын операторуна жана төлөм уюмуна айып пул салынган, он төлөм системаларынын операторунун жана төлөм уюмунун дарегине аныкталган бузууларды четтетүү тууралуу 11 жазма буйрук жөнөтүлгөн.

### 4.1.3.4. Төлөм системаларынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишин көзөмөлдөө жана жөнгө салуу методологиясы

Төлөм системаларынын операторлору жана төлөм уюмдары тарабынан Кыргыз Республикасынын “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” мыйзамынын жана Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарынын талаптары аткарылышы зарылдыгын эске алуу менен төлөм системаларынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын эсепке алуу саясатына, бухгалтердик эсепке алуунун эсептер планына негизги талаптарды белгилөөчү ченемдик укуктук актылар кабыл алынган, ошондой эле бухгалтердик эсепке алуунун эсептер планы иштелип чыккан жана пайдаланууга сунушталган.

Эмитент банктарга, электрондук акча системаларынын, анын ичинде эл аралык системалардын операторлоруна коюлуучу талаптарды тактоо, ошондой эле электрондук акча системаларын жана электрондук капчыктарды жабуу маселелерин жөнгө салуу үчүн, “Кыргыз Республикасында электрондук акча жөнүндө” жобонун жаңы редакциясы бекитилген.

Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларын Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексине ылайык келтирүү алкагында “Төлөм системаларынын операторлоруна/төлөм уюмдарына карата колдонулуучу таасир этүү чаралары жөнүндө” жобого Улуттук банк тарабынан колдонулуучу таасир этүү чараларын колдонуу негиздери жана тартиби боюнча өзгөртүүлөр киргизилген.

Төлөм системаларынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишине инспектордук текшерүү жүргүзүү, ошондой эле көзөмөлгө алынган уюм Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарын бузган учурда, таасир этүү чараларын колдонуу тартибин оптималдаштыруу үчүн, Улуттук банк Башкармасы Төлөм системаларынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишине инспектордук текшерүүлөрдү жүргүзүү жөнүндө нускоонун жаңы редакциясын бекиткен.

Ал эми өлкөнүн экономикалык коопсуздугун камсыз кылуу жана ички валюта рыногундагы жагдайды турукташтыруу максатында, Кыргыз Республикасында акча которуулар системасына тиешелүү акча которууларды жүзөгө ашыруу боюнча эрежелерге өзгөртүүлөр киргизилген, анда төмөнкүлөр каралган:

- Кыргыз Республикасынын аймагында эл аралык акча которуулар системасы боюнча акча которууну жөнөтүүчү өлкөнүн валютасында же болбосо улуттук валюта-сом түрүндө берүү;
- акча которууну чет өлкө валютасын сатып алуу жана сатуу боюнча маалымат тактада көрсөтүлгөн курс боюнча конвертациялоо (алмашуу операциясы).

### 4.1.4. Төлөм системасынын ишин көзөмөлдөө (оверсайт)

*Төлөм системаларынын маанилүүлүгү*

Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын ишин көзөмөлдөөгө (оверсайт) эл аралык практикага ылайык, мониторинг жүргүзүү, баалоо жана төлөм системасын өркүндөтүүгө багытталган чараларды колдонуу сыяктуу чаралардын топтому кирет. Көзөмөлдөө (оверсайт) алкагында өлкөнүн финансы системасы үчүн орчундуу мааниге ээ жана системалуу тобокелдикти жайылтууга потенциалдуу түрткү бериши мүмкүн болгон төлөм системалары аныкталган. Ошентип, 2022-жылы ГСРРВ жана ПКС системалуу мааниге ээ төлөм системалары, ал эми ГСРРВ, ПКС жана “Элкарт” банктык төлөм карталары менен эсептешүүлөр системасы улуттук система бойдон калган.

Мониторингдин жыйынтыгы боюнча системалуу мааниге ээ төлөм системалары штаттык режимде иштеген, системалардын жеткиликтүүлүк коэффициенти[1] 99,9 пайыз деңгээлинде жогору бойдон сакталып калган.

*Улуттук төлөм системасынын иштеши*

Ошондой эле “Элкарт” банктык төлөм карталары менен эсептешүүлөрдүн улуттук системасынын жеткиликтүүлүгү да 99,8 пайыз (план боюнча улуттук системалардагы жеткиликтүүлүк көрсөткүчү катары 98,0 пайыз белгиленген) деңгээлинде жогору бойдон калган. Отчеттук мезгилде “Банктар аралык чекене төлөм системалары үчүн камсыздандыруу (камдык) фонду жөнүндө” жобого ылайык, акыркы эсептешүүнү өз учурунда жана гарантиялык түрдө жүргүзүү үчүн “Элкарт” банктык төлөм карталары менен эсептешүүлөрдүн улуттук системасы боюнча камсыздандыруу (камдык) фонду түзүлгөн.

Улуттук төлөм системаларында финансылык тобокелдиктер системаларда каралган ликвиддүүлүктү тескөө механизмдеринин жана катышуучулардын Улуттук банкта жайгашкан корреспонденттик эсептериндеги жеткиликтүү ликвиддүү каражаттардын эсебинен минималдуу деңгээлде болгон.

Чекене төлөм системаларынын рыногу, мурдагыдай эле, транзакциялардын көптүгү менен мүнөздөлөт, аларда банктык төлөм карталары менен эсептешүүлөр, банк эсебин ачуусуз акча которуулар, электрондук акча менен эсептешүүлөр, үчүнчү жактардын пайдасына төлөмдөрдү кабыл алуу системалары жана башкалар камтылат. Жалпысынан, бул системалар отчеттук мезгилде туруктуу иштеп турган.

### 4.1.5. Санарип төлөм технологияларынын өнүгүшү

2022-жылы Улуттук банк 2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасынын, Кыргыз Республикасында санариптик төлөм технологияларын өнүктүрүү боюнча 2020-2022-жылдарга каралган концепциянын, ошондой эле Улуттук банктын орто мөөнөттүү стратегиялык документтеринин алкагында бир катар иш-чараларды жүргүзгөн.

Санарип сом концепциясы бекитилген, ага ылайык Улуттук банк тарабынан улуттук валютанын санарип формасы кошумча чыгарылат. Бул документте санарип сом долбоорун ишке ашыруу мөөнөттөрү жана этаптары аныкталган.

Ошондой эле Кыргыз Республикасында бирдиктүү санариптик финансылык онлайн-платформасын түзүү үчүн “Кыргыз Республикасында ачык программалык интерфейстерди колдонуу менен финансылык платформалар (маркетплейс) аркылуу финансылык кызмат көрсөтүүлөрдү пайдалануу мүмкүнчүлүгүн жөнгө салуу жөнүндө” жобо кабыл алынган. Анда финансылык платформанын (маркетплейстин) кызмат көрсөтүүлөрүнүн оператору боло ала турган катышуучулардын чөйрөсү жана сунушталуучу

[1] Жеткиликтүүлүк коэффициенти – бул системанын пайдалануучуларынын кызматтардан жана маалыматтардан пайдалануу мүмкүнчүлүгү. Техникалык үзгүлтүктөрдөн жана алдын алуу иштерин жүргүзүүдөн улам системада келип чыккан үзгүлтүктөр системадан пайдалануу мүмкүнчүлүгүн азайтат.

кызматтардын тизмеги аныкталган, ошондой эле API ачык интерфейстери аркылуу маалымат алмашуу мүмкүнчүлүгү каралган.

"БПБ" ЖАК оператору болуп саналган "Элкарт" улуттук төлөм системасы NFC технологиясы аркылуу смартфондорду колдонуу менен байланышсыз төлөмдөрдү өткөрүү үчүн "Элкарт Рау" жаңы функционалы менен толукталган. "Элкарт Бесконтакт" байланышсыз карталарын чыгаруу боюнча долбоор жигердүү ишке ашырылып жатат, калк арасында "Элкарт Мобайл", "Элкарт Трейд" мобилдик тиркемелерин, ошондой эле "Мерчант платформа" сервисин жайылтуу иштери улантылууда.

ЕАЭБ өлкөлөрү менен интеграциялык долбоорлорду илгерилетүү алкагында "Элкарт" улуттук системасынын карталары боюнча акча которуулардын көлөмү көбөйгөн. 2022-жылдын акырына карата 16,2 млрд сомдон ашык жалпы суммада 1,9 млн P2P-которуу жүзөгө ашырылган.

Банктар менен инновациялык байланышсыз продуктуларды түзүүгө, тарифтик пландарды жаңылоого, интернет-банкингди, мобилдик тиркемелерди жеткире иштеп чыгууга багытталган, анын ичинде эки өлчөмдүү штрихкод (QR-код) белгилерин бирдейлештирүү жана 24/7/365 режиминде банктык эсептерди жана электрондук акчаны аралыктан тескөөдө кардарлардын коопсуздугунун деңгээлин жогорулатуу боюнча иш-чаралар жүргүзүлгөн.

Ошондой эле коммерциялык банктардын кардарларынын ортосунда айкын убакыт ыргагында төлөмдөрдү жүргүзүүгө мүмкүндүк берүүчү Тез төлөмдөр системасын жайылтуу иштери улантылган. Системаны андан ары ишке ашыруу үчүн эл аралык эксперттер менен биргеликте ал боюнча функционалдык жана техникалык талаптар иштелип чыккан.

*Эки өлчөмдүү штрихкод (QR-код) белгилеринин өнүгүшү*

Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн эки өлчөмдүү штрихкод белгилерин (QR-код) колдонуу менен төлөмдөрдү жана эсептешүүлөрдү кабыл алуу боюнча банктык жана төлөм инфраструктурасын өнүктүрүү максатында:

– эки өлчөмдүү штрих-код белгилерин (QR-код) колдонуу менен төлөмдөрдү жана которууларды өткөрүү эрежелерине төлөм системасынын катышуучуларынын QR-коддорун улуттук стандартка ылайык келтирүүсү, аларды өз ара аракеттенүү операторуна бириктирүү жана QR-кодду колдонуу менен төлөмдөрдү кабыл алуу/өткөрүү боюнча банктык продуктуну/кызмат көрсөтүүлөрдү кардарларга сунуштоо боюнча милдеттүү талаптарды белгилөөчү өзгөртүүлөр киргизилген. 2022-жылдын май айынан тартып өз ара аракеттенүү оператору аркылуу 12,1 млн сом суммасына 7 800 төлөм өткөрүлгөн;
– мамлекеттик органдар, коммерциялык банктар жана "БПБ" ЖАК менен биргеликте мамлекеттик жана башка төлөмдөрдү жана которууларды QR-коддор аркылуу өткөрүү ыкмаларын өнүктүрүү боюнча жол картасына кол коюлган. Анын алкагында мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр үчүн, атап айтканда, паспорт берүү кызматы, автоунааны каттоо/кайра каттоо, жарандык абалдын актыларын каттоо кызматтары жана айдоочулук күбөлүгүн алуу үчүн төлөмдөр кабыл алына баштаган;
– Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн "Керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо боюнча чаралар жөнүндө" токтомуна ылайык, Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу кызматы менен биргеликте товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө накталай эмес түрдө төлөмдөрдү кабыл алуу үчүн соода-тейлөө ишканаларына POS-терминалдардын жана QR-коддордун орнотулушуна мониторинг жүргүзүлгөн;
– банктар, "БПБ" ЖАК жана төлөм системаларынын операторлору/ төлөм уюмдары менен биргеликте 2022-жылдын декабрында төлөм системаларын система аралык интеграциялоо иш-чаралары аяктаган (банктык карталар,

электрондук капчыктар жана мобилдик тиркемелер), QR-кодду колдонуу менен төлөмдөрдү жана которууларды өткөрүү үчүн бирдиктүү төлөм мейкиндиги түзүлгөн жана соода-тейлөө ишканаларында 3 400дөн ашык бирдейлештирилген QR-коддор орнотулган.

Калкка QR-коддорду колдонуунун артыкчылыгы жана ыңгайлуулугу жөнүндө маалымат берүү үчүн товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө QR-кодду колдонуу менен төлөө мүмкүнчүлүгү, ошондой эле аралыктан жана байланышсыз төлөмдөр тууралуу видеоматериалдар, макалалар жана интервью иштелип чыккан жана Улуттук банктын интернет-ресурстарына жайгаштырылган.

*Виртуалдык активдерди жөнгө салуу*

2022-жылы Кыргыз Республикасынын “Виртуалдык активдер жөнүндө” жана “Виртуалдык активдер чөйрөсүндөгү айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” мыйзамдары кабыл алынган.

Кыргыз Республикасынын “Виртуалдык активдер жөнүндө” мыйзамында виртуалдык активдер боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү берүүчү катары виртуалдык активдер менен байланышкан кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштаган, Улуттук банктын көзөмөлүнө алынган банктардын, банк эмес финансы-кредит уюмдарынын жана башка юридикалык жактардын иши Улуттук банк тарабынан жөнгө салына тургандыгы аныкталган.

*Атайын жөнгө салуу режимдери*

“Жөнгө салуучу аянтчанын”[1] алкагында үч уюм Улуттук банктын убактылуу лицензиясынын негизинде төмөнкү банктык операцияларды ишке ашырган: накталай эмес түрдө кредиттерди берүү үчүн функционалы чектелген алдын ала чыгарылган “Элкарт” кредиттик карталарын эмиссиялоо, банктык карталардын эквайринги, QR-кодду колдонуу менен төлөмдөрдү кабыл алуу жана тейлөө, өздүк электрондук акчаны чыгаруу (эмиссия) жана ордун жабуу, ошондой эле электрондук капчыктарды пайдалануу үчүн төлөм карталарын чыгаруу (эмиссия). Бир уюмдун тестирлөөсү ийгиликтүү деп таанылган.



## 4.2. Нак акча жүгүртүлүшү

### 4.2.1. Нак акча менен жүргүзүлгөн операциялар

Экономиканын нак акчага болгон муктаждыгын өз убагында камсыз кылуу Улуттук банктын негизги функцияларынын бири болуп саналат. Бул үчүн Улуттук банк жүгүртүүдөгү акча түзүмүн коммерциялык банктар аркылуу жөнгө салат.

2022-жылы банкноттордун жана монеталардын керектүү номиналдарынын оптималдуу запасын толуктап туруу, аларды жүгүртүүгө чыгаруу, эскилиги жеткен акчаны колдонуудан алып салуу жана жок кылуу иштери улантылган.

2022-жылы жүгүртүүдөгү нак акчанын жалпы суммасы 42,1 пайызга көбөйүү менен 198,8 млрд сомду түзгөн.

[1] “Жөнгө салуучу аянтча” – жаңы финансылык продукттарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү иштеп чыгуу менен алектенген юридикалык жактарга, колдонуудагы мыйзамдарды бузуу тобокелдигисиз аларды колдонууга киргизүү боюнча экспериментти чектелген чөйрөдө жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк берген өзгөчө укуктук режим.

***4.2.1-график***

Жүгүртүүдөгү акча көлөмүнүн өзгөрүү динамикасы (бир мезгилдин акырына карата)




Нак акча жүгүртүүдө банкноттордун 463,8 млн барагы жана 545,3 млн даана монета болгон. 2022-жыл ичиндеги жүгүртүүдөгү акчанын жалпы суммасынын 99,1 пайызы банкноттордун үлүшүнө, ал эми 0,9 пайызы монеталардын үлүшүнө туура келген. Жүгүртүүдөгү банкноттор менен монеталардын купюра боюнча түзүмү 4.2.1-таблицада келтирилген.

***4.2.1-таблица.***

Банкноттордун жана монеталардын жүгүртүүдөгү акчанын жалпы суммасына карата салыштырма салмагы

*(жүгүртүүдөгү акчанын жалпы суммасынан пайыздык катышта)*

| Номиналы, сом менен | до 5 | 10 | 20 | 50 | 100 | 200 | 500 | 1 000 | 2 000 | 5 000 | **Бардыгы болуп** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 2021-жыл | 0,6 | 0,6 | 0,5 | 0,7 | 1,4 | 3,5 | 9,1 | 35,6 | 10,4 | 37,6 | **100,0** |
| 2022-жыл | 0,4 | 0,5 | 0,4 | 0,5 | 1,3 | 3,0 | 8,2 | 33,8 | 8,0 | 43,9 | **100,0** |

*Коммерциялык банктардын кассаларына нак акчанын келип түшүүсү жана аларды берүү*

2022-жылы коммерциялык банктардын кассасына түшкөн нак акчанын көлөмү 3 748,2 млрд сомду түзүп, 2021-жылга салыштырганда 29,5 пайызга көбөйгөн. Ал эми коммерциялык банктардын кассаларынан нак акча берүү көлөмү 31,1 пайызга өсүп, 3 811,3 млрд сомду түзгөн.

***4.2.2-таблица.***

Коммерциялык банктардын кассалары аркылуу нак акчанын региондор боюнча жылышы

| | Түшүүсү, *млрд сом* | | Берилиши, *млрд сом* | | Кайтарымдуулук, *пайыздар* | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2021-жыл | 2022-жыл | 2021-жыл | 2022-жыл | 2021-жыл | 2022-жыл |
| **Бардыгы болуп** | **2 893,9** | **3 748,2** | **2 907,0** | **3 811,3** | **99,5** | **98,3** |
| Бишкек шаары | 1 573,4 | 2 122,1 | 1 552,3 | 2 136,1 | 101,4 | 99,3 |
| Ош шаары | 342,4 | 405,8 | 346,4 | 415,2 | 98,8 | 97,7 |
| Баткен областы | 123,8 | 147,2 | 123,7 | 147,0 | 100,1 | 100,1 |
| Жалал-Абад областы | 300,3 | 346,1 | 318,1 | 369,7 | 94,4 | 93,6 |
| Ысык-Көл областы | 139,1 | 174,8 | 144,0 | 181,9 | 96,6 | 96,1 |
| Нарын областы | 63,1 | 78,9 | 65,8 | 83,2 | 95,9 | 94,8 |
| Ош областы | 111,3 | 132,7 | 111,3 | 132,6 | 100,0 | 100,1 |
| Талас областы | 68,3 | 75,7 | 73,4 | 81,2 | 93,1 | 93,2 |
| Чүй областы | 172,2 | 264,9 | 172,0 | 264,4 | 100,1 | 100,2 |

Нак акча жүгүртүүнүн ишенимдүүлүгүн жана коопсуздугун камсыз кылуу максатында, Улуттук банк укук коргоо органдары менен өз ара иш алып барууда жасалма акчаны даярдоого жана жайылтууга жол бербөө жагында иштерин уланткан.

2022-жылы 9,5 миң сом жалпы суммасында 31 жасалма банкнота аныкталган (2021-жылы 100,5 миң сом жалпы суммасында 76 жасалма банкнота аныкталган).

Жасалма акча жасоонун деңгээли бир миллион анык банкнотага карата 0,1 жасалма банкнотту түзгөн, бул минималдуу 1-деңгээл катары классификацияланат[1]. Жасалма акча жасоонун ар бир фактысы боюнча укук коргоо органдары тарабынан кылмыш иши козголуп, ыкчам-издөө иш-чаралары жүргүзүлгөн.

“Сом – Кыргызстандын жүзү” деп аталган маалымат берүү-агартуу кампаниясынын алкагында калкка жана банк системасына улуттук валютадагы банкноттордун жана монеталардын аныктыгынын белгилери, эскилиги жеткен жана кемчилдиги бар банкнотторду жана монеталарды алмаштыруу тартиби жөнүндө маалымат берилип турган, ошондой эле финансы-кредит уюмдарынын касса кызматкерлери төлөм каражаттарынын аныктыгын текшерүү белгилери боюнча окутуудан өткөрүлгөн.

### 4.2.2. Коллекциялык эстелик монеталар

Отчеттук мезгилде Улуттук банк эстелик коллекциялык монеталарды чыгарууну уланткан. Спорт чөйрөсүндөгү маанилүү окуялардын урматына жана дене тарбиясынын баалуулуктарын, ошондой эле Кыргызстандын Кызыл китебине киргизилген республикадагы өсүмдүктөрдүн сейрек түрлөрүн жайылтуу жана сактап калуу максатында 2022-жылы жүгүртүүгө “Спорт” сериясынан “Азия оюндары” жана “Кыргызстандын Кызыл китеби” сериясынан “Кашкар бөрү карагаты” күмүш коллекциялык монеталары жүгүртүүгө чыгарылган.

2021-жылы COVID-19 пандемиясын жеңүү үчүн ага каршы күрөшкөн инсандарга ыраазычылык билдирүү иретинде жүгүртүүгө чыгарылган “Өмүр сакчыларына таазим!” жез-никель коллекциялык монетасы “Монеталар топ жылдызы – 2022” эл аралык сынагында “Жылдын монетасы” номинациясында үчүнчү байгелүү орунду ээлеген.

***<u>4.2.2.1-сүрөт.</u>***

“Азия оюндары” күмүш коллекциялык монетасы




---

[1] Жасалма акча жасоонун деңгээли жүгүртүүдөгү анык банкноттордун бир миллион даанасына аныкталган жасалма банкноттордун санынын катышы менен аныкталат. Дүйнөлүк практикада бардыгы болуп жасалма акча жасоонун алты деңгээли айырмаланат.

***4.2.2.2-сүрөт.***
“Кашкар бөрү карагаты” күмүш коллекциялык монетасы




***4.2.2.3-сүрөт.***
“Өмүр сакчыларына таазим!” жез-никель коллекциялык монетасы




## 4.3. Аффинаждалган өлчөнгөн куймалар

*Аффинаждалган өлчөнгөн алтын куймаларын сатуу*

Каражат топтоо жана инвестициялоо боюнча жаңы инструменттер рыногун, анын ичинде банк секторунда түзүүгө, ошондой эле республиканын алтын казып алуу тармагынын өнөр жай потенциалын өнүктүрүүгө багытталган Кыргыз Республикасында баалуу металлдар рыногун түзүү жана өнүктүрүү концепциясын ишке ашыруу үчүн, Улуттук банк 999,9 сапат белгисинде 1, 2, 5, 10, 31,1035 (1 трой унциясы) жана 100 грамм салмагындагы аффинаждалган өлчөнгөн алтын куймаларын сатууну улантkан.

2022-жылы сатылып өткөрүлгөн аффинаждалган өлчөнгөн алтын куймаларынын көлөмү 746,3 млн сом суммасында 125,2 кг түзгөн (2021-жылы – 192,9 млн сом суммасына 37,3 кг). Кайра сатылып алынган аффинаждалган өлчөнгөн алтын куймаларынын көлөмү отчеттук мезгилде 245,7 млн сом суммасында 44,6 кг (2021-жылы – 107,8 млн сом суммасына 20,9 кг) өлчөмүндө катталган.

***4.3.1-таблица.***
Сатылган жана кайра сатылып алынган өлчөнгөн алтын куймалары тууралуу маалымат
*(миң сом)*

| Салмагы, *грамм* | Сатуу көлөмү | | Кайра сатып алуу | |
|---|---|---|---|---|
| | 2021-жыл | 2022-жыл | 2021-жыл | 2022-жыл |
| 1 | 1 651,9 | 10 988,0 | 1 511,6 | 4 822,4 |
| 2 | 3 383,8 | 22 959,0 | 3 484,6 | 11 541,5 |
| 5 | 5 435,9 | 61 277,5 | 5 780,5 | 26 026,5 |
| 10 | 44 542,9 | 35 786,6 | 33 097,2 | 22 261,4 |
| 31,104 | 34 718,1 | 100 116,7 | 8 786,5 | 34 062,1 |
| 100 | 103 186,4 | 515 160,9 | 55 184,9 | 147 013,0 |

***4.3.1-график.***

Аффинаждалган өлчөнгөн алтын куймаларынын сатылган саны

*(даана)*







***4.3.2-график.***

Кайра сатылып алынган аффинаждалган өлчөнгөн алтын куймаларынын саны

*(даана)*







Улуттук банк аффинаждалган өлчөнгөн алтын куймаларынын запасын жергиликтүү чийки заттан толуктоо иштерин уланткан. Кыргыз Республикасынын “Баалуу металлдар жана асыл таштар жөнүндө” мыйзамына ылайык отчеттук жыл ичинде аффинаждалган алтын жергиликтүү алтын өндүрүүчү компаниялардан улуттук валютага сатылып алынган.

Ички баалуу металлдар рыногун өнүктүрүү, ошондой эле ювелирдик тармакты чийки зат менен камсыз кылуу жана баалуу металлдар менен операцияларды көбөйтүү үчүн, Улуттук банк Кыргыз Республикасынын ички рыногунда “Кыргызалтын” ААКта 10 900 граммдан 13 400 граммга чейинки салмакта даярдалган, лигатуралык салмагынын кеминде 99,95 пайызын химиялык таза негизги металл түзгөн, аффинаждалган стандарттуу алтын куймаларды сатууну баштаган.

Мындан тышкары, Улуттук банк “Кыргыз фондулук биржасы” ЖАК менен биргеликте Улуттук банк тарабынан чыгарылган 1, 2, 5, 10, 31,1035 (1 трой унциясы) жана 100 грамм салмагындагы өлчөнгөн алтын куймаларын “Кыргыз фондулук биржасы” ЖАКтын соода аянтында сатууну баштаган.

# 5-ГЛАВА. ЭЛ АРАЛЫК КЫЗМАТТАШУУ ЖАНА КООМЧУЛУК МЕНЕН ИШ АЛЫП БАРУУ

## 5.1. Эл аралык кызматташуу

Отчеттук жылы Улуттук банк борбордук (улуттук) жана интеграциялык институттар жана эл аралык уюмдар менен кызматташууну уланткан.

Улуттук банк Эл аралык валюта фондунда (ЭВФ) Кыргыз Республикасынын атынан башкаруучу кеңсе катары иш алып баруу менен артыкчылыктуу багыттар боюнча координациялоону жана ЭВФ менен өз ара тыгыз иштешүүнү уланткан.

*Эл аралык финансылык уюмдар менен кызматташуу*

2022-жыл ичинде Улуттук банк ЭВФ башкаруучуларынын жана Дүйнөлүк банк тобунун жазгы жана жылдык жыйындарына, ошондой эле Бреттон-Вуд институттарына кирген өлкөлөрдүн швейцариялык топторунун отурумуна катышкан.

2022-жылдын ноябрь айында ЭВФ Макулдашуу беренелеринин IV беренесине ылайык ЭВФ персоналы менен өлкө бийлигине консультация берүүнүн алкагында Кыргыз Республикасына ЭВФтин миссиясы иш сапары менен келген.

Улуттук банктын Эл аралык валюта фонду менен өз ара иш алып баруусу акча-кредит саясатын жана тобокелдикти аныктоого багытталган көзөмөлдү өркүндөтүү маселесин кошо алганда, техникалык колдоо көрсөтүүнүн ар кыл багыттары боюнча жүргөн.

Улуттук банк менен Ислам өнүктүрүү банкынын ортосунда кызматташуу жөнүндө макулдашууну ишке ашыруу максатында, 2022-жылы Кыргыз Республикасында ислам банкингин өнүктүрүү маселелери боюнча бир катар жолугушуулар жана иш-чаралар өткөрүлгөн. Отчеттук жылдын июль айында Улуттук банктын делегациясы Дубайга, Бириккен Араб Эмираттарына иш сапары менен барган. Анын жүрүшүндө ислам банк иши жана каржылоо, капиталдын, баалуу кагаздардын (сукук) ислам рыногу чөйрөсүндөгү Бириккен Араб Эмираттарынын тажрыйбасы өздөштүрүлүп, Дубай Исламик Банкы жана Абу Даби Исламик Банкынын өкүлдөрү менен Кыргызстанда ислам банкын түзүү жана Кыргыз Республикасынын банктары үчүн корреспонденттик эсептерди ачуу мүмкүнчүлүгү боюнча маселелер талкууланды.

Мындан тышкары, 2022-жылы Улуттук банк жана Бириккен Араб Эмираттарынын Борбордук банкы ортосунда банктык көзөмөл, финансылык инновациялар жана төлөм системалары чөйрөсүндө тажрыйба жана маалымат алмашуу боюнча борбордук банктардын иш чөйрөсүндө кызматташуу боюнча өз ара түшүнүшүү жөнүндө меморандумга кол коюлган.

*Интеграциялык институттар менен кызматташуу*

Улуттук банк финансы жана банк иши боюнча Евразия экономикалык бирлигинин (ЕАЭБ), ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин борбордук (улуттук) банктарынын валюта саясаты боюнча консультациялык кеңешинин, Мамлекеттер аралык банктын, Көз карандысыз Мамлекеттердин Шериктештигинин (КМШ), Шанхай Кызматташтык Уюмунун (ШКУ) алкагында ишин уланткан.

2022-жылдын сентябрь айында Өзбекстанда, Самарканд шаарында ШКУга мүчө мамлекет башчыларынын кеңешинин 21-отурумунда ШКУга мүчө мамлекеттердин өз ара эсептешүүлөрүндө улуттук валюталардын үлүшүн бара-бара көбөйтүү боюнча жол картасы жөнүндө ШКУга мүчө мамлекеттердин башчыларынын кеңешинин чечимдерин кошо алганда, бир катар документтерге кол коюлган.

Улуттук банк 2022-жылдын сентябрь айында ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин борбордук (улуттук) банктарынын валюта саясаты боюнча консультациялык кеңешинин 23-отурумуна катышкан. ЕАЭБге мүчө мамлекеттерде акча-кредит

саясатын ишке ашыруу, ошондой эле улуттук финансы рынокторун өнүктүрүүнүн тенденциялары жана финансы технологияларын өнүктүрүү маселелери каралган.

Улуттук банктын өкүлдөрү 2014-жылдын 29-майындагы ЕАЭБ жөнүндө келишимди ишке ашыруу максатында ЕАЭБге мүчө өлкөлөрдүн өкмөттөрү жана улуттук (борбордук) банктары тарабынан түзүлгөн консультациялык жана жумушчу органдардын (комитеттер, чакан комитеттер, жумушчу топтор жана чакан топтор) ишине катышкан. Иш Евразия экономикалык интеграцияны 2025-жылга чейин өнүктүрүүнүн стратегиялык багыттарын ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планынын алкагында жүргөн.

Макроэкономикалык саясат боюнча консультациялык комитет жыл ичинде 2035-жылга чейин ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин экономикалык саясатынын негизги багыттарынын долбоорлорун жана ЕАЭБде жашыл экономика принциптерин киргизүү боюнча концепциянын долбоорун, ошондой эле ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин экономикалык өнүгүүсүнүн туруктуулугун аныктоочу макроэкономикалык көрсөткүчтөргө мониторинг жүргүзгөн.

Статистика боюнча консультациялык комитет тарабынан расмий статистикалык маалыматты чогултуу процессин модернизациялоо боюнча иштер жүргүзүлгөн жана Евразия экономикалык биримдигинин расмий статистикалык маалыматын түзүү максатында жаңы маалымат булактарын колдонуу маселелери каралган.

Финансы рыноктору боюнча консультациялык комитет ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин мыйзамдарын шайкеш келтирүү боюнча ишин уланткан. Стандартташтырылган лицензия жөнүндө макулдашуу жана Евразия экономикалык биримдигинин жалпы финансы рыногун жөнгө салуу боюнча бир нече улуттар катышкан орган тууралуу макулдашуунун долбоору даярдалган.

Улуттук банк онлайн режиминде өткөн ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин финансылык кызмат көрсөтүүлөрдү керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо жана финансылык жеткиликтүүлүк боюнча консультациялык кеңештин 10 жана 11-отурумдарына катышты.

Жумушчу топтун алкагында иштер улантылып, анда ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин улуттук төлөм системаларын өнүктүрүү маселелери каралган.

Координациялык кеңеш акча белгилерин чыгаруу, нумизматикалык рынокту өнүктүрүү жана жасалма акча жасоого каршы күрөшүү маселелери боюнча ЕАЭБге мүчө мамлекеттер ортосунда улуттук акча белгилеринин жүгүртүүгө киргизилиши, анын ичинде эстелик жана коллекциялык банкноттор жана монеталар, ошондой эле баалуу металлдардан жасалган аффинаждалган өлчөнгөн куймалардын сатылышы боюнча маалымат алмашуу улантылган.

Улуттук банк Мамлекеттер аралык банк кеңешинин 64 жана 65-отурумдарына катышкан, анын жүрүшүндө Мамлекеттер аралык банктын иш жыйынтыктары жана аны өнүктүрүү чаралары, чек ара аркылуу өтүүчү акча которууларды уюштуруу долбоорлорун жана башкаларды ишке ашыруу маселелери каралган.

Борбордук (улуттук) банктардын Евразия кеңешинин кызматташуусу боюнча иштер улантылган. Борбордук (улуттук) банктардын Евразия кеңешинин 46 жана 47-отурумдарынын жүрүшүндө банк секторун өнүктүрүү, валюта рыноктору, Борбордук (улуттук) банктардын Евразия кеңешинин катышуучулары – борбордук (улуттук) банктардын финансы рыноктору жана башка бир катар маселелер каралган. Координациялык жана консультациялык иштер жөнүндө маалымат Борбордук (улуттук) банктардын Евразия кеңешинин мүчөлөрүнө берилип турган.

2022-жылы Борбордук (улуттук) банктардын Евразия кеңешинин курамы Казакстан Республикасынын финансы рыногун жөнгө салуу жана өнүктүрүү боюнча агенттигинин 2015-жылдын 18-ноябрындагы Борбордук (улуттук) банктардын Евразия кеңеши жөнүндө макулдашууга кошулгандыгына байланыштуу кеңейген.

*Эки тараптуу жана техникалык кызматташуу*

Отчеттук жылы Улуттук банк Сауд Арабиясы Королдугу, Казакстан Республикасы, Кытай Эл Республикасы, Кувейт мамлекети, Бириккен Араб Эмираттары, Польша Республикасы, Түркия Республикасы, Швейцария Конфедерациясынын борбордук (улуттук) банктары менен өз ара иш алып баруунун алкагында өкмөттөр аралык комиссиянын эки тараптуу ишине активдүү катышкан.

Тажрыйба алмашуу, квалификацияны жогорулатуу программаларын ишке ашыруу жана техникалык колдоо алуу максатында Польша Улуттук банкы, Швейцария Улуттук банкы, Корея банкы, Кытай Эл банкы, Түркия Борбордук банкы, ошондой эле Азия өнүктүрүү банкы, Европа реконструкциялоо жана өнүктүрүү банкы, Эл аралык валюта фонду, Вена бириккен институту (JVI), Германия эл аралык кызматташуу коому (GIZ), Германия эл аралык кызматташуу боюнча Шпаркасс фонду, Европа коопсуздук жана кызматташуу уюму менен кызматташуу иштери жүзөгө ашырылган.

2022-жылы банк ишинин маселелери боюнча тажрыйба алмашууну уюштуруу жана борбордук (улуттук) банктар ортосунда кызматташууну андан ары өнүктүрүү маселелерин талкуулоо максатында Швейцария Улуттук банкынын өкүлдөрү Улуттук банкка бир катар иш сапары менен келишкен.

Корея Банкынын маалыматтык өнөктөштүк программасына ылайык эки тараптуу макулдашууну ишке ашыруу боюнча Корея Банкы менен Улуттук банктын кызматташуусу улантылган. Корея Банкынын эксперттеринин консультациялык жардам көрсөтүүсүндө акча-кредит саясатын талдоо жана Кыргыз Республикасынын негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөрүн болжолдоо үчүн колдонулган DSGE моделин (Dynamic Stochastic General Equilibrium Model) кеңейтүү боюнча илимий-изилдөө иштери жүргүзүлгөн.

“Кыргыз Республикасынын финансы секторун өнүктүрүү (FSDP)”, “Тез төлөмдөр системасы”, “Борбордук банктын санарип валютасы”, “API Ачык программалык интерфейси (Open-banking)” долбоорлору боюнча Дүйнөлүк банк менен кызматташуу жүзөгө ашырылган.

Азия Өнүктүрүү банкынын техникалык колдоо көрсөтүүсүнүн алкагында Islamic Finance Advisory & Assurance Services (IFAAS) эл аралык консалтинг компаниясы ислам каржылоо саясатынын инструменттерин иштеп чыгуу жана колдонууга киргизүү боюнча Улуттук банктын өкүлдөрү үчүн семинар өткөргөн. Жыл ичинде Улуттук банктын өкүлдөрү Ислам финансы кызмат көрсөтүүлөрү боюнча кеңеш (Islamic Financial Services Board) тарабынан уюштурулган онлайн-семинарлардын сериясына катышты.

*ЕАЭБ борбордук (улуттук) банктарынын кесиптик окутуу программасы*

2022-жылы Улуттук банк төмөнкү багыттар боюнча ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин борбордук (улуттук) банктарынын персоналдарын кесиптик окутуу программасын ишке ашырууга активдүү катышты:

– июнь айында Улуттук банк тарабынан уюштурулган “Финансылык сабаттуулук” темасында тажрыйбалык такшалуу өттү. Тажрыйбалык такшалууга Беларусь Республикасынын Улуттук банкынын, Монголия Борбордук банкынын жана Монголия банктарынын ассоциациясынын өкүлдөрү катышты. Анда катышуучулар калктын финансылык сабаттуулугун жогорулатуунун актуалдуу маселелери боюнча пикир жана тажрыйба алмашты;
– июнь айында Улуттук банк тарабынан “Кардарлар менен байланышуу каналдары” темасы боюнча дагы тажрыйбалык такшалуу уюштурулуп, ага Беларусь Республикасынын жана Россия Федерациясынын борбордук банктарынын өкүлдөрү катышты. Анда, жалпыга маалымдоо каражаттарын кошо алганда, улуттук (борбордук) банктардын коомчулук менен иш алып баруу боюнча коммуникациялык саясатынын маселелери талкууланган;
– июль айында Улуттук банк тарабынан уюштурулган “ФОЭСти жайылтуу практикасы. ФОЭСти (IFRS) банктарда колдонуу өзгөчөлүктөрү. 9

"Финансы инструменттери" темасында эл аралык семинар болуп өттү. Семинарга Беларусь Республикасынын Улуттук банкынын, Россия Федерациясынын Борбордук банкынын жана Тажикстан Улуттук банкынын өкүлдөрү катышты. Катышуучулар баяндамалар менен чыгып сүйлөшүп, ФОЭС (IFRS) 9."Финансы инструменттери" жана бухгалтердик эсепке алуу чөйрөсүндөгү алдыңкы тажрыйба менен бөлүштү;

- август айында Улуттук банк "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын протоколдук кызматы" темасында семинар өткөрүп, ага Армян Республикасынын Борбордук банкынын жана Казакстан Республикасынын Улуттук банкынын өкүлдөрү катышты;
- сентябрь айында тегерек стол форматында "Банктарда, банктык холдингде жана (же) банктык топто корпоративдик башкаруу" темасында семинар өткөрүлгөн. Семинарга Армян Республикасынын, Беларусь Республикасынын, Россия Федерациясынын борбордук банктарынын өкүлдөрү жана Мамлекеттер аралык банктын өкүлдөрү катышты. Тегерек столдун катышуучулары улуттук (борбордук) банктарда корпоративдик башкаруунун актуалдуу маселелери, корпоративдик башкаруунун түзүмүн түптөөнүн укуктук аспектилери жана туунду (караштуу) уюмдардын ишин көзөмөлдөө, ошондой эле туунду (караштуу) уюмдардагы корпоративдик башкарууну уюштурууга карата борбордук (улуттук) банктын иш алып баруу ыкмасы тууралуу талкуулашты.

## 5.2. Коомчулук менен иш алып баруу жана калктын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу

2022-жылы Улуттук банк ачык-айкындуулук жана жеткиликтүүлүк принциптерине негизделген Улуттук банктын иши жөнүндө коомчулукка маалымдоону уланткан.

Улуттук банктын коммуникациялык саясатынын негизги багыттары болуп жүргүзүлүп жаткан акча-кредит саясаты жөнүндө, банк секторундагы жана валюта рыногундагы жагдай тууралуу, алтын менен операцияларды жүргүзүү жөнүндө, санарип технологияларын киргизүү жана финансылык коопсуздук, Баткен жана Ош областтарында куралдуу кагылышуунун жүрүшүндө жабыр тарткан карыз алуучуларга колдоо көрсөтүү боюнча чаралар, керектөөчүлөрдүн укугун коргоо жана калктын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу жөнүндө маалымат берүү саналат.

Коомчулукка маалымат Улуттук банктын расмий интернет-сайтына жана социалдык тармактардагы баракчаларына маалыматтык билдирүүлөрдү жайгаштыруу, жалпыга маалымдоо каражаттарына макалаларды, аудио- жана видео материалдарды жарыялоо, Улуттук банктын өкүлдөрүнүн пресс-конференцияларын жана брифингдерин, ошондой эле бир катар маалыматтык-агартуу иш-чараларын өткөрүү аркылуу берилет.

*Жогорку Кеңеш менен өз ара иш алып баруу*

Мыйзам чыгаруу органы – Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши менен өз ара иш алып баруунун алкагында Улуттук банктын ишине тиешелүү маселелер боюнча 128 кат жөнөтүлгөн. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарынын – Бюджет, экономикалык жана фискалдык саясат боюнча комитетинин мүчөлөрүнүн, коммерциялык банктардын, "Кыргызстан банктарынын союзу", "Кыргыз Республикасынын төлөм системаларынын операторлорунун ассоциациясы", "Микрофинансы уюмдарынын ассоциациясы" юридикалык жактар бирикмелеринин өкүлдөрүнүн катышуусу менен Кыргыз Республикасынын "Банктар жана банк иштери жөнүндө" мыйзамынын долбоорун талкуулоо боюнча тегерек стол өткөрүлдү. Тегерек столдун катышуучулары мыйзам долбоорун

талкуулап, банк ишин жакшыртуу, анын туруктуулугу менен ишенимдүүлүгүн камсыз кылуу боюнча пикир алмашышты.

*Улуттук банктын 30 жылдыгы*

Коомчулукка маалымат берүү ишинде Улуттук банктын 30 жылдыгына олуттуу көңүл бурулду.

Отчеттук жыл ичинде атайын маалымат берүү-окутуу иш-чаралары уюштурулду, ошондой эле ЖМК арасында “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкына – 30 жыл” темасын мыкты чагылдыруу боюнча сынак өткөрүлдү. Бир катар макалалар жарыяланып, аудио- жана видеоматериалдар даярдалды, радио жана телеканалдарда түз эфирлер уюштурулду. Журналисттер үчүн “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ролу жана функциялары” темасында атайын уюштурулган семинарда Улуттук банктын иши тууралуу кеңири маалымат берилди.

Улуттук банктын 30 жылдыгына арналган иш-чаралардын алкагында 2022-жылдын апрель айында Бишкек шаарында “Заманбап шарттарда Кыргыз Республикасынын финансы секторун өнүктүрүү” темасында конференция өттү. Конференцияга Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин, мамлекеттик мекемелердин, коммерциялык банктардын, банк эмес финансы-кредит уюмдарынын, төлөм уюмдарынын, эл аралык уюмдардын, академиялык жана эксперттик коомчулуктун өкүлдөрү катышты. Конференцияда мамлекеттик санарип платформаларды, финансы рыногун санарип трансформациялоону, санарип сом концепциясын жана башка тенденцияларды кошо алганда, маселелердин кеңири чөйрөсү камтылды.

*Расмий интернет-сайт*

Улуттук банктын www.nbkr.kg расмий интернет-сайты коомчулукка Улуттук банктын иш багыттары боюнча маалымат берүүнүн жана андан ыкчам пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуунун маанилүү инструменти кызматын аткарат. Расмий интернет-сайтта Улуттук банктын чечимдери жөнүндө маалымат жарыяланып, банктык жана монетардык статистикалык маалыматтар туруктуу негизде жаңыланып турган, ошондой эле Улуттук банктын акча-кредит саясаты, финансы секторунун туруктуулугу, төлөм системасынын абалы жана Улуттук банктын башка мезгилдүү басылмалары жөнүндө отчет түрүндөгү аналитикалык материалдары жарыяланган.

*ЖМК менен кызматташуу*

2022-жылга карата медиа планга ылайык банк ишине тиешелүү маселелер боюнча 180ден ашык басылма даярдалып, жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыяланган. Улуттук банктын иш багыттары боюнча жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрүнүн 350дөн ашык кайрылуусу каралган.

Улуттук банктын өкүлдөрүнүн эл алдына чыгып сүйлөөсү боюнча 190дон ашык иш-чара уюштурулган. Анда финансылык сабаттуулукту жогорулатуу, Улуттук банктын акча-кредит саясатын ишке ашыруу, валюта рыногунда түзүлгөн жагдай, банктык кызмат көрсөтүүлөрдү санарип трансформациялоо, финансылык кызмат көрсөтүүлөрдү керектөөчүлөрдүн укугун коргоо, ошондой эле Баткен жана Ош областтарында куралдуу кагылышуунун жүрүшүндө жабыр тарткан жарандарга банк сектору тарабынан көрсөтүлгөн колдоо жана башка актуалдуу маселелер тууралуу түшүндүрмө берилген.

Улуттук банк эсептик чен, акча-кредит саясаты, Баткен жана Ош областтарында куралдуу кагылышуудан жабыр тарткандарга колдоо көрсөтүү үчүн көрүлгөн чаралар, ошондой эле “Дүйнөлүк каражат топтоо күнү” жөнүндө пресс-конференция жана брифингдерди өткөргөн.

Медиа мейкиндигине жүргүзүлгөн мониторингге ылайык, жалпыга маалымдоо каражаттарында Улуттук банктын иши жөнүндө 14 миңден ашык басылма жарык көргөн.

*Улуттук банктын медиа продукциялары*

Республикалык жана аймактык телеканалдарга валюталар курсу жана алтын куймаларынын наркы жөнүндө инфографика менен “Улуттук банк билдирет” рубрикасы күн сайын чыгып жатты. Ошондой эле электрондук санарип

финансылык кызмат көрсөтүүлөр жана финансылык алдамчылык тобокелдиктери, финансылык сабаттуулук боюнча “Финсабат” телеберүүлөр сериясы чыгарылып турду.

Региондордо Улуттук банктын областтык башкармалыктары жана Баткен областындагы өкүлчүлүгү аркылуу коомчулукка маалымат берилген. Аймактык жалпыга маалымдоо каражаттарына Улуттук банктын иши жөнүндө 72 маалыматтык жана аналитикалык материал жарыяланган.

*Коомдук кабылдаманын иши*

2022-жылы Улуттук банктын борбордук аппаратында, областтык башкармалыктарында жана Баткен областындагы өкүлчүлүгүндө иштеген коомдук кабылдамалардын иши улантылган. Коомдук кабылдамалардын иши Улуттук банктын компетенциясына кирген маселелер боюнча консультация жана маалымат берүүгө, жарандардын банктын жетекчилиги жана адистери менен жолугушууларын уюштурууга, ошондой эле жазуу жана оозеки кайрылуулар менен иштөөгө багытталган. Бардыгы болуп коомдук кабылдамага Улуттук банктын ишине тиешелүү маселелер боюнча 4 500гө жакын оозеки жана 1 400дөн ашык кат түрүндө кайрылуулар келип түшкөн.

Отчеттук жылдын июль айында калктын кайрылууларын ыкчам кароо жана финансылык кызмат көрсөтүүлөрдү керектөөчүлөрдүн ыңгайлуулугу үчүн Улуттук банктын WhatsApp-каналы ачылган. Бул канал аркылуу жарым жыл ичинде 1 000дин тегерегинде кайрылуу келип түшкөн. WhatsApp-каналын колдонуучулар ФКУ ишине тиешелүү ар кыл маселелер боюнча кайрылган.

Мындан тышкары, Улуттук банктын Facebook, Instagram жана Telegram-канал социалдык тармактарындагы расмий баракчалары аркылуу 2022-жылы жарандардан 100дөн ашык кайрылуу келип түшкөн.

*Бишкек жана Ош шаарларындагы нумизматикалык музейлер*

2022-жылы Улуттук банктын нумизматикалык музейлери мурдагыдай эле режимде иштеп баштаган. Отчеттук жыл ичинде окуучулар жана студенттер, алыскы жана жакынкы чет өлкөлөрдүн, мамлекеттик органдардын жана ЖМК өкүлдөрү үчүн экскурсиялар уюштурулган. Экскурсиялардын жүрүшүндө музейге келүүчүлөр ар кандай мезгилде чыгарылган жана Кыргызстандын аймагында табылган акча белгилеринин, улуттук валютанын өнүгүү жана түптөлүү этаптарын чагылдырган банкноттордун жана монеталардын эскиздери жана үлгүлөрү, Улуттук банк тарабынан ар кандай технологияларды колдонуу менен жана өзгөчө дизайнда чыгарылган эстелик алтын, күмүш жана жез-никель монеталардын коллекциялары, өлчөнгөн алтын куймалары жана башка нумизматикалык продукциялар менен таанышып чыгышты. Отчеттук жыл ичинде 92 экскурсия уюштурулуп, келүүчүлөрдүн жалпы саны 1 400 адамды түздү.

*Улуттук банк социалдык тармактарда*

Социалдык медиа маалымат таратуунун негизги булагы жана каналына айлангандыгына байланыштуу Улуттук банк социалдык тармактарга жана мессенджерлерге жигердүү катышууну уланткан. Улуттук банктын ишине тиешелүү маалыматтык билдирүүлөр даярдалып, колдонуучулардын талабын жана күтүүлөрүн эске алуу менен, социалдык тармактардагы расмий баракчаларында жарыяланып турган. Атайын инструменттерди колдонуу менен социалдык тармактар аркылуу жайылтылган мамлекеттик жана расмий тилдердеги видеоконтенттер, инфографика, маалымат карталары жана башка көрсөтмө колдонмолор сунушталган. Социалдык тармактардагы баракчалар дагы коомчулук менен ыкчам кайтарым байланышты камсыз кылуу жана түшүндүрүү иштерин жүргүзүү үчүн, аны менен катар, Улуттук банктын өкүлдөрү менен актуалдуу темаларга түз эфирлерди уюштурууда колдонулган.

*Калктын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу*

Улуттук банк Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин тескемеси менен бекитилген 2022-2026-жылдары финансылык жеткиликтүүлүктү жогорулатуу стратегиясын ишке ашыруунун алкагында калктын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу иштерин уланткан.

Финансылык сабаттуулукту жогорулатууга багытталган иш-чаралар тууралуу маалымат, агартуу жана башка материалдар Улуттук банктын финансылык сабаттуулукту жогорулатуу боюнча www.finsabat.kg интернет сайтына жана социалдык тармактардагы расмий баракчаларында жайгаштырылган.

Басылмаларда каражат топтоо, кредиттер, инвестициялар, финансылык коопсуздук, финансылык кызмат көрсөтүүлөрдү керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо, электрондук капчыктарды, мобилдик банкингди кошо алганда, мобилдик банктык тиркемелер аркылуу, анын ичинде “Элкарт Мобайл” тиркемеси аркылуу онлайн-сатып алууларды жана онлайн төлөмдөргө тиешелүү актуалдуу темаларды түшүндүрүүгө көбүрөөк көңүл бөлүнгөн.

Финансылык сабаттуулук боюнча “Финансылык сабаттуулук деген эмне?”, “Каражат топтоо жана депозиттер”, “Инвестициялоо”, “Тобокелдиктер жана финансылык коопсуздук”, “Электрондук санарип финансылык кызмат көрсөтүүлөр”, “QR-код аркылуу төлөө”, “Финансылык жүрүм-турум”, “Жасалма монета жасоочулук”, “Финансылык пирамидалар” сыяктуу темаларга арналган “Финсабат” теле берүүсү республикалык жана аймактык телеканалдарда берилип, Улуттук банктын социалдык тармактардагы расмий баракчаларында жайгаштырылган.

“Глобалдуу акча жумалыгы” жана “Дүйнөлүк каражат топтоо күнү” маалыматтык-билим берүү өнөктүгү жыл сайын жүргүзүлгөн, ага мамлекеттик жана эл аралык уюмдар, коммерциялык банктар жана микрофинансылык уюмдар катышты. Аталган иш-чаранын алкагында финансылык сабаттуулук боюнча лекциялар, финансы уюмдарына экскурсиялар, олимпиадалар, тренингдер, бардык курактагы балдарга, жаштар менен чоңдорго арналган жана ыңгайлаштырылган жана башка иш-чаралар өткөрүлдү. “Глобалдуу акча жумалыгы” иш-чарасынын алкагында өлкө боюнча 800 иш-чара: жети улуттук сынак, финансы-кредит уюмдарына ачык эшик күндөрү, экскурсиялар, лекциялар, финансылык сабаттуулук боюнча сабактар болуп өткөн. Ага түздөн-түз 78 миң адам катышып, 3 млн жакын адам кыйыр катышкан. Кеңири масштабдуу “Дүйнөлүк каражат топтоо күнү – 2022” өнөктүгүнүн жыйынтыгы боюнча өлкө боюнча 200 иш-чара өткөрүлгөн, анын ичинде сегиз сынак, 39 семинар жана чоңдорго арналган тренингдер, 17 экскурсия жана ачык эшик күндөрү, мектептерде финансылык сабаттуулук боюнча 78 сабак, жогорку окуу жайларында 31 лекция, беш финансы жармаңкеси жана каражат топтоо маданиятын өнүктүрүү максатында башка иш-чаралар өткөн. Калк арасынан 16 миңден көп адам түздөн-түз, 2 млн ашык адам кыйыр түрдө катышкан.

2022-жылы Германия эл аралык кызматташтыгы боюнча Шпаркасс фонду менен биргеликте “Кыргызстанда, Тажикстанда жана Түркмөнстанда айыл жергесин өнүктүрүүгө, чакан жана орто ишкер секторунун потенциалын арттырууга көмөк көрсөтүү” долбоорун ишке ашыруу улантылган. Анын максаты айыл жергесиндеги калктын финансылык кызмат көрсөтүүлөрдү пайдалануу мүмкүнчүлүгүн жакшыртуу, алардын финансылык жана ишкердик сабаттуулугун жогорулатуу болуп саналат. Бул долбоордун алкагында финансылык сабаттуулуктун негиздери боюнча эки күндүк семинар уюштурулган. Ага 410 адам, анын ичинде 260 аял катышкан.

Мындан тышкары, Шпаркасс фондунун жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин колдоосу менен 2022-жылдын август айында финансылык сабаттуулук боюнча аймактык ийрим жетекчилери жана мультипликатор мугалимдер үчүн эки күндүк семинар өткөрүлгөн. Семинардын жүрүшүндө финансылык максат коюу жана пландаштыруу, кредит жана кредиттик уюмдар менен иш алып баруу, каражат топтоо жана депозиттер ж.б. сыяктуу темалар каралган.

2022-жылдын июнь айында кол коюлган ЕККУнун Бишкектеги кеңсеси менен кызматташуу жөнүндө меморандумдун алкагында, Бишкекте финансылык

сабаттуулук боюнча 42 тренер даярдалган. Тренерлер өлкөнүн бардык аймактарында финансылык сабаттуулук боюнча эки күндүк 42 семинар өткөргөн. Катышуучулардын жалпы саны 900 адам, анын ичинде аялдардын саны – 638.

2022-жылдын август айында Улуттук банк кредиттерди төлөөдө көйгөйгө дуушар болгон ФКУ карыз алуучулары үчүн финансылык сабаттуулук боюнча окутуу семинарын уюштурган. Аталган иш-чаранын жүрүшүндө интерактивдүү формада финансылык максаттар жана финансылык пландаштыруу, үй-бүлө бюджети, кредиттик уюмдар менен өз ара иш алып баруу жана кредиттер менен иштөө, ошондой эле финансылык кызмат көрсөтүүлөрдү керектөөчүлөрдүн укуктары жана милдеттенмелери боюнча маалымат берилген. Финансылык сабаттуулукту жогорулатуу боюнча иштердин алкагындагы иштер бул багытта улантылат.

# 6-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН ИШИ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТТАР

## 6.1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын түзүмү

Улуттук банк оптималдуу штаттык тизимин калыптандыруу, кызматкерлердин кесиптик деңгээлин жана компетенциясын жогорулатуу үчүн шарттарды түзүү максатында өзүнүн уюштуруу түзүмүнүн натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча туруктуу негизде иш алып барат. Кыргыз Республикасынын жаңы “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” конституциялык Мыйзамынын кабыл алынышына байланыштуу отчеттук жылы төмөнкүдөй өзгөртүп түзүү аркылуу уюштуруу түзүмүн жакшыртуу боюнча иш-чаралар жүзөгө ашырылган: 1-Банктык көзөмөл башкармалыгы, 2-Банктык көзөмөл башкармалыгы жана Системалуу тобокелдиктерге талдап-иликтөөлөр бөлүмү өзгөртүлүп, булардын негизинде Банктык көзөмөл башкармалыгы түзүлгөн; Көзөмөлдөө методологиясы башкармалыгын жана Лицензиялоо башкармалыгын түзүү аркылуу Банктарды көзөмөлдөө методологиясы жана лицензиялоо башкармалыгы өзгөртүлүп түзүлгөн; Банк эмес финансы-кредит уюмдарын көзөмөлдөө башкармалыгын өзгөртүп түзүү аркылуу Банк эмес уюмдарды көзөмөлдөө башкармалыгы; Коомчулук менен иш алып баруу бөлүмү жана Эл аралык кызматташуу бөлүмү өзгөртүлүп, булардын негизинде Коммуникация жана эл аралык кызматташуу башкармалыгы түзүлгөн.

Отчеттук жылдын акырына карата Улуттук банкта борбордук аппараттын 30 түзүмдүк бөлүмү, 5 областтык башкармалык жана Улуттук банктын Баткен областындагы өкүлчүлүгү иштеп турган.

2021-жылы Улуттук банктын түзүмүн борбордук аппараттын 31 түзүмдүк бөлүмү, 5 областтык башкармалык жана Улуттук банктын Баткен областындагы өкүлчүлүгү түзгөн.

### Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн негизги максаттары жана милдеттери

| | |
|---|---|
| ***Экономика башкармалыгы*** | акча-кредит саясаты боюнча сунуштарды иштеп чыгат; экономиканын монетардык, реалдуу, финансы, бюджет-салык секторлор чөйрөсүндө талдоолорду жүргүзөт; макроэкономикалык модель түзүүнү жана болжолдоолорду жүзөгө ашырат; ЕАЭБ жана Бреттон-Вуд институттарынын (Дүйнөлүк банк жана ЭВФ) алкагында мамлекеттик саясатка көмөктөшөт; Улуттук банкта экономикалык изилдөө процессин камсыз кылат |
| ***Акча-кредиттик операциялар башкармалыгы*** | акча-кредит саясатын ишке ашырат жана эл аралык резервди тескөөгө алат; финансы рынокторунда операцияларды ишке ашырып, аларга баа берүүнү жана талдоолорду жүргүзөт; ачык рынокто операцияларды натыйжалуу координациялоо максатында финансы рынокторундагы тенденцияларды жана өзгөрүү себептерин аныктайт |

| | |
|---|---|
| ***Банктык көзөмөл башкармалыгы*** | банк системасынын туруктуулугун камсыз кылуу, аманатчылардын жана башка кредиторлордун таламдарын коргоо, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларында каралган талаптарга ылайык, алардын ишине тобокелдикти аныктоого багытталган көзөмөлдүктү жүзөгө ашыруу аркылуу банктар арасында ак ниеттүү атаандаштыкты камсыз кылуу боюнча Улуттук банктын милдеттерин ишке ашырат |
| ***Финансы статистикасы жана маалымдоо башкармалыгы*** | статистикалык акча-кредит маалыматын, финансы рыногунун, реалдуу сектордун жана мамлекеттик финансылардын көрсөткүчтөрүн топтойт, иштеп чыгат жана жайылтат; Кыргыз Республикасынын төлөм теңдемин жана эл аралык инвестициялык позициясын түзөт; Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине тышкы карыз маселелери жагында эксперттик колдоо көрсөтөт; статистикалык маалымат базасынын түзүмүн жана статистикалык маалыматты топтоо жана иштеп чыгуу технологиясын өркүндөтөт; Кыргыз Республикасынын финансылык туруктуулугун талдап-иликтейт жана баа берет; Улуттук банктын расмий басылмаларынын өз убагында чыгарылышын камсыз кылат |
| ***Көзөмөлдөө методологиясы башкармалыгы*** | банктардын, банк эмес жана адистештирилген финансы-кредит уюмдарынын, ислам каржылоо уюмдарынын, анын ичинде монополияга каршы жөнгө салуу маселелери боюнча ишин жөнгө салуу жана көзөмөлдөө методологиясын иштеп чыгуу аркылуу банк системасынын туруктуулугун камсыз кылуу боюнча Улуттук банктын милдеттерин ишке ашырат |
| ***Лицензиялоо башкармалыгы*** | Улуттук банктын көзөмөлүнө алынган банктардын жана банк эмес финансы-кредит уюмдарынын жана башка юридикалык жактардын ишин лицензиялоо аркылуу банк системасынын туруктуулугун камсыз кылуу боюнча Улуттук банктын милдеттерин ишке ашырат |
| ***Банк эмес уюмдарды көзөмөлдөө башкармалыгы*** | Улуттук банктан лицензия алышкан жана иши ал тарабынан жөнгө салынган банк эмес жана адистештирилген финансы-кредит уюмдарынын туруктуулугун камсыз кылуу, аманатчылардын жана башка кредиторлордун кызыкчылыктарын коргоо, алардын ишине тышкы (аралыктан) көзөмөл жүргүзүү жана мезгил-мезгили менен сапаттуу текшерүүлөрдү (инспекцияларды) уюштуруу жана жүргүзүү ак ниеттүү атаандаштыкты колдоо боюнча Улуттук банктын милдеттерин ишке ашырат |

| | |
|---|---|
| ***Нак акча менен иш алып баруу башкармалыгы*** | Кыргыз Республикасынын экономикасынын банкнотторго жана монеталарга, аффинаждалган алтындан жана күмүштөн жасалган өлчөнгөн куймаларга, нумизматикалык баалуулуктарга муктаждыгын камсыз кылат; алардын оптималдуу запасын кармап турат; акча банкнотторун, монеталарды жана баалуулуктарды сактоону жана ташып жеткирүүнү жүзөгө ашырат; эскилиги жеткен банкнотторду жана кемчилиги бар монеталарды жок кылуу боюнча чаралар топтомун жүргүзөт |
| ***Банктык эсептешүүлөр башкармалыгы*** | эсептешүүлөрдүн банктар аралык системасынын ишинин уюштурулушун камсыз кылат; финансы рынокторундагы операциялар жана бүтүмдөр боюнча эсептешүүлөрдү жүргүзөт; Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин эсептерин жана финансылык уюмдардын Улуттук банкта ачылган эсептерин тейлейт; ЕАЭБ жөнүндө келишимди ишке ашыруунун алкагында операцияларды жүзөгө ашырат |
| ***Банк ишин автоматташтыруу башкармалыгы*** | Улуттук банкты маалымат технологиялары жагында сапаттуу жана өз учурунда кызмат көрсөтүүлөр менен камсыз кылат |
| ***Төлөм системалары башкармалыгы*** | төлөм системаларын өнүктүрүүнүн жаңы келечектүү багыттарын жана төлөм системасын жөнгө салуу боюнча ченемдик укуктук базаны иштеп чыгат; төлөм кызмат көрсөтүүлөр рыногун өнүктүрүү тенденцияларын талдап-иликтейт; төлөм системасынын иштешине көзөмөл (оверсайт) жүргүзөт, санарип төлөм жана финансы технологияларын изилдейт жана жөнгө салат; төлөм системаларынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишин лицензиялайт, жөнгө салат жана көзөмөлдөйт; ошондой эле виртуалдуу активдердин кызмат көрсөтүү провайдери катары виртуалдуу активдерге байланыштуу кызматтарды көрсөтүшкөн, Улуттук банктын көзөмөлүнө алына турган юридикалык жактардын ишин жөнгө салат жана көзөмөлдөйт |
| ***Бухгалтердик эсепке алуу жана отчеттуулук башкармалыгы*** | Улуттук банктын финансылык абалы чагылдырылган финансылык отчетту түзүү жана аны пайдалануучуларга сунуштоо максатында эл аралык эсептик тажрыйбага ылайык Улуттук банктын операцияларын туруктуу негизде эсепке алат; мамлекеттик баалуу кагаздардын депозитардык эсепке алынышын камсыз кылат, ошондой эле Улуттук банктын берилген кредиттери боюнча күрөөлүк камсыздоону тариздейт жана аларга мониторинг жүргүзөт |

| | |
|---|---|
| ***Юридика башкармалыгы*** | бүтүндөй Улуттук банктын, анын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн, областтык башкармалыктарынын жана Баткен областындагы өкүлчүлүгүнүн ишин универсалдуу ыкманы жана өз компетенциясына кирген милдеттерге ылайык багыттар боюнча адистештирүүнү айкалыштыруу аркылуу укуктук маселелер боюнча комплекстүү коштоп жүрүүнү, банк мыйзамдарын өнүктүрүү жана өркүндөтүү ишинин аткарылышын камсыз кылат |
| ***Пландаштыруу, бюджет түзүү жана контролдоо башкармалыгы*** | Улуттук банктын өнүгүү стратегиясын финансылык ресурстар менен камсыз кылууга багытталган финансылык ишин уюштурат; бюджет түзүү жана ишин пландаштыруу процессин уюштурат; Улуттук банктын иш пландарынын жана стратегиялык багыттарынын аткарылышына мониторинг жүргүзөт |
| ***Коммуникация жана эл аралык кызматташуу башкармалыгы*** | коомчулук жана тышкы уюмдар менен байланыш түзүүнүн натыйжалуу системасын камсыз кылат, Улуттук банктын иши жана саясаты тууралуу маалымат берет, калктын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу боюнча иш-чараларды жүргүзөт; Улуттук банктын эл аралык уюмдар жана институттар менен өз ара аракеттенүүсүн координациялайт |
| ***Коопсуздук жана маалыматтык коргонуу башкармалыгы*** | Улуттук банктын ишинин коопсуздугун камсыз кылат; Кыргыз Республикасынын төлөм системаларынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишинде киберкоркунучтарга каршы аракеттенүү боюнча иш алып барат |
| ***Административ-дик-чарбалык ишти камсыздоо башкармалыгы*** | Улуттук банктын имараттары менен курулмаларында үзгүлтүксүз иштин жүрүшүн, алардын электр энергиясы, материалдык-техникалык жабдуулар менен жабдылышын жана транспорт, медициналык тейлөө менен камсыз кылат |
| ***Керектөөчүлөрдүн укугун коргоо бөлүмү*** | Улуттук банктын көзөмөлүнө алына турган жактар тарабынан банк жана төлөм кызмат көрсөтүүлөрүн керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо жагында Кыргыз Республикасынын мыйзам талаптарынын сакталышын көзөмөлдөйт |
| ***СВИФТ сервис бюросу бөлүмү*** | СВИФТ тарабынан иштелип чыккан, кардарлардын коопсуздугун камсыз кылуу программасынын талаптарына ылайык, Улуттук банкты жана Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарын сапаттуу жана үзгүлтүксүз СВИФТ кызмат көрсөтүүлөрү менен камсыз кылат |
| ***Улуттук банктын туунду жана ассоциацияланган уюмдарын тескөө бөлүмү*** | Улуттук банктын туунду жана ассоциацияланган уюмдары менен алардын иши жана өнүгүү стратегиясы маселелери боюнча өз ара иш алып барат |

| | |
|---|---|
| ***Мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана документ менен иш алып баруу бөлүмү*** | мамлекеттик тилде иш кагаздарын жүргүзүүнү жана өнүктүрүүнү, борборлоштурулган электрондук документ менен иш алып барууну, Улуттук банктын документтеринин аткарылышын контролдоону камсыз кылат |
| ***“Башкарманын катчылыгы” бөлүмү*** | Улуттук банк Башкармасынын ишин камсыз кылат, Башкарманын токтомдорунун жана протоколдук тапшырмаларынын аткарылышын контролдойт; Улуттук банктын жетекчилигинин ишин уюштурат жана документ менен иш алып барууну камсыз кылат; Көзөмөл боюнча комитеттин, Координациялык кеңештин жана Укук бузуулар жөнүндө ишти кароо боюнча комиссиянын ишин камсыз кылат |
| ***Персонал менен иш алып баруу бөлүмү*** | Улуттук банктын функцияларын жана милдеттерин аткаруу үчүн зарыл болгон эмгек ресурстарын башкарууну камсыз кылат; кызматкерлерди окутуу жана квалификациясын жогорулатуу процессин уюштурат |
| ***Финансылык тобокелдиктерди контролдоо бөлүмү*** | Улуттук банктын операцияларын тышкы рыноктордо ишке ашыруу учурунда финансылык тобокелдиктерди тескейт |
| ***Курулуш жана ремонт иштери бөлүмү*** | Улуттук банктын объектилеринде курулуш-монтаждоо, ремонт жана долбоор түзүү-изилдөө иштеринин аткарылышын камсыз кылат |
| ***Ички аудит бөлүмү*** | Улуттук банктын түзүмдүк бөлүмдөрүндө аудитордук текшерүүлөрдү жүргүзөт; Улуттук банктын тышкы аудитору жана Аудит боюнча комитет менен өз ара иш алып барат |
| ***Ревизорлор бөлүмү*** | Улуттук банктын ресурстарынын талапка ылайык жана натыйжалуу колдонулушун жана анын активдеринин сакталышын камсыз кылуу үчүн Улуттук банктын, анын ичинде анын областтык башкармалыктарынын жана Баткен областындагы өкүлчүлүгүнүн, ошондой эле Улуттук банктын туунду/ ассоциацияланган уюмдарынын финансылык жана чарбалык ишин текшерүү боюнча чараларды жүзөгө ашырат |
| ***Сатып алууларды уюштуруу жана мүлктү сатуу бөлүмү*** | сатып алууларды уюштурат жана өткөрөт; Улуттук банктын укуктук актыларына ылайык мүлктү сатып өткөрөт; эл аралык финансы уюмдарынын жана донор өлкөлөрдүн катышуусунда эл аралык финансы уюмдарынын жана донор өлкөлөрдүн каражаттарынын эсебинен сатып алууларды жүргүзүү боюнча Улуттук банкта ишке ашырылуучу долбоорлорду коштоп жүрөт |
| ***Окуу-ден соолукту чыңдоо борбору ("Толкун" пансионаты)*** | Улуттук банктын кызматкерлеринин жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн эс алуусун уюштурат; кызматкерлердин катышуусунда окутуу иш-чараларынын өткөрүлүшүн камсыз кылат |

| | |
|---|---|
| ***Улуттук банктын областтык башкармалыктары жана Баткен областындагы өкүлчүлүгү*** | коммерциялык банктардын филиалдарын накталай акча менен камсыз кылат; банк эмес адистештирилген финансы-кредит уюмдарын, анын ичинде алмашуу бюролорун төлөм системаларынын операторлорунун, төлөм уюмдарынын ишин лицензиялайт жана көзөмөлдөйт; төлөм системасын өнүктүрүү, финансылык жеткиликтүүлүк деңгээлин жана калктын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу алкагында иш-чараларды жүргүзөт |

*Улуттук банктын кызматкерлеринин саны*

2022-жылдын акырында Улуттук банктын тизме боюнча саны 702 адамды түзгөн, анын ичинде 615 адам – борбордук аппаратта жана 87 адам – областтык башкармалыктарда жана Баткен областындагы өкүлчүлүгүндө иштеген. Алардын ичинен аялдардын саны борбордук аппаратта 319 адамды, областтык башкармалыктарда жана Баткен областындагы өкүлчүлүгүндө – 34 адамды түзгөн. Пайыздык катышта аялдардын саны 50,3 пайыз, эркектердин саны – 49,7 пайыз чегинде катталган.

2021-жылы Улуттук банктын кызматкерлеринин тизме боюнча саны 753 адамды түзгөн, анын ичинде 668 адам – борбордук аппаратта жана 85 адам – областтык башкармалыктарда жана Баткен областындагы өкүлчүлүгүндө эмгектенген. Алардын ичинен аялдардын саны борбордук аппаратта 340 адамды, областтык башкармалыктарда жана Баткен областындагы өкүлчүлүгүндө – 33 адамды түзгөн. Пайыздык катышта аялдардын саны 49,5 пайызды жана эркектердин саны – 50,5 пайыз чегинде катталган.

*Персоналды кесиптик окутуу*

Улуттук банк адистерин туруктуу негизде окутууну уюштуруп турат. 2022-жылы кызматкерлерди окутуу Борбордук (улуттук) банктардын персоналын кесиптик окутуу программасынын, борбордук (улуттук) банктар менен техникалык кызматташуунун, КМШ өлкөлөрүндө жана алыскы чет өлкөлөрдө, ошондой эле Кыргыз Республикасында уюштурулган окутуу иш-чараларынын алкагында аралыктан жана күндүзгү негизде өткөрүлгөн.

*"Жаш кесипкөйлөр" программасы*

2021-жылы башталган кезектеги "Жаш кесипкөйлөр" программасы аяктады, анын максаты болуп, жогорку окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрүнө жана жаш адистерге өлкөнүн борбордук банкынын ишине катышуу аркылуу банк ишине тиешелүү көндүмдөргө ээ болуу мүмкүнчүлүгүн берүү саналат. Программанын жыйынтыгы боюнча 11 катышуучу Улуттук банктын ар кайсы түзүмдүк бөлүмдөрүнө мөөнөттүү эмгек келишими боюнча ишке кабыл алынышты.

*Сынак аркылуу тандоо*

Улуттук банкка кызматкерлерди ишке кабыл алууда ачык-айкын, бирдей жана адилеттүү мамилени ишке ашыруу үчүн сынак өткөрүү аркылуу тандоо системасы колдонулат, ал кесиптик даярдыгын эске алуу менен кыйла квалификациялуу адистерди ишке тартууга жана Улуттук банк тарабынан ага жүктөлгөн функциялардын талаптагыдай деңгээлде жүзөгө ашырылышын камсыз кылууга шарт түзөт.

Бош турган кызмат орундарына сынак өткөрүлө тургандыгы жөнүндө кулактандыруулар Улуттук банктын расмий интернет-сайтында, жалпыга маалымдоо каражаттарында жана социалдык тармактарда жарыяланат.

2022-жылы 32 сынак, анын ичинен жети сынак – областтык башкармалыктарда жана Баткен областындагы өкүлчүлүгүндө өткөрүлгөн. Сынактын жыйынтыгы боюнча Улуттук банкка 26 адам ишке кабыл алынган.

Отчеттук жыл ичинде кадрлардын иштен бошонуп кетиши 11,7 пайызды түзгөн.

Персоналдын иш стажы жана жаш курагы боюнча түзүмү, тиешелүүлүгүнө жараша 6.1.1 жана 6.1.2-графиктерде келтирилген.

***6.1.1-график.***

Адистердин Улуттук банктагы иш стажы боюнча курамы




***6.1.2-график.***

Адистердин жаш курагы боюнча курамы




Улуттук банктын негизги иш багыттары боюнча функцияларын жана милдеттерин натыйжалуу аткаруу максатында комитеттер жана комиссиялар туруктуу негизде иштешет. 2022-жылдын акырына карата тогуз комитет, 13 комиссия, илимий-эксперттик кеңеш, Улуттук банктын басылмаларынын алты редакциялык кеңеши иш алып барган, алардын иши тиешелүү жоболор менен жөнгө салынат.

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын негизги комитеттеринин жана комиссияларынын максаттары жана милдеттери

***Акча-кредиттик жөнгө салуу комитети***

ликвиддүүлүктү тескөө боюнча чечимдерди иштеп чыгат жана аларды ыкчам кабыл алат. Күндөлүк абалга баа берүү, ачык жана валюта рынокторундагы операциялар боюнча чечимдерди иштеп чыгуу жана кабыл алуу, Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларына ылайык акча-кредит саясатынын инструменттерин колдонуу боюнча сунуш-көрсөтмөлөрдү карап чыгуу жана чечимдерди кабыл алуу, Улуттук банк Башкармасына, Улуттук банктын төрагасына, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине акча-кредит саясатына тиешелүү маселелер боюнча сунуш-көрсөтмөлөрдү иштеп чыгуу комитеттин негизги милдеттеринен болуп саналат

| | |
|---|---|
| ***Инвестициялык комитет*** | Улуттук банктын инвестициялык саясатынын жана белгиленген ыйгарым укуктарынын чегинде эл аралык резервдерди тескөө боюнча тактикалык чечимдерди иштеп чыгат жана кабыл алат. Инвестициялык саясатты карап чыгуу, жактыруу жана ишке ашырылышына мониторинг жүргүзүү, эл аралык финансы рынокторундагы абалдын өнүгүүсүн эске алуу менен инвестициялык иштин натыйжалуулугуна баа берүү, ошондой эле Улуттук банк Башкармасы үчүн инвестициялык иш маселелери боюнча сунуш-көрсөтмөлөрдү жана сунуштарды иштеп чыгуу комитеттин негизги милдеттеринен болуп саналат |
| ***Көзөмөл боюнча комитет*** | Улуттук банктан лицензия алышкан коммерциялык банктардын жана башка финансы-кредит уюмдарынын ишин белгиленген компетенциялар чегинде жөнгө салуу жана көзөмөлдөө маселелери боюнча чечимдерди кабыл алат |
| ***Аудит боюнча комитет*** | Улуттук банк Башкармасына Улуттук банкта ички контролдоо системасын талапка ылайык камсыздоого, бухгалтердик эсепке алууну жүргүзүү жол-жоболоруна жана финансылык отчеттун даярдалышына контролду камсыз кылууга көмөк көрсөтөт, ошондой эле ички аудит кызматынын ишине көзөмөл жүргүзөт |
| ***Төлөм системасы боюнча комитет*** | Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын өнүгүү багыттарын, төлөм системасынын ишин өнүктүрүү, жөнгө салуу жана көзөмөлдөө (оверсайт), төлөм системаларынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишин лицензиялоо, жөнгө салуу жана көзөмөлдөө маселелери боюнча максаттарын жана милдеттерин аныктайт |
| ***Тобокелдиктер боюнча комитет*** | Улуттук банктын ишине мүнөздүү тобокелдиктерди идентификациялоо, аларга баа берүү жана чектөө жагында түзүмдүк бөлүмдөрдүн ишин координациялоо аркылуу Улуттук банктын ишинде орун алышы ыктымал болгон тобокелдиктерди азайтуу боюнча чараларды көрөт |
| ***Маалымат технологиялары боюнча координациялык комитет*** | маалымат технологияларын өнүктүрүүнүн негизги багыттарын аныктайт жана Улуттук банкта маалымат технологияларын өнүктүрүү иш-чараларынын аткарылышын контролдойт; маалымат технологиялары боюнча пландаштырылып жаткан долбоорлорду, аталган долбоорлорго же маалымат технологияларына тиешеси бар техникалык чечимдердин жана бизнес-процесстердин өзгөрүүсүн жана алардын жактырылышын координациялайт; техникалык чечимдерди жана маалымат технологиялары боюнча долбоорлорду жайылтуунун артыкчылыктарын аныктайт |

| | |
|---|---|
| ***Улуттук банктын туунду жана ассоциацияланган уюмдарын тескөө боюнча комитет*** | каралган ыйгарым укуктарынын чегинде Улуттук банктын туунду жана ассоциацияланган уюмдарын тескөө чөйрөсүндө чечимдерди кабыл алат жана Улуттук банктын юридикалык жактардын ишине катышуу маселелери боюнча Улуттук банк Башкармасына сунуш-көрсөтмөлөрдү иштеп чыгат |
| ***Этиканы сактоо жана коррупцияга жол бербөө боюнча комиссия*** | “Кызыкчылыктардын кагылышуусу жөнүндө” мыйзамга ылайык, ошондой эле коррупцияга каршы багытталган иш-чараларды жүзөгө ашыруу жана мониторинг жүргүзүү аркылуу коррупциянын алдын алуу жана ага каршы аракеттенүү жагында Улуттук банктын ишин камсыз кылат |
| ***Методологиялык комиссия*** | айрым ченемдик актылардын долбоорлорун алардын методологиялык жактан иштелип чыгышы көз карашында карап чыгат; Улуттук банктын ченемдик актыларында жана практикалык ишинде колдонулган терминдерди жана аларга карата түшүндүрмөлөрдү бекитет |
| ***Улуттук банктын ишин уюштурууну өркүндөтүү комиссиясы*** | Улуттук банктын ишин уюштурууну өркүндөтүү маселелерин карайт жана ал боюнча сунуштарды даярдайт. Улуттук банктын бизнес-процесстерин оптималдаштыруу жана уюштуруу түзүмүн өзгөртүү боюнча сунуштарды кароо жана сунуш-көрсөтмөлөрдү иштеп чыгуу; Улуттук банктын бизнес-процесстерин оптималдаштырууга байланыштуу ишин координациялоо жана контролдоо комиссиянын негизги милдеттеринен болуп саналат |
| ***Эмгек маселелери боюнча талаш-тартыштарды жөнгө салуу комиссиясы*** | Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине ылайык Улуттук банкта жеке эмгек маселелери боюнча талаш-тартыштарды карайт |

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2022-жылдын 31-декабрына карата уюштуруу түзүмү



## 6.2. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2022-жылдагы иши

Улуттук банк Башкармасы жогорку башкаруу органы болуп саналат жана ал Улуттук банктын негизги иш багыттарын аныктайт. Улуттук банк Башкармасынын ыйгарым укуктары “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” конституциялык Мыйзамында белгиленген.

Банк Башкармасы акча-кредит саясатын, банктардын, банк эмес финансы-кредит уюмдарынын, төлөм системасынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишине көзөмөл жүргүзүү саясатын, банк секторунун, БФКУ секторунун жана төлөм системасынын негизги өнүгүү багыттарын аныктайт, ошондой эле жаңы үлгүдөгү жана номиналдагы акча белгилерин чыгаруу, банкнотторду жана монеталарды жүгүртүүдөн алуу тартибин белгилейт, ченемдик укуктук актыларды кабыл алат, жылдык отчетту бекитет жана мыйзамдарда Улуттук банктын компетенциясына тиешелүү маселелер боюнча чечимдерди кабыл алат.

Улуттук банк Башкармасынын иши жылдык жана чейректик бекитилген пландардын негизинде жүзөгө ашырылат. 2022-жылы Башкарманын 135 отуруму (анын ичинде 51 маалымат отуруму) өткөрүлгөн, анда 562 маселе каралып, 257 токтом кабыл алынган.

*Ченемдик базаны жаңы мыйзамдарга шайкеш келтирүү*

Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” конституциялык Мыйзамынын жана “Банктар жана банк иштери жөнүндө” мыйзамынын күчүнө киргендигине байланыштуу отчеттук жыл ичинде Башкарма тарабынан Улуттук банктын ченемдик базасын ушул мыйзамдарга шайкеш келтирүүгө багытталган, Улуттук банктын ченемдик укуктук актылары жана ички ченемдик документтери кабыл алынган, ошондой эле Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” конституциялык Мыйзамына жана “Банктар жана банк иштери жөнүндө” мыйзамына шайкеш келтирүүгө байланыштуу айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” иштелип чыккан мыйзам долбоору жактырылган.

*Акча-кредит саясаты боюнча маселелерди кароо*

2022-жыл ичинде Башкарма тарабынан план боюнча сегиз отурумда жана бир пландан тышкаркы отурумда Улуттук банктын эсептик чен өлчөмү тууралуу маселе каралган. Эсептик чен боюнча чечим тышкы чөйрөдө жана Кыргыз Республикасында инфляция боюнча олуттуу факторлорду жана макроэкономикалык жагдайды комплекстүү талдоонун жана болжолдоонун негизинде кабыл алынган. Монетардык саясат, анын ичинде эсептик чендин өлчөмү боюнча кабыл алынган чечимдерди чечмелеп берүү пресс-релиздерди, баяндама-аналитикалык материалдарды жарыялоо жана брифингдерди өткөрүү аркылуу жүзөгө ашырылган.

Улуттук банк Башкармасы 2022-жылдын декабрында Улуттук банктын 2023-жылга карата акча-кредит саясаты жөнүндө билдирүүсүн жана Улуттук банктын эсептик чен өлчөмү жөнүндө маселелерди кароо боюнча Улуттук банк Башкармасынын отурумдарынын 2023-жылга графигин жактырган, алар расмий интернет-сайтта жарыяланган.

Улуттук банк Башкармасы эл аралык резервдерди тескөө жана резервдик активдердин коопсуздугун камсыз кылуу жагында инвестициялык саясатты, ошондой эле эл аралык резервдерди тескөө боюнча отчетту жыл сайын карайт жана бекитет.

Акча-кредит саясаты жөнүндө отчетторду кароонун алкагында туруктуу негизде Кыргыз Республикасында жана соода боюнча өнөктөш өлкөлөрдө жүргүзүлүп жаткан акча-кредит саясатынын чаралары жана натыйжалары, макроэкономикалык жагдай жөнүндө маалымат, ошондой эле финансы системасындагы тобокелдиктерди талдоонун натыйжаларын жана алардын

*Банк жана банк эмес уюмдардын ишин көзөмөлдөө боюнча маселелерди кароо*

бүтүндөй финансы секторунун туруктуулугуна тийгизген таасирин камтыган, финансы секторунун туруктуулугу жөнүндө отчет каралып турган.

2022-жылы ченемдик укуктук актыларды өркүндөтүүнүн алкагында Улуттук банк Башкармасынын капиталдын шайкештиги; банктык эсептер жана сейфтер; бухгалтердик эсепке алуу, аудит жана отчет; кредиттик тобокелдик, активдерди классификациялоо жана кыймылсыз мүлк менен иштөө; коммерциялык банктарга карата колдонулуучу таасир этүү чаралары, монополияга каршы жөнгө салуу, баа түзүү, туунду жана караштуу компанияларга тиешелүү маселелер боюнча бир катар токтомдор кабыл алынган.

Улуттук банктын айрым ченемдик укуктук актыларынын талаптарын мыйзамдарга жана эл аралык стандарттарга шайкеш келтирүү максатында Башкарманын корпоративдик башкаруу, банктык эсептер, алмашуу операциялары, финансылык отчет жагында маселелер боюнча токтомдору кабыл алынган.

Отчеттук жылы кредиттерге мониторинг жүргүзүү шарттарына, чет өлкө валютасындагы кредиттер боюнча кредиттик тобокелдикти баалоо даражасына, ликвиддүүлүк ченемдерине, финансы-кредит уюмдарынын Улуттук банкка отчет берүү мөөнөттөрүнө тиешелүү айрым убактылуу талаптар жокко чыгарылган, ошондой эле COVID-19 коронавирус инфекциясынын жайылышына байланыштуу мурда кабыл алынган, активдерди классификациялоонун убактылуу эрежелери жокко чыгарылган.

Улуттук банк Башкармасы тарабынан Баткен областында жашаган жана чарбалык ишин жүзөгө ашырган жарандарга, ишкердик субъекттерге колдоо көрсөтүүгө, каржылоодон пайдалануу мүмкүнчүлүгүн кеңейтүүгө, административдик-аймактык бирдиктерди, анын ичинде 2022-жылдын сентябрь айында Баткен жана Ош областтарында болуп өткөн куралдуу кагылышуунун натыйжасында жабыркагандарды калыбына келтирүү жана өнүктүрүү үчүн зарыл шарттарды түзүүгө багытталган бир катар токтомдор кабыл алынган.

Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларын Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексине ислам банкингди өнүктүрүү боюнча киргизилген өзгөртүүлөргө шайкеш келтирүү үчүн Улуттук банктын ислам банк бүтүмдөрүнүн тизмесин кеңейтүү аркылуу ислам каржылоо принциптерин андан ары илгерилетүүгө багытталган, Улуттук банктын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөр кабыл алынган.

Депозиттерди коргоо системасы жагында ченемдик укуктук актыларды өркүндөтүү алкагында Башкарма аманатчылар боюнча бирдиктүү маалымат базасын түзүүгө жана жеке адам сыяктуу эле, жеке ишкердин иши боюнча эсептешүүлөрдү жүргүзүү үчүн ачылган, кардардын бардык эсептери (аманаттары) боюнча компенсациялануга тийиш болгон чогуу алгандагы сумманы туура эсептөөгө багытталган токтом кабыл алган.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 10-августундагы "Кыргыз Республикасынын Депозиттерди коргоо боюнча агенттигин банктарды жана башка финансы-кредиттик уюмдарды жоюу жана көйгөйлүү зайымчылардын кайрылууларын кароо функцияларын берүү менен кайра уюштуруу жөнүндө" Жарлыгын ишке ашыруу максатында Башкарма Депозиттерди коргоо боюнча агенттик тарабынан Банктарды жоюу боюнча агенттиктин жана Улуттук банктын, ошондой эле банк секторунун өкүлдөрү менен биргеликте депозиттерди коргоо системасынын натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн даярдалган "Кыргыз Республикасынын "Банктык аманаттарды (депозиттерди) коргоо жөнүндө" мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" мыйзам долбоорун караган.

Улуттук банк Башкармасы атайын жөнгө салуучу режимге катышуу шарттарын жана критерийлерин конкреттештирүүгө, банктык жана төлөм кызмат көрсөтүүлөр рыногунда инновациялык кызмат көрсөтүүлөрдү/ технологияларды жайылтууда алардын жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу үчүн тоскоолдуктарды азайтууга

багытталган токтом кабыл алган, ошондой эле Улуттук банктын кредиттик союздардын жана кепилдик фонддордун ишин жөнгө салуу жана БФКУларга Улуттук банктын уруксат берүүчү документтерин берүү маселелери боюнча айрым ченемдик документтерине өзгөртүүлөр кабыл алынган.

Көзөмөлдүктү жүзөгө ашыруу боюнча ченемдик укуктук базаны оптималдаштыруунун алкагында "Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын көзөмөлдүгүнө алынган башка юридикалык жактардын ишине инспектордук текшерүү жүргүзүү жөнүндө" нускоо бекитилген.

Кыргыз Республикасынын экономикалык коопсуздугун камсыз кылуу жана АКШ долларынын Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары агылып чыгышына байланыштуу алгылыксыз натыйжаларды азайтуу, ошондой эле дүйнөдө орун алып турган геосаясий жагдайга жана анын жергиликтүү финансы рыногуна тийгизген таасирин азайтуу үчүн Улуттук банк Башкармасы тарабынан "Чет өлкө валютасы менен алмашуу операцияларын жүргүзүү чөйрөсүндө убактылуу чечимдер жөнүндө" токтом кабыл алынган.

Системанын туруктуулугун, коопсуздугун жана ишенимдүүлүгүн бекемдөө, ошондой эле БФКУларга коомчулуктун ишенимин жогорулатуу максатында Улуттук банк Башкармасы тарабынан "Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын уставдык капиталынын минималдуу өлчөмү жөнүндө" жана "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын банк эмес финансы-кредит уюмдарынын уставдык капиталына тиешелүү маселелер боюнча айрым ченемдик укуктук актыларга өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтом кабыл алынган, ошондой эле Кыргыз Республикасында микрокаржылоо секторун 2022-2025-жылдарда өнүктүрүүнүн негизги багыттарын ишке ашыруу боюнча Улуттук банктын иш-чаралар планынын аткарылышы боюнча отчет каралган.

*Төлөм системасы боюнча маселелерди кароо*

Төлөм системасы боюнча ченемдик укуктук актыларды өркүндөтүүнүн алкагында Улуттук банк Башкармасы электрондук акчаны жөнгө салуу, банктардын агенттеринин функцияларын кеңейтүү, төлөм системаларынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишин жөнгө салуу жана лицензиялоо, ошондой эле коммерциялык банктардын жана төлөм уюмдарынын обочодон/аралыктан тейлөө боюнча бир катар ченемдик укуктук актылары бекитилген.

Керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо үчүн "Кыргыз Республикасындагы банктык төлөм карттар жөнүндө" жобого өзгөртүүлөр бекитилген, анда банктык эсеп келишимине банктык төлөм карттары аркылуу транзакцияларды жүргүзүүдө валюталарды конвертациялоонун мүмкүн болуучу схемаларын камтуу тууралуу талаптар каралган.

Улуттук банк Башкармасы тарабынан Кыргыз Республикасында акча которуу системалары боюнча акча которууларды жүзөгө ашыруу эрежелерине өзгөртүүлөр төмөнкү зарылчылыктарга байланыштуу кабыл алынган:

– Кыргыз Республикасынын экономикалык коопсуздугун камсыз кылуу, ички валюта рыногунда жагдайдын туруксузданууусуна жол бербөө жана керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо, буга ылайык акча которууларды конвертациялоо Кыргыз Республикасынын банктары тарабынан "Кыргыз Республикасында накталай чет өлкө валютасы менен алмашуу операцияларын жүргүзүү тартиби жөнүндө" жобого ылайык чет өлкө валюталарын сатып алуу жана сатуу (накталай валютаны алмашуу үчүн да) курстарынын маалымат тактасында көрсөтүлгөн курс боюнча гана жүргүзүлөт;
– коммерциялык банктар тарабынан террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү алкагында кардарды талаптагыдай текшерүү тартибинин сакталышы боюнча талаптарды шайкеш келтирүү.

Кыргыз Республикасынын бүтүндөй аймагы боюнча накталай эмес төлөмдөргө жана эсептешүүлөргө өтүү, санарип төлөмдөрдү жайылтуу, төлөмдөрдү кабыл алуунун башка инструменттерин өнүктүрүү, акча жүгүртүүнүн ачык-айкындуулугуна жетишүү жана Кыргыз Республикасында көмүскө экономиканын үлүшүн азайтуу, ошондой эле керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо максатында Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин жана Улуттук банктын “Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөргө төлөмдөрдү накталай эмес формада кабыл алуу жөнүндө” токтому кабыл алынган.

Отчеттук мезгил ичинде Улуттук банк Башкармасы тарабынан “Кыргыз Республикасынын төлөм системасын 2022-2025-жылдарда өнүктүрүүнүн негизги багыттары” стратегиялык документтин иш-чаралар планынын аткарылышы жөнүндө отчеттор кароого алынган, ошондой эле төлөм жүгүртүүсү жөнүндө маалыматты системалаштыруу үчүн Төлөм жүгүртүлүшүнүн мамлекеттик классификаторуна тиешелүү өзгөртүүлөр киргизилген.

2022-жылы санарип төлөм технологияларын өнүктүрүү жана ар кандай төлөм системаларынын система аралык интеграциясын камсыз кылуу үчүн Улуттук банк Башкармасы тарабынан Санарип сом концепциясы, “Кыргыз Республикасында ачык программалык интерфейстерди колдонуу менен финансылык платформалар (маркетплейс) аркылуу финансылык кызмат көрсөтүүлөрдөн пайдалануу мүмкүнчүлүгүн жөнгө салуу жөнүндө” жобо бекитилген, ошондой эле Улуттук банк Башкармасынын “Эки өлчөмдүү штрихкод белгилерин (QR-код) колдонуу менен төлөмдөрдү жана которууларды өткөрүү эрежелерин бекитүү жөнүндө” токтомуна өзгөртүүлөр кабыл алынган.

## 6.3. Банк мыйзамдарын өркүндөтүү

Отчеттук жылы Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы анын ишин жөнгө салган мыйзам актыларын Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 3-бөлүгүнө ылайык келтирүү ишин жүргүзгөн.

*Күчүнө кирген мыйзамдар*

Ушуга байланыштуу, Улуттук банк тарабынан укуктук статусун, иш максаттарын, милдеттерин жана ыйгарым укуктарын, ошондой эле Улуттук банктын көз карандысыздыгынын гарантиясын аныктаган Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” конституциялык Мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын “Банктар жана банк иштери жөнүндө” мыйзамынын долбоорлору иштелип чыккан, ал банк ишин, банк эмес финансы-кредит уюмдарынын жана Улуттук банктын көзөмөлдүгүнө алынган юридикалык жактардын ишин жөнгө салуу маселелерин, банктарды түзүү жана жоюу тартибин, банктык сырды түзгөн маалыматтарды жүгүртүү тартибин жөнгө салат. Мыйзамдар 2022-жылдын 30-июнунда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынып, 2022-жылдын 11-августунда Кыргыз Республикасынын Президенти кол койгон жана 2022-жылдын 17-августунда күчүнө кирген.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан 2022-жылдын 30-июнунда Кыргыз Республикасынын “Виртуалдык активдер чөйрөсүндөгү айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” мыйзамы кабыл алынган, анда Улуттук банктын көзөмөлүнө алынуучу юридикалык жактардын ишинин виртуалдык активдер боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоочу катары виртуалдык активдер боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоочу катары Улуттук банк тарабынан жөнгө салынышы каралган. Бул мыйзам Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан 2022-жылдын 5-августунда кол коюлуп, ушул эле жылдын 24-августунда күчүнө кирген.

Улуттук банк Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” конституциялык Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын

“Банктар жана банк иштери жөнүндө” мыйзамына ылайык келтирүүгө байланыштуу айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” мыйзам долбоорун иштеп чыккан.

## 6.4. Финансылык консультанттын милдетин аткаруу

Кыргыз Республикасынын Президентинин, Жогорку Кеңешинин жана Министрлер Кабинетинин финансылык маселелер боюнча консультанты функциясын аткаруунун чегинде Улуттук банк Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” конституциялык Мыйзамынын 38-беренесине таянуу менен 2022-жыл ичинде төмөнкү иш-чараларды жүзөгө ашырган:

– акча-кредит саясатынын ишке ашырылышына, банк жана төлөм системаларынын абалына тиешелүү маселелер боюнча маалыматты, аналитикалык материалдарды жана сунуш-көрсөтмөлөрдү туруктуу негизде сунуштап турган;
– финансы жана банк маселелерине, төлөм системалары жана Улуттук банктын ыйгарым укуктары чөйрөсүнө тиешелүү мыйзам долбоорлорун жана башка ченемдик укуктук актыларын, чечимдерди карап чыккан;
– республикалык бюджетке тиешелүү маселелер боюнча консультация берген.

Кыргыз Республикасынын Президентине, Жогорку Кеңешине жана Министрлер Кабинетине туруктуу сунушталуучу аналитикалык маалыматта Улуттук банктын акча-кредит саясатынын негизги багыттары, негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөрү боюнча болжолдоо, экономиканын тышкы секторундагы жагдай, банк жана төлөм системаларынын абалы, банк эмес финансы-кредит уюмдары жөнүндө маалыматтар камтылган.

Финансылык консультанттын милдетин аткаруунун алкагында, Улуттук банк отчеттук мезгил ичинде мамлекеттик бийлик органдарынын дарегине бардыгы болуп 600дөн ашык кат жөнөткөн.

*Мамлекеттик программаларды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу*

Улуттук банк 2022-жылы ичинде бир катар мамлекеттик стратегияларды, концепцияларды, программаларды жана пландарды иштеп чыгууга жана ишке ашырууга катышкан, анын ичинде:

– Кыргыз Республикасын 2026-жылга чейин өнүктүрүүнүн улуттук программасы;
– 2022-2026-жылдарга карата финансылык жеткиликтүүлүк боюнча стратегия;
– Кыргыз Республикасынын 2030-жылга чейин гендердик теңчиликке жетишүү боюнча улуттук стратегиясы жана 2022-2024-жылдарда Кыргыз Республикасында гендердик теңчиликке жетишүү боюнча иш-аракеттердин улуттук программасы;
– Санарип сом концепциясы;
– Кыргыз Республикасында Улуттук коопсуздук концепциясын ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планы;
– Кыргыз Республикасынын 2021-2030-жылдарга миграциялык саясатынын концепциясынын биринчи этабын ишке ашыруу бюнча иш-чаралар планы;
– 2020-2030-жылдарга Жаштар саясатынын концепциясын ишке ашыруунун биринчи этабы катары 2021-2025-жылдарга иш-чаралар планы;
– 2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасын ишке ашыруу боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин иш-чаралар планы;

- Кыргыз Республикасында 2019-2023-жылдарга Жашыл экономиканы өнүктүрүү программасын ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планы;
- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылга иш-аракеттер планы;
- 2022-2026-жылдарга Кыргыз Республикасына инвестицияларды тартуу боюнча программа;
- Кыргыз Республикасынын “Менин үйүм – 2021-2026” турак-жай программалары жана башка.

*Мыйзам долбоорлорун кароо*

Отчеттук жыл ичинде Улуттук банк тарабынан 20дан ашуун мыйзам долбоору боюнча сунуштар каралган жана даярдалган, анын ичинде:

- “Кыргыз Республикасынын 2023-жылга республикалык бюджети жана 2024-2025-жылдарга болжолу жөнүндө”;
- “Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө”;
- “Баалуу металлдар жана асыл таштар жөнүндө”;
- “Кыргыз Республикасынын “Электрондук соода жөнүндө” мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө”;
- “Виртуалдык активдер жөнүндө”;
- “Кыргыз Республикасынын Салык кодекси”;
- “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө”;
- “Жеке адамдардын активдерин ыктыярдуу легалдаштыруу жана мунапыс берүү жөнүндө”;
- “Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына (“Ысык-Көл” экологиялык-экономикалык системасын туруктуу өнүктүрүү жөнүндө”, “Күрөө жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына) өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө”;
- “Кыргыз Республикасынын почта байланышы боюнча айрым мыйзам актыларына (Кыргыз Республикасынын “Почта байланышы жөнүндө”, “Электрондук башкаруу жөнүндө” мыйзамдарына жана Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексине) өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу”;
- “Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына (Кыргыз Республикасынын “Сот аткаруучулардын статусу жөнүндө жана аткаруу өндүрүшү тууралуу”, “Банкроттук жөнүндө”, “Кыймылсыз мүлккө жана аны менен болгон бүтүмдөргө укуктарды мамлекеттик каттоо жөнүндө” мыйзамдарына, Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексине) өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө”;
- “Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына (Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексине, Кыргыз Республикасынын “Финансылык ижара (лизинг) жөнүндө” мыйзамына) өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу”;
- “Кыргыз Республикасынын салык салуу чөйрөсүндөгү айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө”;
- “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө”;
- “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети менен Сауд өнүктүрүү фондунун ортосундагы карызды тейлөөнү токтотуу тууралуу меморандумду ратификациялоо жөнүндө” жана башкалар;
- “Өз ара түшүнүшүү жөнүндө меморандумдун алкагында Кыргыз Республикасы менен Париж клубунун мүчөлөрүнүн ортосундагы келишимдерди ратификациялоо жөнүндө”.

Ошондой эле Улуттук банк тарабынан 2022-жылы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 60тан ашуун токтом долбоорлору жана буйруулары жана

Кыргыз Республикасынын Президентинин актылары боюнча сунуштар каралган жана даярдалган, анын ичинде:

- “Кыргыз Республикасынын бюджеттик системасынын бюджеттеринин убактылуу бош каражаттарын коммерциялык банктарга жайгаштыруу тартибин бекитүү тууралуу”;
- “Контролдук-кассалык машиналарды ишке киргизүү боюнча чаралар жөнүндө”;
- “Чет өлкөлүк валютадагы бюджеттик кредиттер боюнча карыздарды эсепке алуу тартиби жөнүндө”;
- “Экономикалык өнүктүрүү долбоорлорун тандоо жана каржылоо боюнча сынак жарыялоо жөнүндө”;
- “Улуттук экономиканын субъекттерине кепилдик берүү тартибин бекитүү жөнүндө”;
- “Эл аралык рейтингдерде Кыргыз Республикасынын позицияларын жакшыртуу боюнча чаралар жөнүндө”;
- “Кыргыз Республикасынын агроөнөр жай комплексиндеги кластердик саясаттын концепциясын бекитүү жөнүндө”;
- “Айыл Банк” ААКка 271,7 млн сом суммасындагы кайтарым финансылык каражаттарды берүү жөнүндө”;
- “Банктык коштоо чөйрөсүндө кызматташуу жөнүндө меморандумду ишке ашыруу тууралуу”;
- “Башкаруучу компанияларды тандоо укугун пайдаланбаган камсыздандырылган адамдардын пайдасына түзүлгөн пенсиялык топтоо каражаттарын Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду тарабынан башкаруунун эрежелерин бекитүү тууралуу”;
- “Баткен областын өнүктүрүү боюнча”
- “КыргызАгрохолдинг” Ачык акционердик коомун түзүү жөнүндө;
- “Жеңилдетилген агрокредиттөө”;
- “Баткен облусун жеңилдетилген каржылоо” долбоору;
- “Микро, чакан жана орто ишканаларды шашылыш колдоо”;
- “Контракттарды банктык коштоону камсыз кылуу жөнүндө”;
- “Ишкердик субъекттерди колдоо жөнүндө”;
- “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 9-августундагы №132-р “Жеке жана финансы секторун шашылыш колдоо долбоорун ишке ашыруу жөнүндө” буйруусуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу”;
- “2022-жылдын 14-17-сентябрында кыргыз-тажик чек арасындагы жаңжалдын натыйжасында жабыр тарткан Баткен облусунун ишкердик субъекттерине зыяндын ордун толтуруу тартибин бекитүү жөнүндө”;
- “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн “Кыргыз Республикасынын “Террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү жөнүндө” мыйзамын ишке ашыруу чаралары тууралуу” токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө”;
- “Кыргыз Республикасынын Турукташтыруу фондунун Байкоо кеңеши жөнүндө”;
- “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын “Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдү накталай эмес формада кабыл алуу жөнүндө” токтому;
- “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин жана Азербайжан Республикасынын Өкмөтүнүн ортосундагы Кыргыз-Азербайжан Өнүктүрүү фондун түзүү жөнүндө макулдашууну жактыруу тууралуу”;

- "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети менен "KfW" Германия Өнүктүрүү банкынын ортосунда Карызды конверсиялоо жөнүндө макулдашуу долбоорун жактыруу жөнүндө";
- "Кыргыз Республикасы менен АКШнын ортосундагы Экономикалык жана техникалык кызматташтык жөнүндө" макулдашуу долбоорун жактыруу тууралуу";
- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жана Сауд Өнүктүрүү фондунун ортосундагы Карызды тейлөөнү убактылуу токтотуу жөнүндө меморандумдун долбоорун жактыруу жөнүндө";
- "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жана Дания Королдугунун Өкмөтүнүн ортосундагы карызды тейлөөнү убактылуу токтотуу жөнүндө" жана башка.

*Эл аралык келишимдерди кароо*

Кыргыз Республикасынын эл аралык жана мамлекеттер аралык уюмдарга катышуусунун алкагында, Улуттук банк тарабынан Кыргыз Республикасынын финансы жана банк системасына тиешелүү эл аралык келишимдер жана макулдашуулар каралган, анын ичинде:

- Евразия экономикалык бирлигинин алкагында Стандартташтырылган лицензия жөнүндө макулдашуунун долбоору;
- Валюта боюнча укуктук мамилелерди жөнгө салуу жана либералдаштыруу чараларын кабыл алуу боюнча макулдашылган ыкмалар жөнүндө макулдашуунун долбоору;
- Евразия экономикалык бирлигинин алкагында мамлекеттик (муниципалдык) сатып алууларды жүзөгө ашырууда банктык гарантияларды өз ара таануу жөнүндө макулдашуунун долбоору;
- Евразия экономикалык бирлигинин алкагында кредиттик таржымалдардын курамында камтылган маалыматтарды алмашуу тартиби жөнүндө макулдашуунун долбоору;
- Евразия экономикалык бирлигинин жалпы финансы рыногун жөнгө салуу боюнча бир нече улуттар катышкан орган тууралуу макулдашуунун долбоору;
- КМШга кирген мамлекеттердин коррупцияга каршы аракеттенүү жагында кызматташуулары жөнүндө келишим долбоору;
- Өзбекстан Республикасынын Борбордук банкы менен Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ортосундагы банктык көзөмөл боюнча макулдашуунун долбоору;
- Өзбекстан Республикасынын Борбордук банкы менен Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ортосундагы террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү кызматташтык жөнүндө макулдашуунун долбоору;
- Кыргыз Республикасы менен Евразия өнүктүрүү банкынын ортосундагы Евразия турукташтыруу жана өнүктүрүү фондунун каражаттарынын эсебинен финансылык кредит берүү жөнүндө макулдашунун долбоору;
- Түрк инвестициялык фондун түзүү жөнүндө келишимдин долбоору жана башкалар.

*Ведомстволор аралык комиссиялар курамында иштөө*

Отчеттук жылы Улуттук банктын өкүлдөрү ведомстволор аралык жумушчу топтордун жана комиссиялардын ишине төмөнкү маселелер боюнча катышкан:

- Кыргыз Республикасын 2019-2023-жылдарга өнүктүрүү программасын ишке ашыруу максатында жашыл экономиканын моделин түзүү;
- 2023-2026-жылдарга Кыргыз Республикасынын формалдуу эмес экономикадан формалдуу экономикага өтүү боюнча Улуттук программасын иштеп чыгуу;

- алып кирүүгө бажы, атайын, демпингге каршы жана компенсациялык алымдардын суммасын чегерүүнүн убактылуу тартибин иштеп чыгуу жана ишке ашыруу;
- Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына (Кыргыз Республикасынын Жарандык кодекси, Кыргыз Республикасынын “Финансылык ижара (лизинге) жөнүндө” мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” мыйзам долбооруна карата жөнгө салуучу таасирин талдоону даярдоо;
- Кыргыз Республикасынын “Банкроттук (кудуретсиздик) жөнүндө” мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүүнү даярдоо;
- Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 10-августундагы №281 Жарлыгын ишке ашыруу максатында “Банктык аманаттарды (депозиттерди) коргоо жөнүндө” мыйзамына өзгөртүүлөрдү даярдоо;
- Финансылык жеткиликтүүлүк боюнча стратегиянын долбоорун иштеп чыгуу боюнча Кыргыз-Түркмөн фондун түзүү.

Ведомстволор аралык жумушчу топтордун жана комиссиялардын ишине катышуунун натыйжалары боюнча Улуттук банк тарабынан маалымат берилген жана Улуттук банктын компетенциясына кирген маселелер боюнча сунуштар киргизилген.

## 6.5. Ички аудит жана ички контролдоо системасы

МАЗМУНУ

Улуттук банкта ички контролдоо системасы Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” конституциялык Мыйзамына ылайык уюштурулат жана жүргүзүлөт, ошондой эле ички контролдоо жаатында алдыңкы тажрыйбалар эске алынат. Улуттук банктын ички аудити Улуттук банк Башкармасына отчет берүүчү Ички аудит бөлүмү тарабынан жүргүзүлөт.

*Ички аудит бөлүмүнүн иши*

Улуттук банктын ички контролдоо, тобокелдиктерди тескөө жана корпоративдик башкаруу системасынын шайкештигине жана натыйжалуулугуна көз карандысыз баа берүү, Улуттук банктын консолидацияланган жана өзүнчө финансылык отчетуна жыл сайын аудит жүргүзүү боюнча тышкы аудиторлор жана Улуттук банктын Аудит боюнча комитети менен өз ара иш алып баруу Ички аудит бөлүмүнүн негизги максаттары жана милдеттери болуп саналат.

Ички аудит кызматы Аудит боюнча комитеттин көзөмөлү алдында иштейт жана аудит объектилеринин ишине көз каранды эмес. Ички аудит тобокелдикти аныктоого багытталган ыкмага негизделген, ал эми аудитордук текшерүүлөр тобокелдиктердин деңгээлине жараша жүргүзүлөт.

Отчеттук мезгил ичинде Улуттук банктын ишинин негизги багыттары, анын ичинде Кыргыз Республикасынын ички финансы рыногунда операцияларды жүргүзүү, банктардын ишин көзөмөлдөө жана жөнгө салуу боюнча ченемдик-методологиялык базаны камсыз кылуу, ошондой эле Кыргыз Республикасынын тышкы экономикалык көрсөткүчтөрүн түзүү, талдоо жана болжолдоо, төлөм системаларынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишине көзөмөл жүргүзүү маселелери боюнча аудитордук текшерүүлөр жүргүзүлгөн.

*Аудит боюнча комитеттин иши*

Улуттук банкта Аудит боюнча комитет иш алып барат. Анын негизги максаты болуп талаптагыдай ички контролдоо системасын камсыз кылууда, ошондой эле бухгалтердик эсепке алууну жүргүзүү жол-жоболорун контролдоодо жана Улуттук банктын финансылык отчетун даярдоодо Улуттук банк Башкармасына көмөктөшүү саналат.

Аудит боюнча комитеттин иши ички контролдоо системасынын натыйжалуулугун жогорулатууга көмөктөшүүнү, тобокелдиктерди тескөөнү жана корпоративдик башкарууну; ошондой эле ички аудит кызматына көзөмөл жүргүзүүнү; бухгалтердик эсепке алуу стандарттарынын шайкеш колдонулушун

камсыз кылууну; финансылык отчеттун сапатына байкоо жүргүзүүнү; тышкы аудитор менен өз ара иш жүргүзүүнү жөнгө салуу жана тышкы аудитордун ишинин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген стандарттарга ылайык келүүсүнө баа берүү боюнча Улуттук банк Башкармасына сунуш-көрсөтмөлөрдү берүүнү камтыйт.

2022-жылы Аудит боюнча комитет тарабынан 30 отурум өткөрүлгөн, анда Улуттук банктын консолидацияланган жана өзүнчө финансылык отчету; ички контролдоо системасы боюнча жалпы маалымат; ички жана тышкы аудиттин сунуш-көрсөтмөлөрүнүн аткарылышына жүргүзүлгөн мониторинг; ички аудит бөлүмүнүн иши тууралуу материалдар кароого алынган.

Аудит боюнча комитет өзүнүн иши тууралуу маалыматты жарым жылдык негизде Улуттук банк Башкармасынын кароосуна сунуштап турган. Аудит боюнча комитеттин мүчөсү болгон көз карандысыз эксперт Улуттук банктын тышкы аудиторун тандоо жол-жобосуна катышкан. Аудиттин эл аралык стандарттарына ылайык тышкы аудиторлордун көз карандысыздыгынын кепилдигин камсыз кылуу максатында Аудит боюнча комитет Улуттук банктын консолидацияланган жана өзүнчө финансылык отчетунун аудити боюнча аудитордук уюмдун өкүлдөрү менен жолугушууларды өткөргөн.

*Тышкы аудиторлор менен өз ара иш алып баруу*

Улуттук банктын 2021-жыл үчүн консолидацияланган жана өзүнчө финансылык отчетуна тышкы аудит Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан бекитилген “КПМГ Бишкек” ЖЧК аудитордук уюму тарабынан жүргүзүлгөн. Ал эми Улуттук банктын 2022-жыл үчүн тышкы аудитору катары Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан “Эрнст энд Янг Аудит” жоопкерчилиги чектелген коому бекитилген.

# ТИРКЕМЕЛЕР

Улуттук банктын
2022-жыл үчүн жылдык отчетуна карата
**1-тиркеме**

## 2022-жылы Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ишинде болуп өткөн негизги окуялар



| Күнү | Мазмуну |
|---|---|
| 12-январь | Улуттук банк Башкармасы тарабынан “Ак Банк” ААКты жоюу мөөнөтүн 2022-жылдын 13-мартына чейин узартууга макулдук берилген. |
| 31-январь | Улуттук банк Башкармасы тарабынан Улуттук банктын эсептик ченин 50 базистик пунктка, 8,50 пайызга чейин жогорулатуу жөнүндө чечим кабыл алынган. |
| 15-февраль | “ПэйДала” ЖЧКга төлөм системасынын оператору жана төлөм уюмунун ишин жүзөгө ашыруу укугуна лицензиялар берилген. |
| 18-февраль | Салык-бюджет жана акча-кредит саясаты чараларын макулдашуу боюнча Финансы министрлигинин жана Улуттук банктын Ведомстволор аралык координациялык кеңешинин отуруму болуп өткөн. |
| 24-февраль | Улуттук банк Башкармасы тарабынан төмөнкүлөргө өзгөртүүлөр киргизилген:<br>- “Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык жүзөгө ашырылган операциялар жөнүндө” жобого;<br>- “Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык түзүлүүчү типтүү келишимдерге талаптар жөнүндө” жобого. |
| 24-февраль | Улуттук банк Башкармасы тарабынан “Биринчи МикроФинансылык Компания” ЖАКтын “Кыргыз Инвестициялык Кредит Банкы” ЖАКка кошулуу жолу менен кайра өзгөртүп түзүлүүгө макулдук берилген. |
| 28-февраль | Улуттук банк Башкармасы тарабынан Улуттук банктын негизги ченин 150 базистик пунктка, 10,00 пайызга чейин жогорулатуу чечими кабыл алынган. |
| 3-март | “Грин Лайн ЖСМ” ЖЧК төлөм системасынын операторунун жана төлөм уюмунун ишин жүргүзүү укугуна лицензиялар кайтарып алынган. |
| 9-март | Улуттук банк Башкармасы тарабынан “АзияУниверсалБанк” ААКтын жоюу мөөнөтүн 2023-жылдын 11-апрелине чейин узартууга макулдук берилген. |
| 9-март | Улуттук банк Башкармасы тарабынан банктардын Шарият кеңешинин мүчөлөрүнүн жана атайын милдеттерди аткаруу үчүн чакырылган Улуттук банктын туунду банктарынын башкарма мүчөлөрүнүн иш стажына (иш тажрыйбасына) карата талаптарды, документтерди берүү тартибин караган “Банк ишин лицензиялоо жөнүндө” жобого өзгөртүүлөр кабыл алынган. |
| 9-март | Улуттук банк Башкармасы тарабынан “РСК Банкы” ААКтын электрондук акчаларды чыгарууга уруксат берилген. |
| 10-март | Улуттук банк Башкармасы тарабынан Улуттук банктын негизги ченин 400 базистик пунктка, 14,00 пайызга чейин жогорулатуу чечими кабыл алынган. |

| | |
|---|---|
| 10-март | Банк системасына карата тышкы экономикалык таасирлердин кесепетин чектөө максатында Улуттук банк Башкармасы тарабынан чет өлкө валютасында жаңыдан берилген кредиттер боюнча кредиттик тобокелдиктин деңгээлин жогорулатуу жана банк-резиденттер ортосунда чет өлкө валютасында эсептер боюнча корреспонденттик мамилелерди түптөө боюнча убактылуу чечимдер кабыл алынган. |
| 11-март | Улуттук банк Башкармасы тарабынан төмөнкүлөр боюнча айрым ченемдик укуктук актыларга өзгөртүүлөр кабыл алынган:<br>- Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарына, алмашуу бюролоруна, микрофинансылык жана микрокредиттик компанияларына накталай АКШ долларын алып чыгууга тыюуну белгилөө;<br>- 2022-жылдын 14-мартынан тартып рублдин кыргыз сомуна карата расмий курсун аныктоо тартибине убактылуу өзгөртүүлөр. |
| 17-март | Финансы министрлигинин жана Улуттук банктын салык-бюджет жана акча-кредит саясатынын чараларын макулдашуу боюнча Ведомстволор аралык координациялык кеңешинин отуруму болуп өткөн. |
| 18-март | Улуттук банк Башкармасы тарабынан төмөнкүлөр боюнча айрым ченемдик укуктук актыларга өзгөртүүлөр киргизилген:<br>- 2022-жылдын 18-мартынан тартып коммерциялык банктар жана микрофинансылык компаниялар үчүн ачык валюта позициясынын лимитинин мааниси казак теңгеси үчүн таза суммардык/өздүк капиталынан 1 пайыз өлчөмүндө убактылуу белгилөө;<br>- 2022-жылдын 19-мартынан тартып, казак теңгесин сатып алуу курсун 70 пайыздан ашпаган өлчөмдө салмактанып алынган тобокелдик коэффициентин белгилөө. |
| 23-март | Улуттук банк Башкармасы тарабынан:<br>- “Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарынын ишин жөнгө салуу боюнча кошумча убактылуу чечимдери жөнүндө” токтому кабыл алынган;<br>- Банктык эсептер, банктык аманаттар (депозиттер) боюнча эсептер менен иш алып баруу жөнүндө нускоого жана Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык ачылган банктык эсептер, банктык аманаттар (депозиттер) боюнча эсептер менен иш алып баруу жөнүндө нускоого өзгөртүүлөр киргизилген. |
| 29-март | Улуттук банк Башкармасы тарабынан банктык эсеп келишимине банктык төлөм карталары аркылуу транзакцияларды жүргүзүү учурунда валюталардын конвертациясынын болжолдуу схемалары жөнүндө талаптарды киргизүүнү караган “Кыргыз Республикасындагы төлөм карттар жөнүндө” жобого өзгөртүүлөр бекитилген. |
| 31-март | Улуттук банк Башкармасы тарабынан кредиттерди классификациялоо боюнча айрым талаптарды белгилөө маселелери боюнча убактылуу чечимдер кабыл алынган. |
| 31-март –<br>7-апрель | “Глобалдуу акча жумалыгы – 2022” финансылык сабаттуулук боюнча жыл сайын өтүүчү маалымат берүү-агартуу кампаниясы өткөрүлдү. |
| 4-апрель | Кыргыз Республикасында микрокаржылоо секторун 2022-2025-жылдары өнүктүрүүнүн негизги багыттарын ишке ашыруу боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын иш-чаралар планы бекитилген. |

| | |
|---|---|
| 6-апрель | Улуттук банк Башкармасы тарабынан мезгил-мезгили менен берилүүчү банктык отчётко тиешелүү Улуттук банктын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөр киргизилген. |
| 11-апрель | Улуттук банк Башкармасы тарабынан казак теңгесин сатып алуу курсун белгилөө боюнча талаптар, экспорттоо контракттарынын негизинде Казакстан Республикасынын аймагына товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү экспорттоо менен алектенген жактардан нак эмес казак теңгесин сатып алуу боюнча Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарынын операцияларына казак теңгесин сатып алуу курсун белгилөө боюнча талаптарын 2022-жылдын 12-апрелинен тартып жайылтпоо бөлүгүндө айрым ченемдик актыларга өзгөртүүлөр кабыл алынган. |
| 18-апрель | Улуттук банк Башкармасы тарабынан Кыргыз Республикасындагы акча которуулар системасы боюнча которууларды жүзөгө ашыруу эрежелерине өзгөртүүлөр киргизилген. Ага ылайык, Кыргыз Республикасынын аймагында эл аралык акча которуу системасы аркылуу акча которуулар алуучуга жөнөтүүчү өлкөнүн Кыргыз Республикасынын улуттук валютасынан айырмаланган валютада – сом менен берилет. |
| 18-24-апрель | ЭВФ жана Дүйнөлүк банктын башкаруучуларынын жазгы жыйындарына катышуу. |
| 20-апрель | Улуттук банк Башкармасы тарабынан:<br>- “Кыргыз Республикасында электрондук акча жөнүндө” жобо жаңы редакцияда бекитилген;<br>- “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын активдерди классификациялоо боюнча кошумча убактылуу чечимдери жөнүндө” токтому кабыл алынган. |
| 21-апрель | Мамлекеттер аралык банктар кеңешинин 64-отурумуна катышуу. |
| 25-апрель | Улуттук банк Башкармасы тарабынан Улуттук банктын эсептик ченин 14,00 пайыз деңгээлинде сактоо чечими кабыл алынган. |
| 25-апрель | ЕАЭБдин Статистика боюнча консультациялык комитетинин 20-отурумуна катышкан. |
| 26-апрель | Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2022-жылга экономикалык саясаттын негизги багыттары жөнүндө биргелешкен билдирүүсү жактырылган. |
| 27-апрель | Улуттук банк Башкармасы тарабынан “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айыптык санкциялар боюнча кошумча убактылуу чечимдери жөнүндө” токтому кабыл алынган. |
| 27-апрель | “Покет КГ” ЖЧКга төлөм системасынын оператору жана төлөм уюмунун ишин жүзөгө ашыруу укугуна лицензиялар берилген. |
| 28-апрель | ЕАЭБдин Макроэкономикалык саясаты боюнча консультациялык комитетинин 18-отурумуна катышуу. |

| | |
|---|---|
| 30-апрель | “Банктар аралык процессинг борбору” жабык акционердик коомунун ишинде туруктуулукту, коопсуздукту, ишенимдүүлүктү бекемдөө максатында Акционерлердин жылдык жалпы жыйынынын 2022-жылдын 30-апрелиндеги чечими боюнча “Банктар аралык процессинг борбору” жабык акционердик коомунун 263 520 000 (эки жүз алтымыш үч миллион беш жүз жыйырма миң) сом өлчөмүндөгү бөлүштүрүлбөгөн таза пайдасы “Банктар аралык процессинг борбору” жабык акционердик коомунун уставдык капиталын көбөйтүүгө багытталган. |
| 18-май | Улуттук банк Башкармасы тарабынан “Кыргыз Республикасында синдикатталган кредиттөөнү ишке ашыруу тартиби жөнүндө” жобо бекитилген. |
| 25-май | Улуттук банк Башкармасы тарабынан 2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасын ишке ашыруунун алкагында Санарип сом концепциясы бекитилген. |
| 25-май | Улуттук банк Башкармасы тарабынан “Ысык-Көл” ИБ ААКты жоюу мөөнөтүн 2023-жылдын 26-июлуна чейин узартууга макулдук берилген. |
| 30-май | Улуттук банк Башкармасы тарабынан Улуттук банктын негизги ченин 14,00 пайыз деңгээлинде сактоо чечими кабыл алынган. |
| 2-июнь | Банк Башкармасы тарабынан төмөнкүлөр бекитилди:<br>- Кыргыз Республикасында ачык программалык интерфейстерди колдонуу менен финансылык платформалар (маркетплейс) аркылуу финансылык кызмат көрсөтүүлөрдү пайдалануу мүмкүнчүлүгүн жөнгө салуу жөнүндө” жобо;<br>- Банктын, турак жай-сактык кредиттик компаниясынын, депозиттерди тартуу менен иш алып барган микрофинансылык компаниянын аманатчылар алдындагы милдеттенмелери жөнүндө маалымат базасын жүргүзүү боюнча нускоо;<br>- Эки өлчөмдүү штрихкод белгилерин (QR-код) колдонуу менен төлөмдөрдү өткөрүү эрежелерине 2022-жылдын 30-сентябрына чейин QR-коддорду бирдейлештирүү жана аларды эки өлчөмдүү штрих-код белгилеринин улуттук стандартына ылайык келтирүү боюнча өзгөртүүлөр. |
| 2-июнь | “Санарип Системс” төлөм уюму жана төлөм системасынын оператору” ЖЧКга төлөм системасынын оператору жана төлөм уюмунун ишин жүзөгө ашыруу укугуна лицензиялар берилген. |
| 9-июнь | Улуттук банк Башкармасы тарабынан “Коммерциялык банк КЫРГЫЗСТАН” ААКка ээси көрсөтүлбөгөн (нак эмес формада) башка эмитенттердин аффинаждалган стандарттуу жана өлчөнгөн куймалар түрүндө баалуу металлдар менен операцияларды жүргүзүү укугуна уруксат берилген. |
| 15-июнь | Улуттук банк Башкармасы тарабынан кредиттик союздардын ишин жөнгө салуу маселелери боюнча Улуттук банктын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөр кабыл алынган. |
| 22-23-июнь | Россия Федерациясынын Борбордук банкынын, Беларусь Республикасынын Улуттук банкынын өкүлдөрү ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин борбордук (улуттук) банктарынын персоналын 2022-жылы кесиптик окутуу программасына ылайык, “Кардарлар менен байланышуу каналдары” темасында тажрыйбалык такшалуудан өттү. |
| 22-июнь | “Акча Булак” МКК” ЖЧКга эсептик каттоодон өткөндүгү тууралуу күбөлүк берилген. |

| | |
|---|---|
| 24-июнь | Улуттук банк Башкармасы тарабынан:<br>- “Евразиялык Сактык Банкы” ААКка атайын режимдин мөөнөтү узартылгандыгына байланыштуу “Евразиялык Сактык Банкы” ААКка киргизилген Убактылуу администрация атайын режими токтотулган;<br>- “Евразиялык Сактык Банкы” ААКка Убактылуу администрация атайын режими алты айлык мөөнөткө киргизилген. |
| 28-июнь | “Позитив Фасилитис” МКК” ЖЧКга эсептик каттоодон өткөндүгү тууралуу күбөлүк берилген. |
| 28-30-июнь | Беларусь Республикасынын Улуттук банкынын, Монголия Борбордук банкынын жана Монголия банктарынын ассоциациясынын өкүлдөрү үчүн “Финансылык сабаттуулук” темасына тажрыйбалык такшалуу өткөрүлгөн. |
| 29-30-июнь | Евразия борбордук (улуттук) банктарынын кеңешинин 46-отурумуна катышуу. |
| 3-6-июль | Бреттон-Вуд институттарына кирген өлкөлөрдүн швейцариялык тобунун отурумуна катышуу. |
| 5-7-июль | Россия Федерациясынын Борбордук банкынын, Беларусь Республикасынын Улуттук банкынын жана Тажикстан Республикасынын Улуттук банкынын өкүлдөрү үчүн ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин борбордук (улуттук) банктарынын персоналын 2022-жылы кесиптик окутуу программасына ылайык, “ФОЭСти жайылтуу практикасы. Банктарда ФОЭС (IFRS) 9 “Финансы инструменттери” колдонуу өзгөчөлүктөрү” темасында тегерек стол өткөрүлгөн. |
| 13-14-июль | Видеоконференция форматында ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин финансылык жеткиликтүүлүгүн жана финансылык кызмат көрсөтүүлөрдү керектөөчүлөрдүн укугун коргоо боюнча Консультациялык кеңештин 10-отурумуна катышуу. |
| 15-июль | Улуттук банк Башкармасы тарабынан:<br>- РК “АМАНБАНК” ААКка киргизилген тике банктык көзөмөл атайын режими жокко чыгарылган;<br>- РК “АМАНБАНК” ААКка алты айлык мөөнөткө Убактылуу администрация атайын режими киргизилген. |
| 20-июль | “KOLO Financial Services LTD” эл аралык электрондук акча системасы/“KOLO” эл аралык электрондук акча эмитенти катары катталган. |
| 22-июль | Улуттук банк Башкармасы тарабынан коммерциялык банктардын алмашуу бюролору менен операцияларды жүргүзүү маселелери боюнча убактылуу чечимдер кабыл алынган. |
| 22-июль | Салык-бюджет жана акча-кредит саясаты чараларын макулдашуу боюнча Финансы министрлигинин жана Улуттук банктын Ведомстволор аралык координациялык кеңешинин отуруму болуп өткөн. |
| 25-июль | Улуттук банк Башкармасы тарабынан Улуттук банктын эсептик ченин 14,00 пайыз деңгээлинде сактоо чечими кабыл алынган. |
| 25-июль | “ИслаМиКо Финанс” микрокредиттик компаниясы” ЖЧКга ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык иш жүргүзүүгө эсептик каттоодон өткөрүү жөнүндө күбөлүк берилген. |

| | |
|---|---|
| 27-июль | Улуттук банк Башкармасы тарабынан төмөнкүлөргө өзгөртүүлөр киргизилген:<br>- инновациялык кызмат көрсөтүүлөрдү/технологияларды банк жана төлөм системалары рыногуна жайылтуу процессинде учурдагы жана жаңы катышуучулар менен түзүлгөн тоскоолдуктарды азайтууга багытталган атайын жөнгө салуу режимине катышуу үчүн шарттарды жана критерийлерди такташтыруу маселелери боюнча “Атайын жөнгө салуу режими жөнүндө” жобого;<br>- “Кыргыз Республикасында акча которуулар системасы боюнча которууларды жүзөгө ашыруу эрежелери, ага ылайык акча которууларынын конвертациясы “Кыргыз Республикасында нак чет өлкө валютасы менен алмашуу операцияларын жүргүзүү тартиби жөнүндө” жобого ылайык чет өлкө валюталарын сатып алуу жана сатуу (накталай валютаны алмашуу сыяктуу эле) курстарынын маалымат тактасында көрсөтүлгөн курс боюнча гана Кыргыз Республикасынын банктары тарабынан жүргүзүлөт. |
| 10-август | Улуттук банк Башкармасы тарабынан “РСК Банк” ААКка улуттук жана/же чет өлкө валютасында “ислам терезеси” аркылуу ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык банк операцияларын жүргүзүү укугуна лицензия берилген. |
| 11-август | Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын, банктардын, банк эмес финансы-кредит уюмдарынын жана Улуттук банктын көзөмөлүнө алынган башка юридикалык жактардын ишин жөнгө салган мыйзам актыларын Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык келтирүү зарылчылыгына байланыштуу, Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” конституциялык Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын “Банктар жана банк иштери жөнүндө” мыйзамына кол коюлган. Мыйзамдар 2022-жылдын 17-августунда күчүнө кирген. |
| 16-август | “Региональные платежные системы” ЖЧК атайын жөнгө салуу режиминин алкагында электрондук акчаларды (эмиссияларды) чыгаруу, улуттук төлөм системаларынын жана эл аралык төлөм системаларынын карталарынын эквайрингин жүзөгө ашыруу укугуна банктык операциялардын чектүү тизмегин тесттен өткөрүү мөөнөтү 2023-жылдын 28-февралына чейин узартылган. |
| 17-август | Улуттук банк Башкармасы тарабынан төмөнкүлөр бекитилген:<br>- Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын көзөмөлдүгүнө алынган башка юридикалык жактардын ишине инспектордук текшерүү жүргүзүү жөнүндө нускоо;<br>- Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын уруксат берүү документтерин банк эмес финансы-кредит уюмдарына берүү боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөр. |
| 17-18-август | ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин борбордук (улуттук) банктарынын персоналын 2022-жылы кесиптик окутуу программасына ылайык, Армян Республикасынын Борбордук банкынын жана Казакстан Республикасынын Улуттук банкынын кызматкерлери үчүн “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын протокол кызматы” темасында тажрыйбалык такшалуу өткөрүлгөн. |
| 22-август | ЕАЭБдин Статистика боюнча консультациялык комитетинин 21-отурумуна катышуу. |

| | |
|---|---|
| 24-август | Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы тарабынан 2022-жылдын 31-декабрына чейинки мөөнөттө QR-код колдонуу менен төлөмдөрдү жүзөгө ашыруу боюнча банктык продуктту/кызмат көрсөтүүлөрдү кардарларга милдеттүү сунуштоо боюнча Эки өлчөмдүү штрихкод белгилерин (QR-код) колдонуу менен төлөмдөрдү жана которууларды өткөрүү эрежелерине өзгөртүүлөр бекитилген. |
| 29-август | Улуттук банк Башкармасы тарабынан Улуттук банктын негизги ченин 14,00 пайыз деңгээлинде сактоо чечими кабыл алынган. |
| 29-август | Улуттук банк Башкармасы тарабынан Кыргыз Республикасында акча которуулар системасы боюнча которууларды жүзөгө ашыруу эрежелерине тобокелдикке багытталган ыкманы колдонуу менен акча которуу жөнөтүүчүнү талаптагыдай текшерүүнүн күчөтүлгөн же жөнөкөйлөтүлгөн чараларын колдонууну белгилеген өзгөртүүлөр киргизилген. |
| 29-август | Улуттук банк Башкармасы тарабынан “Манас Банк” ЖАКтын жоюу мөөнөтүн 2023-жылдын 1-мартына чейин узартууга макулдук берилген. |
| 5-сентябрь | Улуттук банк Башкармасы тарабынан 2022-жылдын 1-декабрына чейин чет өлкө валютасы менен алмашуу операцияларын жүргүзүү чөйрөсүндө убактылуу чечимдери тууралуу токтомунун күчү убактылуу токтотулган. |
| 5-сентябрь | “ДОСТУКЧА” МКК” ЖЧКга эсептик каттоодон өткөндүгү тууралуу күбөлүк берилген. |
| 6-8-сентябрь | Россия Федерациясынын Борбордук банкынын, Беларусь Республикасынын Улуттук банкынын, Армян Республикасынын Борбордук банкынын жана Мамлекеттер аралык банктын өкүлдөрүнө ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин борбордук (улуттук) банктарынын персоналын 2022-жылы кесиптик окутуу программасына ылайык, “Банктарда, банк холдингинде жана (же) банктык топто корпоративдик башкаруу” темасында семинар өткөрүлгөн. |
